443
444

Аң-сезим

# Ал-Ваъй

الوعي

Кеңири көлөмдүү фикирий-сакафий журнал

Отуз сегизинчи жыл чыгышы, зулхижжа-мухаррам 1444-х. – июль-август 2023-м.

*Ал-Ваъй сөзү:*

## Нусрат, байъат жана хижрат – Ислам короосуна алып бара турган жолду жарыткан хидаят нуру

## Пакистан куралдуу күчтөрүн каржылоону кыскартуу – Индиянын таасирдүү регионалдык күч катары бекемделишине мүмкүнчүлүк берүү

Хизб-ут-Тахрир... Рошид Халифалыкты тикелөөгө чакырган жалгыз даъват 7

Фитраттын бузулушунун адам үчүн бул дүйнө жана ахыреттеги коркунучу (2) 18

Батыштын катуу чабуулу Ислам умматынын Халифалык мамлекетин тикелөөсүн таптакыр токтото албайт 44

**Ар бир камарий айдын биринчи күнү Ливан университетинин мусулман жаштары тобу тарабынан Ливан маалымат министрлигинин 1989-жылы 15-ноябрда берген №166 уруксаты менен чыгарылат**

www.al-waie.org subjects@al-waie.org

443
444

**Отуз сегизинчи жыл чыгышы,**
**зулхижжа-мухаррам 1444х**
**июль-август 2023м**

# Ушул санда

– ***Ал-ваъй сөзү:*** Нусрат, байъат жана хижрат – Ислам короосуна алып бара турган жолду жарыткан хидаят нуру ........ 3

– Хизб-ут-Тахрир... Рошид Халифалыкты тикелөөгө чакырган жалгыз даъват ........ 7

– Фитраттын бузулушунун адам үчүн бул дүйнө жана ахыреттеги коркунучу (2) ........ 18

– «Жаңы атеизм»... Ижтимаий феноменби же жашыруун планбы? ........ 29

– Батыш хазарий долбоорунун ийгиликсиздиги ........ 39

– Батыштын катуу чабуулу Ислам умматынын Халифалык мамлекетин тикелөөсүн таптакыр токтото албайт ........ 44

– Пакистан куралдуу күчтөрүн каржылоону кыскартуу – Индиянын таасирдүү регионалдык күч катары бекемделишине мүмкүнчүлүк берүү ........ 49

– Мусулман үй-бүлө жана «желмогуздар балкасы» ........ 58

– Мафкуравий күрөш, Исламга чабуул кылуу жана Халифалыкты тикелөө аракетине сокку берүү жаатындагы колонизатор Батыштын ыкмалары ........ 65

– ***«Эстегин, Роббиң периштелерге: “Мен Жер үстүнө*** *(адамды)* ***халифа*** *(орун басар)* ***кылып жаратамын” дегенде, алар айтышты: “Ал жерде бузукулук жасай турган жана кан төгө турган затты*** *(халифа)* ***кыласыңбы? Биз болсо алкоомактоо айтуу менен Сени улуулайбыз жана Сенин атыңды ар дайым аруу-пакиза тутабыз” дешти.*** *(Аллах)* ***айтты: “Акыйкатта, Мен силер билбеген нерселерди билемин”»*** ........ 72

– «Менден кийин бир-бириңерди өлтүрүп, кафир болуп кетпегиле» ........ 78

– ***Аалам мусулмандарынын кабарлары*** ........ 85

– ***Куръани Карим сабагында*** ........ 96

– ***Бейиш бактары:*** Ислам шариятында кайрымусулмандардын канын төгүүнүн харамдыгы ........ 100

– ***Соңку сөз:*** Афганистанда эки жылдык өкүмдарлыктан кийин Талибан кыймылы... Тажрыйба ийгиликтүү өттүбү? ........ 103

– (Израиль) Американын кулашынан кийинки күндү эсепке алып, Кытайга эшикти ачууга чакырууда ........ 104

## НУСКА БААСЫ

| |
|---|
| Ливан 1000 лира |
| Яман 30 риял |
| Түркия 1 доллар |
| Пакистан 1 доллар |
| Австралия 2,5 доллар |
| Америка 2,5 доллар |
| Канада 2,5 доллар |
| Германия 2,5 евро |
| Швеция 15 крон |
| Бельгия 1 евро |
| Британия 1 евро |
| Швейцария 2 франк |
| Австрия 1 евро |
| Дания 15 крон |

بسم الله الرحمن الرحيم

# НУСРАТ, БАЙЪАТ ЖАНА ХИЖРАТ – ИСЛАМ КОРООСУНА АЛЫП БАРА ТУРГАН ЖОЛДУ ЖАРЫТКАН ХИДАЯТ НУРУ

Хижрат Меккедеги даъват баскычынын жыйынтыктоочу натыйжасы болду. Расулуллах ﷺдын Меккедеги бардык иш-аракеттери хижратка жетүүгө жана Мадинада алгачкы Ислам мамлекетин тикелөө аркылуу куфр короосунан Ислам короосуна көчүрүүгө каратылган. Ошондуктан, хижрат маанилүү көчүү болду. Хижраттан кийинки иштер хижраттан мурдагысынан башкача түс алган. Хижраттан мурун даъватты бир уюм алып барган. Бул уюмду Расулуллах ﷺ башкарган. Ал зат менен бирге ыйман жолунда кадамдары бекем болгон жана мунун натыйжасында түрдүү кыйынчылыктарды башынан өткөргөн алсыз сахабалар жамааты гана болгон. Ал эми, хижраттан кийин даъватты Расулуллах ﷺ башчылыгындагы мамлекет жүргүзгөн. Ушул мамлекет жардамында Расулуллах ﷺ Ислам менен өкүм жүргүзүү, Исламды колдонуу сыяктуу Исламдын улуу максаттарын ишке ашырган. Адамдарды даъват жана жихад жолу менен Исламды жаюуга үндөөгө ушул мамлекет аркылуу жетишкен. Ошондуктан, хижрат Расулуллах ﷺ ишке ашырган эң маанилүү аракеттердин бири болгон. Ыктымал, мунун кадырын эң биринчилерден болуп экинчи рошид халифа Умар ибн Хаттаб رضي الله عنه түшүнгөн болсо ажеп эмес. Себеби, ал киши мусулмандардын жыл санагын ушул хижрат окуясынан баштаган. Мунун түбүндө өтө чоң маани жатат.

Бүгүнкү күндө хижраттын маанисин түшүнүүнү каалаган ар бир мусулман Исламды тикелөөнүн эмне экенин түшүнүшү зарыл. Ислам хижраттан мурда мамлекет жана башкаруу түзүмү катары көөдөлөнбөгөн. Ал убакта Ислам бардык тармактарда Ислам өкүмдөрүн колдонууга, Аллахтын жолунда жихад кылууга о.э. адамдарды Исламга кирүүгө даъват кылууга негизделген турмуш түзүмү катары калыптанбаган. Акыйкат менен батыл, Ислам менен куфр ортосундагы күрөшкө негизделген эл аралык күрөштү орнотууга али этибар бере элек эле... Ошондуктан, хижрат чоң мааниге ээ. Эгер, биз анын акысын өтөөнү кааласак, анын акысы өтө чоң.

Ким Ислам рисалатынын вакиъсин түшүнө алса, Аллах Таала жалпы адамдык жана эң акыркы кылып койгон Ислам рисалатынын маңызын түшүнүп жетсе, мусулмандардын жашоосунда Ислам мамлекетинин

болушу Исламдын маанилүү бир бөлүгү экендигин шексиз түшүнөт. Бул албетте динибизден белгилүү. Халифа – Аллах Таала Исламды колдонууну жана жайылтууну тапшырган орган. Исламды туура түшүнгөн ар бир киши хижрат сөзсүз Ислам мамлекетин тикелөөнү туюндурарын түшүнүп жетет... Варака ибн Навфал ушул акыйкатты түшүнүп жеткен. Ал Расулуллах ﷺ Хира үңкүрүндө болуп өткөн окуяны айтып бергенден кийин мындай деген: «Сага Мусага келген эң чоң Намыс келиптир. Ант болсун, албетте коомуң сени жалганчыга чыгарат, сен алардан көп азап көрөсүң. Журтуңдан кууп чыгарыласың жана алар менен согушууга чейин барасың. Эгер, мага ошол күндөр насиб кылса, мен сага Аллахтын жолунда болуп көрбөгөндөй жардам берет элем». Ошондо Расулуллах ﷺ: **«Алар мени журтумдан кууп чыгышабы?»,** - деди. Варака: **«Ооба, сен алып келген нерсени айткан киши албетте кол салууга туш болгон»,** - деди.

Меккедеги даъватка кафирлердин каршылык билдирүүлөрү анын жайылышын алдын алуу жана аны бешигинде эле жок кылууга багытталган. Себеби, алар даъваттын бут-санамдарды талкалоо, аларга ибадат кылууга чекит коюу о.э. ошол сыйынууга негизделген жашоо таризи жана ижтимаий алакаларды талкалоо максатына жеткирбөөнү көздөшкөн. Чөлдө жашаган бир бадавий араб Расулуллах ﷺдын сөздөрүн уккандан кийин: «Бул падышалар жактырбаган нерсе», - деген. Ыктымал анын бул сөздөрү Меккедеги даъватты сүрөттөөдө эң туура жана эң муъжаз түшүндүрүү сүрөттөө болсо ажеп эмес. Куфр башчылары ошол доордо ушул нерседен эң көп коркушкан деп айтууга болот. Ошондуктан, алар нусрат жана байъаттан кабар табар замат аны токтотууга урунуп, Расулуллах ﷺ жана анын даъватын бүтүндөй жок кылууга шашылышты. Алар Расулуллах ﷺды өлтүрүүгө жана бул кылмышты бардык урууларга бөлүүгө келишишти. Ошондо Аллах Таала алар Расулуллах ﷺды жаман түрдө өлтүрүүнү каалашканы үчүн ушул улуу окуяны т.а. Ислам мамлекетинин тикеленишин каалады. Ушул жайдан хижрат мамлекеттин тикеленишине жол ачты. Хижрат, албетте, нусраттан кийин болгон.

Хижрат, албетте, байъаттан кийин болгон! Бул жерде суроо туулат: эмне үчүн уруулар Пайгамбарыбыз ﷺды өлтүрүүгө катышууга ыраазы болушту, акыйкатта болсо, ал алардын элинен эмес беле?... Кеп мындай, уруулардын буга ыраазы болушунун себеби: алар Мекке жетекчилери сыяктуу бул даъват бутпарасттык жана ширктин Меккедеги жана анын сыртындагы бардык көрүнүштөрүнө чекит коё турган тавхид даъваты экенин өтө жакшы түшүнүшкөн. О.э. алар бул даъват шериктикке ыраазы болбошун жана бир гана тавхидге

негизделгенин түшүнүшкөн. Эй, мусулмандар, жахилияттагы куфр жетекчилери хижрат эмне экендигин бүгүнкү мусулман уламаларына караганда жакшы түшүнүшкөн. Мындан да таң калычтуусу, бүгүн да Батыш жана мусулмандардын зыянкеч акимдери хижрат эмне экендигин мусулмандарга караганда жакшыраак түшүнүшөт.

Албетте, биз бири-бирибизге суроо беребиз: эмнеге мусулман уламалары хижраттын маанисин түшүндүргөн акыйкаттардан кабарсыз калышууда? Эмнеге бул эскерүү аларды хижратты жандандырууга үндөбөй жатат?... Түпкүлүгүндө, мындай суроолорду ошол уламаларга берүү зарыл. Себеби, хижраттын акыйкатын түшүнүп жетүү оболу ошол уламалардын мойнунда. Бул, биринчиден. Экинчиден болсо, алар мусулмандарга хижрат эмне экенин түшүндүрүп бериши, аны биргеликте жүзөгө чыгарууга үндөшү керек. Бирок, алардан мындай иш болбоду. Болушу да күтүлбөйт. Анткени, алар динди толук үйрөтпөгөн шаръий институттарды бүтүрүшкөн... Эй, уламалар!... Нусраттын мааниси мына ушундай. Силер болсо, мусулмандарга хижраттын чыныгы маанисин түшүндүрбөй, аны текке кетирип жатасыңар, хижратты убал кылып жатасыңар. Силер бул жөнүндө албетте суралаасыңар! Себеби, хижраттын бир мааниси бар, ал да болсо, ушул маани...

Ушул маанидеги хижратты бул хижратка аракет кылуу аркылуу тирилтүү зарыл. Хижратты тирилтүүгө болгон бул аракет рошид Халифалыкты тикелөөгө аракет кылуу менен болот. Рошид Халифалыкты тикелөөгө каратылган аракет болсо, жамааттык болушу шаръий түрдө талап кылынат. Себеби, Рошид Халифалыкты тикелөө ушундай бир маанилүү фарзи кифая болуп, башка фарздар ушул фарз менен аткарылат... Бул ушул фарзды аткарууга аракет кылып жаткан жамааттарды издөөнү талап кылат. Бирок, өкүнүчтүүсү, өзгөртүүгө жана Халифалыкты тиккелөөгө аракет кылып жаткан Хизб-ут-Тахрирден башка эч кандай жамаат жок?... Халифалыкты тикелөө аркылуу Аллахтын өкүмүн орнотууга даъват жана аракет кылып жаткандар бардык жайларда азапталышууда жана коркунучка туш болушууда. О.э. кафир Батыш жана ага малай мусулман акимдери бул даъватка каршы эң катуу күрөшүүдө. Ошондуктан, кыйынчылык жана коркунучтарды Исламды туура түшүнгөн о.э. ыйманы жана кайраты күчтүү болгон адамдар жамааты гана көтөрө алат. Бул жамаат ар түрдүү фикирий келишпестиктер себептүү алсырабашы үчүн бир ишенимдүү жетекчинин кол астында болушу эң туура жана ишеничтүү жол. Демек, кийинки темада Аллах Таала рошид Халифалык тикелөө фарзын аткаруу бакытына жетиштирген ушул жамаат жөнүндө сөз кылабыз... Бизди ушул жамаатка, аны коргоого жана колдоп-

кубаттоого хидаяттаганы үчүн Аллах Таалага чексиз мактоолорду айтабыз. Биз Аллахтан туура жолго хидаятташын жана жардам беришин сурайбыз. Анткени, Ал бардык нерсеге кудуреттүү жана Өз ишинде үстөм. ❑

## ХИЗБ-УТ-ТАХРИР... РОШИД ХАЛИФАЛЫКТЫ ТИКЕЛӨӨГӨ ЧАКЫРГАН ЖАЛГЫЗ ДАЪВАТ

Хизб-ут-Тахрир Аллах Тааланын:

﴿وَلۡتَكُن مِّنكُمۡ أُمَّةٞ يَدۡعُونَ إِلَى ٱلۡخَيۡرِ﴾

***«Араңарда жакшылыкка чакырган бир жама,ат болсун»*** [3:104] деген аяты негизинде түзүлдү. Хизб-ут-Тахрир мусулмандардын жашоосунда Исламды орноштуруу үчүн түзүлдү. Ислам негизги фарздардын бири катары рошид Халифалыкты тикелөөгө аракет кылуу менен гана орнойт. Демек, Халифалыкты тикелөөгө аракет кылуу – фарз. Бул фарзды жамаат же хизб аткарат. Рошид Халифалыкты тикелөө үчүн сөзсүз Расулуллах ﷺдын тарыйкатын ээрчүү о.э. ал шаръий өкүмдөр катары аткарган амалдарды аткаруу шарт. Мына ушул шаръий өкүмдөр Халифалыкты тикелөө фарзын ишке ашырат. Мисалы, уюм түзүү жана борборлошкон сакафат берүү ушулардын катарынан. Расулуллах ﷺ ага ыйман келтирген сахабаларды калыптандырууда, аларды түптөөдө ушул жолду карманган. Расулуллах ﷺдын тарыйкатынын дагы бири – бул жамаий сакафат. Расулуллах ﷺ жамаий сакафат жолунда, Аллах ага түшүргөн нерселерди жеткирүү үчүн кафирлердин межлис жана жыйындарына барган. Даъват жайыла баштаган коомдо фикирий жана саясий күрөш алып баруу да Расулуллахтын Исламды тикелөө жолунда басып өткөн тарыйкатынан эсептелет.

Бүгүнкү күндө өзүн коомду өзгөртүүгө аракет кылып жатканын айтып жаткан жамааттардын өтө көптүгүнө карабастан, бири да ушул улуу фарзды кабыл алууга жана аны жүзөгө чыгаруучу жамаат экенин жарыя кылууга батына албады. Мунун себеби анык: ушул амалды аткарып жаткандар кафир Батыш мамлекеттери тарабынан катуу куугунтукталууда. Мусулман өлкөлөрүнө өкүмдарлык кылып жаткан Батыш мамлекеттери ушул куугунтукту «терроризмге каршы күрөш» чүмбөтү астында мусулмандарга каршы күрөштө болгон күчүн аябай жаткан малай мусулман өкүмдарлары жардамында ишке ашырып жатат... Бул улуу фарзды жалгыз Хизб-ут-Тахрир гана алгачкы түзүлгөн күндөн баштап аткарууга киришти. Ал даъватта чынчылдыгы менен үлгү болду. Расулуллах ﷺдын амалынан үлгү алууда Аллахтын сиротул мустакимине ээрчиди.. Хизб Аллах аны замандык акырында чыга турган жана нусратка татыктуу жакшылык тобу кылышын үмүт кылат. Аллах тарабынан убада кылынган жана залим падышалыктан кийин болушу Расулу ﷺ тарабынан башарат кылынган ушул мансур топ аркылуу Аллах Таала рошид Халифалыкты тикелейт. Хузайфа ибн Яман риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтат:

«تَكُونُ النُّبُوَّةُ فِيكُمْ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ خِلاَفَةٌ عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ اللهُ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ مُلْكًا عَاضًّا، فَيَكُونُ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ يَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ مُلْكًا جَبْرِيَّةً، فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ خِلاَفَةً عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ. ثُمَّ سَكَتَ».

**«Силердин араңарда Аллах каалаганча пайгамбарлык уланат. Кийин Аллах каалаганда аны көтөрөт. Кийин пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот жана ал Аллах каалаганча турат. Кийин Аллах Өзү каалаганда аны көтөрөт. Кийин зулум жана адилетсиздиктер жете турган падышалык болот жана ал Аллах каалаганча турат. Кийин Аллах Өзү каалаганда аны көтөрөт. Кийин жабыр көрсөтүүчү залим падышалык болот жана ал Аллах каалаганча турат. Кийин Аллах Өзү каалаганда аны көтөрөт. Кийин пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот».** Андан соң Пайгамбар ﷺ сүкүт кылды». (Имам Ахмад муснады). Ко-ош, ушул улуу фарзга даъват кылууда жетимиш жылдан бери Ислам Умматы арасында бир өзү аракет кылып жаткан Хизб-ут-Тахрир кандай хизб?

● Хизб-ут-Тахрир өзүн мындай таанытат: «Ал – мабдасы Ислам болгон саясий хизб, анын аракети – саясат, мабдасы Ислам болуп, Уммат арасында жана Уммат менен биргеликте аракет кылат. Умматтан Исламды негизги маселе кылып алышын каалайт о.э. Халифалыкты кайра тикелөө жана Аллах түшүргөн өкүмдөрдү турмушка кайтаруу ишинде Умматка жетекчилик кылууга аракет кылат...». Ооба, Хизб-ут-Тахрир саясий уюм, рухий, же илимий, же болбосо таълимий, же кайрымдуулук уюму эмес. Исламий идеология – Хизбдин рухунун жана тирүүлүгүнүн сыры. Хизбге негиз болгон, Хизб мүчөлөрүндө көөдөлөнгөн жана Умматты аны менен эритүү жана Уммат аны өзүнүн маселеси кылып алышы үчүн аракет кылып жаткан бул мафкура – бул Ислам мафкурасы т.а. Ислам акыйдасы жана андан келип чыккан нерселер о.э. анын үстүнө курулган фикирлер. Хизб бул фикирлерден коомдо Исламды жүзөгө келтирүү т.а. Исламды башкаруу, алакалар жана башка иштерде көөдөлөнтүү үчүн аракет кылууда жетиштүү өлчөмдө кабыл кылды. Ал кабыл алган бардык фикирлерди өзүнүн басып чыккан китеп жана баракчаларында кеңири ачыктап берди, ар бир хукм, ар бир фикир жана ар бир түшүнүк үчүн кеңири далилдерди баян кылды.

● Даъватты жеткирүүдө алып барыла турган тарыйкатка келсек, ал шаръий өкүмдөр болуп, Хизб аларды Расулуллах ﷺдын даъватты жеткирүүдөгү тарыйкатынан алды. Себеби, алар – ээрчиши фарз болгон өкүмдөр. Аллах Таала айтат:

﴿لَّقَدْ كَانَ لَكُمْ فِي رَسُولِ ٱللَّهِ أُسْوَةٌ حَسَنَةٌ لِّمَن كَانَ يَرْجُواْ ٱللَّهَ وَٱلْيَوْمَ ٱلْآخِرَ وَذَكَرَ ٱللَّهَ كَثِيرًا﴾

***«Силер үчүн — Аллах жана Акырет күнүнөн үмүткөр болгон о.э. Аллахты көп жат алган кишилер үчүн Аллахтын Пайгамбарында чырайлуу үлгү бар»*** [33:21]

﴿قُلْ إِن كُنتُمْ تُحِبُّونَ ٱللَّهَ فَٱتَّبِعُونِي يُحْبِبْكُمُ ٱللَّهُ وَيَغْفِرْ لَكُمْ ذُنُوبَكُمْ وَٱللَّهُ غَفُورٌ رَّحِيمٌ﴾

***«****(Эй Мухаммад):* ***«Эгер, Аллахты жакшы көрсөңөр, мени ээрчигиле. Ошондо Аллах силерди жакшы көрөт жана күнөөңөрдү магфират кылат. Аллах*** *(күнөөлөрдү)* ***магфират кылуучу, мээримдүү», дегин»*** [3:31]

﴿وَمَآ ءَاتَىٰكُمُ ٱلرَّسُولُ فَخُذُوهُ وَمَا نَهَىٰكُمْ عَنْهُ فَٱنتَهُواْ﴾

***«Расулуллах силерге тартуу кылган нерсени алгыла, ал силерди кайтарган нерседен кайткыла»*** [59:7]

Булардан башка Расулуллах ﷺдан үлгү алууга буюрган дагы көптөгөн аяттар бар. Ушуга ылайык, Хизб өз аракет жолун үч баскычка бөлүп белгиледи:

**Биринчи:** хизбий уюм түзүү максатында Хизбдин фикратына жана анын тарыйкатына ыйман келтирген адамдарды жүзөгө келтирүү үчүн сакафаттандыруу-таалим баскычы.

**Экинчи:** Уммат менен бирге иштөө (тафаул) баскычы. Бул баскычта Исламды турмуш вакиълигинде жүзөгө келтирүү үчүн аны негизги маселе кылып алууга Умматты үндөө;

**Үчүнчү:** бийликти колго алуу баскычы. Бул баскычта Хизб бийликти алып, Исламды толук бардык жагынан колдонот жана аны дүйнөгө рисалат катары жеткирет.

Хизб биринчи баскычты улуу аалым, муфаккир, таланттуу саясатчы жана Куддустагы «Истеънаф махкамасынын» (Апелляциялык соттун) казысы шейх Такийюддин Набаханий рахимахуллах тарабынан 1372-хижрий, 1953-миладий жылда баштады. Бул баскычта Хизб Уммат шахстары менен байланышты, алар менен жекече жолугушуп, өз мафкура жана тарыйкатын көрсөттү. Арасынан кабыл алган кишини Хизбдин халкаларындагы борборлошкон дарска кошту. Аны Ислам менен таанышуусу,

исламий аклия жана исламий нафсия менен сугарылып Исламий шахсияга айланышы, андан кийин даъватты адамдарга жеткирүүгө киришиши үчүн Хизб табанний кылган Ислам фикирлери жана өкүмдөрү менен бышырды. Шахс ушундай даражага жетсе жана өзүн Хизбге багыштаса, аны Хизб мүчөлүгүнө кабыл алды. Бул кудум Расулуллах ﷺ даъваттын башталышында кылганы сыяктуу. Үч жылга созулган ошол баскычта пайгамбарыбыз адамдар менен жеке жолугушуп, аларга Аллах жиберген ишти көрсөткөн. Алардан ким ыйман келтирсе, аны ушул дин негизинде жашыруун уюмга кошкон жана ага Ислам билимин берүүдө, Куръандан түшкөн жана болуп жаткан аяттарды окутууда, ушул аркылуу Ислам менен бышырууда катуу аракет кылды. Алар менен ашкере кылынбаган жайларда жашыруун жолугушуп, жашыруун билим берген, ибадаттарын да жашыруун аткарган. Кийин Меккеде Исламдын аты чыкты жана адамдар ал жөнүндө сүйлөй турган, бир-бирден ага кире турган болушту.

**Ушул сакафат-таълим баскычында** Хизб бардык этибарын өзүнүн денесин түптөөгө, көлөмүн чоңойтууга жана халкаларында адамдарга бир чекитке багытталган хизбий сакафат берүүгө каратты. Ошентип, Ислам менен бышып жеткен, Хизб фикирлерин кабыл алган жана бул фикирлер менен болуп, аны адамдарга жеткирген жигиттерден хизбий уюм түзүлдү. Хизб ушул хизбий уюмду түзүүгө о.э. коомго Хизбди сездирип, таанытып, анын фикирлери жана даъват кылып жаткан нерселер менен билдиргенден кийин Хизб экинчи баскычка өттү. Бул тафаул баскычы т.а. Уммат менен сүйлөшүү баскычында Хизб Умматка Исламды жеткирди, Хизб табанний кылган Ислам фикирлери жана өкүмдөрүнө карата ваъйи амма жана раъйи амма пайда кылды, муну менен бул фикирлерди Уммат өзүнүн фикирлерине айлантып, аларды турмуш вакиъсинде жүзөгө келтирүүгө аракет кылышы жана Халифалык мамлекетин тикелөө, халифа шайлоо, ушул аркылуу исламий жашоону кайрадан баштоо жана Исламды бүткүл дүйнөгө жеткирүүдө Хизб менен аракет кылышы керек. Ушул баскычта Хизб калкка массалык кайрылуу жасоого өттү. Бул баскычта ушул иштерди жасады:

1 – **Халкаларда адамдарга борборлошкон таалим берүү.** Ушул аркылуу Хизб өзүн чоңойтот жана көлөмүн кеңейтет о.э. даъватты жеткирүүгө, фикирий жана саясий күрөшкө кудуреттүү исламий шахсияларды өстүрүп чыгарат.

2 – **Элге массалык сакафат берүү.** Хизб мында өзү табанний кылган Ислам фикирлерин жана өкүмдөрүн мечиттердеги дарстарда, форумдарда, лекцияларда, коомдук чогулуштарда, массалык маалыматта, китептерде жана баракчаларда жаят, ушул аркылуу Умматта коомдук фикир жаратат жана өз таасирин өткөрөт.

3 – **Фикирий күрөш.** Хизб ушул аркылуу куфр акыйдаларына, түзүмдөрүнө, фикирлерине, бузгунчу ишенимдерге, ката фикирлерге, адашкан түшүнүктөргө каршы күрөшүп, Умматты алардан жана алардын акыбеттеринен куткаруу үчүн алардын баары жалган экенин, каталыгын жана Исламга тескери экенин ачыктап берет.

4 – **Саясий күрөш.** Алар:

а) Мусулман өлкөлөрүндө таасири болгон колонизатор кафир мамлекеттерге о.э. саясий, экономикалык жана аскерий бардык көрүнүштөгү колонизатордукка каршы күрөшүү, анын ар кандай таасиринен Умматты азат кылуу үчүн анын план жана тил бириктирүүлөрүн ачып таштоо.

б) Араб жана исламий өлкөлөрдөгү өкүмдарларга каршы күрөшүү, алардын былыктарын ачыктап, аларды эсеп-китеп кылуу, алар Умматтын акы-укуктарын жешкенде, же Уммат алдындагы өз милдеттерин аткарууда кайдыгерлик кылышканда, же болбосо Уммат иштерине этибар каратышпаганда, же Ислам өкүмдөрүнө тескери иш жүргүзүшкөндө аларды өзгөртүү, башкаруусун кулатып, ордуна Ислам башкаруусун тикелөө.

5 – **Уммат кызыкчылыктарын кабыл алуу жана иштерин шарият өкүмдөрүнө ылайык башкаруу.**

Хизб булардын бардыгын Расулуллах ﷺды ээрчип кылды. Ал зат Аллах Тааланын:

﴿فَٱصۡدَعۡ بِمَا تُؤۡمَرُ وَأَعۡرِضۡ عَنِ ٱلۡمُشۡرِكِينَ﴾

***«Демек, сен өзүңө буйрулган ишти аткар жана мушриктерден жүз үйүр!»*** [15:94]

деген аят түшкөндөн кийин өз ишин жүзөгө чыгарды жана Курайшты Сафага чакырып, аларга ал Аллах тарабынан жиберилген Пайгамбар экендигин кабар берди жана алардан ыйман келтирүүнү талап кылды о.э. даъватты жамааттар менен бирге адамдарга да жеткирди. Курайшка, алардын кудайларына, акыйда жана фикирлерине каршы туруп, алар бузгунчу, жалган, ката экенин ачык айтып, баарын айыптады, баарына чабуул

кылды, муну менен бирге, акыйдаларына жана фикирлерине да чабуул кылды. Аяттар Курайштын ар бир кылмыштарына каршы бир-бирден түшүп, сүткордук, кыз наристелерди тирүүлөй көмүү, таразадан уруп калуу жана зыяна кылууларына чабуул кылып турду... О.э. аяттар Курайштын башчы жана кожоюндарына чабуул кылды. Алардын өздөрүн да, ата-бабаларын да, куру кыялдарын да шерменде кылды. Алардын Расулуллах ﷺга, даъватка жана сахабаларга каршы саткындыктарын ачыктады.

Хизб-ут-Тахрир өз фикирлерин жеткирүүдө, башка фикирлер жана саясий уюмдарга каршы туруудa, колонизатор кафир мамлекеттерге каршы күрөшүүдө, өкүмдарларды тергеп-тескөөдө ачык, күрөшүүчү болду, натыйжа жана абалдарга карабастан, келишпеди, жагынбады, жасакерленбеди, жанын таттуу деп билбеди... Ислам жана анын өкүмдөрүнө каршы чыккан ар кандай адамга каршы чыкты... Хизбдин мына ушундай позициясы анын жигиттерин өкүмдарлардын катуу азарларына, камоо, кыйноого салуу, куугунтуктап, качкынга айлантуу, жумуштан бошотуу, сапар кылуусуна тыюу салуу, ал тургай, өлтүрүү сыяктууларга туш кылды. Чындыгында, Хизб жигиттеринин ондогону Өзбекстан, Ирак, Сирия жана Ливия өкүмдарлары тарабынан өлтүрүлдү. Иордания, Сирия, Мисир, Ливия, Түркия, Пакистан, Орто Азия, айрыкча, Өзбекстан жана башка өлкөлөрүбүздөгү камактар Хизб жигиттерине толду. Хизб булардын бардыгын Расулуллах ﷺды ээрчип аткарды. Расул акрам ﷺ бүткүл дүйнөгө Исламды ачык-ашкере, кужүрмөндүк менен алып келди, өзү даъват кылган акыйкатка терең ишенип, бүткүл дүйнөнү күрөшкө чакырып, адамдарга, кара, кызыл жана ак түстүү болушуна карабастан, баарына каршы согуш жарыялады.. Ислам рисаласынан башка эч нерсеге карабады. Биринчи ишти Курайштан баштады, алардын кудайларын сындап, аларды каралады. Ишенимдерин күрөшкө чакырды, алардын жалганын ачып таштады. Ал зат курал-жараксыз жана коргоочусуз жалгыз болгон. Роббиси берген Ислам рисалатына болгон терең ыйманынан башка куралы жок эле.

Хизб өзүнүн аракетинде ачык-айкындуулук жана ашкереликти о.э. кужүрмөндүктү тандады. Бул иште саясий иштерге чектелди. Расулуллах ﷺдын Меккеде кылган даъват тарыйкатын ээрчип, өкүмдарларга же даъватына тоскоолдук кылып жаткандарга каршы маддий иштерге өткөн жок. Анткени, Расулуллах ﷺ хижрат кылганга чейин эч кандай маддий иш кылбаган. Экинчи Акаба

байъатына катышкандар андан Мина калкына каршы кылыч менен согушууга уруксат сурашканда «**Биз буга али буюрулбадык**» деди. («Табаккотул Кубро» китебинен). Аллах Субханаху андан азарларга кудум мурунку пайгамбарлар сабыр кылгандай сабыр кылууну талап кылып айтты:

﴿وَلَقَدْ كُذِّبَتْ رُسُلٌ مِّن قَبْلِكَ فَصَبَرُوا۟ عَلَىٰ مَا كُذِّبُوا۟ وَأُوذُوا۟ حَتَّىٰٓ أَتَىٰهُمْ نَصْرُنَا﴾

***«Сенден мурунку пайгамбарлар да жалганчы аталгандары белгилүү. Анан, аларга Биздин нусратыбыз келгенге чейин жалганчы делген жана азарлангандарына сабыр кылышкан»***[6:34]

Хизб өзүн коргоо үчүн өкүмдарларга каршы маддий күч колдонбостугу жихад темасына байланышы жок. Себеби, жихад Кыяматка чейин уланат-токтобойт. Эгерде, кафир душмандар бирер мусулман өлкөгө чабуул кылса, ал өлкөнүн мусулман калкына, ошол өлкөнүн мусулмандарынын бир бөлүгү болгон Хизб мүчөлөрүнө да душманга каршы согушуу жана мусулмандар катары аларды кайтаруу фарз болот. Эгер, бир мусулман амир жүзөгө келип, Аллахтын калимасын бийик кылуу үчүн жихад жарыя кылса жана адамдарды буга сапарбар кылса, Хизб-ут-Тахрир мүчөлөрү ошол сапарбардык жарыяланган өлкөдөгү мусулмандардын бир бөлүгү катары муну кабыл алат.

Уммат үмүт байлаган жетекчилерине ишеним жоготушу... ар түрдүү фитналар себептүү региондун кыйын абалга түшүп калышы... өкүмдарлардын элге зулумдары... Хизб жана анын мүчөлөрүн куугунтуктоолору... мына ушулардын бардыгынын натыйжасында коом Хизб алдында катып туруп алса, Хизб нусрат берүүгө кудуреттүү күч ээлеринен нусрат талап кыла баштайт. Нусрат талап кылуудан эки максат көздөлөт:

**Биринчи:** өз даъватын тынч-аман жеткирүүдө аракет кылышы үчүн коргоо максатында;

**Экинчи:** Халифалыкты тикелөө жана Исламды колдонуу үчүн бийликке келүү максатында.

Бул нусрат талап кылуу иштери менен бирге, Хизб өзү кылып келген бардык иштерди да улантты. Мисалы, борборлошкон халкалардагы дарстар жана жамаий сакафат берүү, Исламга амал кылышы үчүн Умматка этибар каратуу, коомдук фикирди жүзөгө келтирүү, колонизатор кафир мамлекеттерге каршы күрөшүп, алардын пландарын ачып, тил бириктирүүлөрүн ачыктоо, өкүмдарлардан эсеп суроо о.э. Уммат кызыкчылыктарын табанний кылуу жана иштерине камкордук кылуу сыяктуу. Хизб ушул

иштердин бардыгын улантып, ага жана Исламий Умматка Аллахтан ийгилик жана нусрат беришин, үчүнчү баскычты бийликти алуу т.а. рошид Халифалыкты тикелөө баскычына айлантышын үмүт кылып калат. Ошол күндө момундар Аллахтын нусраты себептүү шаттанышат.

**Хизб-ут-Тахрирдин максаты**

Хизб максаты исламий жашоону кайра баштоо жана исламий даъватты дүйнөгө алып чыгуу. Бул максат мусулмандардын кайрадан Ислам диярында жана исламий коомдо Ислам менен жашоосун түшүндүрөт. Мындай жашоодо турмуштун бардык иштери шаръий өкүмдөргө ылайык колдонулат, андагы көз караш Ислам мамлекети болгон Халифалык мамлекети көлөкөсүндө халал жана харам болот. Бардык мусулмандар бир халифаны шайлап, ага Аллахтын Китеби жана Расулунун Сүннөтү менен башкаруу о.э. Исламды дүйнөгө даъват жана жихад менен алып чыгуу шарты менен кулак салып, итаат кылууга байъат кылышат.

Хизбдин максаты – Умматты жаркын фикир менен туура ойготуу. Хизб Умматты мурунку азиздигине жана кубатына жеткирүүгө аракет кылууда. Уммат мамлекеттерден, умматтар жана калктардан демилге тизгинин тартып алышын жана кайра дүйнөнүн биринчи мамлекетине айланып, мурун болгондой дүйнөнү Ислам өкүмдөрүнө ылайык башкарышын каалап жатат. О.э. Хизб Уммат адамзатты туура жолго жетектешин о.э. Ислам жер жүзүнө кеңири жайылышы үчүн куфрга жана анын түзүмдөрү-фикирлерине каршы күрөштө жетекчилик кылууну максат кылууда.

**Мусулмандардын жана бүткүл дүйнөнүн ойгонуу жолундагы Хизбдин тарыйкаты**

Инсан тирүүлүк, аалам жана адам жөнүндөгү жана булардын дүйнө тирүүлүгүнөн мурунку вужудга жана дүйнө тирүүлүгүнөн кийинки турмушка болгон байланышы жөнүндөгү фикир менен ойгонот. Ошондуктан, бүгүнкү адамдын ойгонушу үчүн анын мурунку фикирин түп-негизинен бүтүндөй өзгөртүп, башка фикирди пайда кылуу керек. Себеби, ал фикир нерселер жөнүндөгү түшүнүктөрдү пайда кылат жана аларды бир борборго топтойт. Адам турмуш жөнүндөгү сулукун (гарыйза жана организм муктаждыктарын кандыруу жолун) турмуш жөнүндөгү түшүнүктөрүнө карай жашоо образын калыптандырат. Жогорулаган сайын ойгонууну пайда кылган фикир – турмушка жана андагы нерселерге кароого болгон фикир. Себеби, фикирдин

жогорулашы накта айбандык жактан инсаний жакка көчүү. Мисалы, тамакка ээ болууга тиешелүү фикир бул да бир фикир, бирок, инстинктке тиешелүү төмөн фикир. Тамакка ээ болууну тартипке салууга тиешелүү фикир ага караганда жогору фикир. Үй-бүлө иштерин тартипке салууга байланыштуу фикир да фикир, бирок, коом иштерин тартипке салууга байланыштуу фикир андан жогору. Ал эми, адам иштерин бир шахс эмес, адам деген этибарда тартипке салуу фикири болсо бардык фикирлерден жогору. Демек, ушул фикир гана ойгонууну пайда кылат. Ошондуктан, ушул фикирди жаюу жана аны башка фикирлерге негиз кылуу керек. О.э. илим-фан жана маърифаттарды да ушул фикирдин үстүнө куруу зарыл.

Хизб-ут-Тахрирдин фикиринде, ойгонуу – фикирий өнүгүү, ал эми, экономикалык өнүгүү ойгонуу деп эсептелбейт, муну менен бирге, ахлакий өнүгүү да ойгонуу болбойт. Анткени, ойгонуу туура ойгонуу жана туура эмес ойгонуу болушу мүмкүн. Ойгонуунун туура-туура эместигин анын курулган негизи белгилейт. Фикирий өнүгүү рухий негизге курулган болсо, ойгонуу туура ойгонуу болот, себеби, бул ойгонуу жөнүндөгү фикир кемчилиги болбогон негизге таянган. Мындай фикирге негиз жагынан каталык жылжып кирбейт. Ошондуктан, ал негизи ишеничтүү, багыты бекем жана натыйжалары катъий фикир болот. Ал эми, эгер фикирий өнүгүү рухий негизге курулган болбосо, ал ойгонуу болуп эсептелет, бирок, туура ойгонуу болбойт. Себеби, андагы фикир кемчилиги болбогон негизге таянбаган. Акыбетте, бул ойгонуу катага, бузулууга, туруксуздукка, адашууга жана бардык түрдөгү кемчилдикке туш келет... Бирок, ошондой болсо да ойгонуу болуп кала берет. Мисалы, Америка жана Европа ойгонгон мамлекеттер, бирок, алардын ойгонуусу туура эмес болгон, себеби, бул ойгонуу рухий негизге курулбаган, балким, динди турмуштан бөлүү негизине курулган. Т.а. бул мамлекеттер түпкүлүгүндө амалий жашоосунан рухий негизди четтештирген. Ошондуктан, Хизб-ут-Тахрир Ислам мафкурасына негизделген ойгонуудан башка бардык ойгонууларды т.а. исламий ойгонуудан башкасын туура эмес ойгонуу, себеби, жалгыз исламий ойгонууну рухий негизге курулган фикирий өнүгүү деп билүү мүмкүн деп билет.

Ооба, Хизб-ут-Тахрир ойгонуу тарыйкатын белгиледи жана ойгонуу болушу үчүн албетте башкаруу жана бийлик акыйда үстүнө курулушу жана бул акыйдадан турмуш проблемаларынын

күндөлүк чечимдери келип чыгышы т.а. түзүмдөр, мыйзамдар жана өкүмдөр келип чыгышы шарт деди. Мында да Хизб Расулуллах ﷺдан үлгү алды, Расулуллах ﷺ Мадинада бийликти алып, аны Ислам акыйдасына негиздеп мындай деген:

«أُمِرْتُ أَنْ أُقَاتِلَ النَّاسَ حَتَّى يُشْهِدُوا أَنْ لاَ إِلَهَ إِلاَّ اللهُ وَأَنَّ مُحَمَّدًا رَسُولُ اللهِ، وَيُقِيمُوا الصَّلاَةَ، وَيُؤْتُوا الزَّكَاةَ، فَإِذَا فَعَلُوا عَصَمُوا مِنِّي دِمَاءَهُمْ وَأَمْوَالَهُمْ إِلاَّ بِحَقِّهَا وَحِسَابُهُمْ عَلَى اللهِ»

**«Адамдар «Аллахтан башка кудай жок, Мухаммад Анын Расулу» деп күбөлүк беришмейинче, намазды толук аткарып, зекетти акылууларга беришмейинче аларга каршы согушууга буйрулдум. Демек, эгер ушундай кылышса, менден кандарын жана малдарын сактап калышат. Бирок,** (катылдын өлтүрүлүшү, зынакердин ташбараң кылынышы сыяктуу Исламдын) **акылары мындан тышкары. Алардын** (жүрөгүндөгү нерсе) **Аллах алдында».**

Т.а. ал зат мафкурага даъват кылууну уланты. Муну менен Мадинада, андан кийин арабдар арасында ойгонуу жүз берди. Исламга кирген соң т.а. фикратты кабыл алган бардык калктарда, иштерин исламий фикрат негизинде башкарган бардык салтанаттарда ойгонуу болду. Булардын бардыгы, Хизб-ут-Тахрир назарында, ойгонууга жетишүүнүн жолу башкарууну саясий акыйда үстүнө куруу экенине катъий далил болот.

Демек, ойгонуунун жолу бир. Ал да болсо, исламий турмушту кайрадан баштоо. Башкача айта турган болсок, ойгонуу болушу үчүн албетте Ислам диярында жана исламий коомдо исламий турмушта жашашыбыз, анда исламий фикирлер жана исламий туйгулар өкүмдар болуп, Ислам түзүмдөрү жана өкүмдөрү колдонулушу, турмуштун ар бир иштери Аллахтын буйрук-кайтаруулары менен жүргүзүлүшү жана дүйнө карашы халал жана харам болушу керек, ошондо гана ойгонуу пайда болгон болот. Мунун жолу бир т.а. Исламды акыйда жана түзүм катары толук кабыл алышыбыз керек. Биз Исламды адамдын эң чоң проблемасын чечип бере турган жана турмуштагы дүйнө караш анын негизине курула турган акыйда катары кабыл алышыбыз зарыл. О.э. негизи Аллахтын Китеби жана Расулунун Сүнннөтү болгон акыйдадан келип чыккан, сакафий байлыгы фикх, хадис, тафсир, тил жана башкалардан турган исламий сакафат болгон түзүм катары кабыл алышыбыз кажет. Исламий жашоону кайрадан баштоо үчүн Ислам мамлекетин тикелөөдөн башка жол жок. Ал

эми, Ислам мамлекетин тикелөө үчүн исламий фикирий жетекчиликти толук түрдө жеткирүү зарыл. Бул үчүн Исламга даъват кылуу, Исламды турмушта, мамлекетте жана коомдо жүзөгө келтирүүгө аракет кылуу о.э. Исламды бүткүл дүйнөгө хужжат, даъват жана жихад менен алып чыгуу зарыл болот... Ойгонуунун жалгыз жолу ушул. Т.а. бул жол – Ислам турмушун кайра баштоо үчүн мусулмандарга исламий фикирий жетекчиликти жеткирүү, андан кийин аны Ислам мамлекети аркылуу бүткүл адамзатка жеткирүү.

Аллах Таала айтат:

﴿وَعَدَ ٱللَّهُ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ مِنكُمۡ وَعَمِلُواْ ٱلصَّٰلِحَٰتِ لَيَسۡتَخۡلِفَنَّهُمۡ فِي ٱلۡأَرۡضِ كَمَا ٱسۡتَخۡلَفَ ٱلَّذِينَ مِن قَبۡلِهِمۡ وَلَيُمَكِّنَنَّ لَهُمۡ دِينَهُمُ ٱلَّذِي ٱرۡتَضَىٰ لَهُمۡ وَلَيُبَدِّلَنَّهُم مِّنۢ بَعۡدِ خَوۡفِهِمۡ أَمۡنٗاۚ يَعۡبُدُونَنِي لَا يُشۡرِكُونَ بِي شَيۡـٔٗاۚ وَمَن كَفَرَ بَعۡدَ ذَٰلِكَ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡفَٰسِقُونَ﴾

***«Аллах силерден ыйман келтиргендерге жана жакшы амалдарды кылгандарга, кудум мурунку өткөн*** *(итикаддууларды)* ***халифа кылгандай, аларды да жер жүзүндө халифа кылууну убада кылды жана алар үчүн Өзү ыраазы болгон*** *(Ислам)* ***динин үстөм кылууну о.э. аларды көргөн коол-коркунучтарынан кийин бейпилдикке бөлөп коюуну убада кылды. «Алар Мага гана ибадат кылышат жана Мага бир да нерсени шерик кылышпайт. Ким мына ушул*** *(убада)****дан кийин куфрону*** *(ниъмат)* ***кылса, анда, алар фасыктар»*** [24:55] ❑

## ФИТРАТТЫН БУЗУЛУШУНУН АДАМ ҮЧҮН БУЛ ДҮЙНӨ ЖАНА АХЫРЕТТЕГИ КОРКУНУЧУ (2)

**Мухандис Шафик Хамис – Яман вилаяты**

Америка гомосексуализм боюнча дүйнөдө жетекчилик кылууда:

Гомосексуализм узак убакыт аралыгында батыштыктар ыйык санаган Рим мурасынын таасири астында өзүн саясий жана системалык түрдө түптөдү. Түптөөчү аталар (америкалыктардын түптөөчү ата-бабалары) гомосексуализм үчүн колдонула турган жазаны зордуктоо үчүн колдоно турган жаза катары көрүшкөн. Жорж Вашингтон өзүнүн коштошуу сөзүндө: «Ахлакты динсиз сактап калуу мүмкүн деген фикирге берилбегиле», - деген. Гомосексуалдар Рим империясындагы гомосексуализм тарыхын кайталашат. Ошондуктан, ыфлас кумарлануу каалоолордун артынан кууп, өздөрүнүн бактысыз тагдырларын унутушат. Алар басым өткөрүүчү топторду түзүп, алар аркылуу материалдык жана моралдык таасир көрсөтүшөт. Америкалык гомосексуалдар жана гей эмансипациясынын (ижтимаий көз карандылыктан, мисалы, баланын ата-энеге, аялдын жолдошуна итаат кылуудан баш тартышы) тарапкерлери болгон эркек жана аялдар Америка мектептеринде жыныстык таалимге таасир өткөрүүнү максат кылышкан. Алар университеттердеги таалим башкаруу комитеттерин көзөмөлгө алып, аларды гомосексалдарга каршы туруунун ордуна алар менен бир катарда тура турган кылышкан. О.э. штаттардагы мыйзам чыгаруучу кеңештерди да көзөмөлдөрүнө алып, гомосексализмге каршы мыйзамдарды бекер кылышкан. Голливуд гомосексуалдыкты эркек менен аялдар коопсуз жана сындоодон алыс болушу мүмкүн болгон мыйзамдуу жашоо таризи катары үгүттөгөн көрсөтүүлөрдү даярдай баштады. Мындай көрсөтүүлөрдү даярдагандар гомосексулдардын каршылыкка жана сындоого учуроолорун о.э. аракеттери үчүн айыпталышын азайтууга жетишишти. Америкадагы «жарандык эркиндиктер» союзу гейлердин укуктарын коргойт. Түндүк Америкада «Эркек кишинин балага болгон сүйүүсү» деп аталган гейлер уюму бар.

Өткөн кылымдын элүүнчү жылдарына чейин Кошмо Штаттарда да, Европанын башка жайларында да гомосексуализм кабыл алынбаган. Элүүнчү жылдарда Америкада гомосексуализм «эч ким аны айтууга батына албаган сүйүү эле, бүгүн болсо, ал оозун жаппайт». (Патрик Бюккенен, «Батыштын өлүмү» китеби). Гомосексуализмдин жазасы өлүм эле, кийин өмүр бою эркинен ажыратуу жазасына, кийин айыпка алмаштырылды. Себеби, ал өнүгүп, анын тарапкерлери жана коргоочулары пайда боло баштады. Экинчи дүйнөлүк согушта Америка гомосексуал эркек менен аялдарды аскерий кызматтан четтетүүгө

аракет кылды. АКШ мамлекеттик катчысы Самнер Уэллес поезддин кызматкеринен гомосесуалдык мамилени талап кылганы үчүн отставкага кетүүгө мажбур кылынган. АКШ президенти Линдон Жонсон анын жардамчысы гомосексуалдык мамиле менен алектенгени үчүн жашыруун полиция тарабынан камакка алынгандан кийин, андан баш тарткан. Боб Боуман Колумбия округунда жыйырма жаштагы жигит менен гомосексуалдык мамиле кылып жатканда колго алынгандан кийин, Өкүлдөр палатасындагы ордунан ажыраган. Президент Эйзенхауэр гейлердин мамлекеттик кызматта иштешине тыюу салган, алардын бир канчасын аскерий кызматтан жана жарандык кызматтардан четтеткен.

Бирок, Америкада гомосексализмге карата абал өзгөрдү. Американын Сан-Франциско шаары дүйнө гейлеринин борборуна айланды. Альфред Ленсинин 1948-жылы даярдаган отчётуна ылайык, америкалык 16 жаштагы уул жана кыз балдардын 10 пайызы гомосексуал, эркектердин 37 пайызы жынысташ эркектерге кызыгат. ("Булар себептүү Америка жок болуп кетет", Олег Платонов). 10 жылдан ашык убакыт өткөндөн кийин бул көрсөткүч 3-4 эсе көбөйдү.

Бул, 1960-жылы Америкада башталган жыныстык (сексуалдык) ыңкылаптын табигый натыйжасы болуп эсептелет. 1962-жылда жогорку сот гомосексуалдарга тиешелүү басылмалардын пайдасына өкүм чыгарды. Бул болсо, басма сөзгө гомосексуализм жөнүндө көбүрөөк материалдарды чыгарууга жардам берди. 1969-жылы 2000ден ашуун гомосексуалдар Нью-Йорктогу Стоунвол Ин мейманканасында полицияга каршы козголоң көтөрдү. Бул, гомосексуалдардын массалык чыгышынын башталышы болуп, алар өз талаптарын алга сүрүштү. Алар бийликтен алардын каалоосун аткарууну талап кылып, алардын бири болгон Харфи Маликти алардын аракеттерин башкарышы жана укуктары колго алынышын камсыздашы үчүн жооптуу кылып дайындашты. Алар талап кылган укуктар ушул нерселерде көөдөлөнөт: нике келишими үчүн документ алуу; бала асыроо, аларды мектептерде жана мекемелерде окутуу; гомосексуалдарды диндарлар жана диндар болбогондор тарабынан боло турган каршылыктардан коргоо. Алардын майрамы 1970-жылдан бери «Абийир маршы» алкагында өткөрүлүп келинет. Гомосексуал ыктыярчылардын коркутуусу астында 1970-жылда Америка психатрия асоссациясы «Экинчи гуманисттик баяндамада» гомосексуализм диагнозун патологиялык оорулардын тизмесинен чыгарып, 1952-жылда гомосексуалдар үчүн белгиленген диагноздон баш тартууга мажбур болду. Ошентип, өлчөө өзгөрдү жана «гомосексуалдарды жек көрүү» рухий оору деп эсептелип калды. АКШнын демократ

президенти 1978-жылда Ак үйдө гейлердин делегациясын кабыл алды. 1982-жылы Далласта гомосексуал эркек жана аялдардын биринчи конференциясы өткөрүлдү. 1981-жылы Америкада СПИД пайда болуп, ал ооруну жугузгандардын саны 3000ге жетти жана алардын 1283ү өлдү.

1983-жылы Массачусетс штатынан шайланган конгресс мүчөсү Жерри Стаддс гомосексуал экенин жана 16 жаштагы баланын талабына ылайык аны менен гомосексуал мамиледе болгонун жарыялады. Ошондой болсо да, ал Конгресс мүчөлүгүнө кайра шайланды. Барни Франк гей бала менен бирге жашаганына карабастан, Өкүлдөр палатасында калды. Өткөн кылымдын сексенинчи жана токсонунчу жылдары Америкада миңдеген гомосексуалдар нике келишимин түздү жана бала асырап алды. 1987-жылы гомосексуалдар 300 000 киши катышкан демонстрацияга чыгып, коомдук жайларда алардын укугун коргоону талап кылышты. 1989-жылы Сан-Францискодо гомосексуалдар никеси тастыкталды.

1992-жылыа демократиялык партиядан президенттикке талапкер Билл Клинтон өз атаандашы улуу Буштан айырмаланып, АКШ армиясындагы гейлерди коргогон мыйзам долбоорун алга сүрдү. Клинтон жеңишке жетери менен «Сураба, эч кимге айтпа» мыйзамын кабыл алды. Бул мыйзамга ылайык, аскерий кызматка чакырылгандардын гей же гей эместиги суралбайт жана эгер гейлер өздөрүнүн жыныстык ориентациясын жашырып, ашкере кылбаса, алардын армияда кызмат өтөшүнө уруксат берилет. АКШ армиясындагы гейлердин саны 65 000ге жетет. Клинтондун жубайы Хиллари Нью-Йоркто болуп өткөн гей-парадга катышты. «Гомосексуалдык сыймык» деп аталган биринчи марш 1978-жылы 17-майда Сан-Францискодо болуп өткөн. «Сыймык» идеясы «Гомофобия сөздүгү» китебинин автору Луи-Жорж Тэндин демилгеси менен пайда болгон. Бүгүн дүйнөгө гомосексуалдарды жана гомосексуализмди кабыл алдыруу үчүн дүйнөлүк кампания өткөрүлгөн. Аны араб шаарларына, Куддуска көчүрүү аракеттери жүрүүдө. “Таймс” гезитинин кабарчысы «Лесби жана гей журналисттер улуттук ассоциациясынын» он жылдыгына карата өткөрүлгөн жыйында гезит редакторлорунун төрттөн үч бөлүгү гейлер экендигин билдирди. Барни Фрэнк Ак үйдөгү иш-чараларга гей жигити менен бирге барды.

Хиршфельд тарабынан гомосексуалдар союзу түзүлүшү жана бүткүл дүйнөнүн көз алдында алардын пайда болушунун 100 жылдыгына (1897-1997) карата Сан-Франциско губернатору Вилли Браун, өкмөт жана Конгресс өкүлдөрүнүн катышуусунда бүткүл дүйнөдөн гомосексалдар үч ай ичинде Сан Францискодо чогулушту.

500-700 миң айланасындагы гомосексуалдар жана алардын тарапкерлери «Кудай бардык балдарын жакшы көрөт» деп жазылган баннерлерди көтөрүп чыгышты.

2001-жылы Жон Эшкфорт гомосексуал Жеймс Хормелдин АКШнын Люксембургдагы элчиси болуп дайындалышына каршы чыкканы үчүн Демократиялык партиянын сенаторлору тарабынан сөгүш укту, ал тургай, катуу сабалды. Президент Барак Обамага келсек, ал 2012-жылы гомосексуалисттерди колдоп-кубаттады. АКШнын жогорку соту гомосексуалдарга турмуш куруу укугун берген токтом чыгарганда, Обама алардын турмуш куруу укугун колдоп, аны «Американын жеңиши... сүйүүнүн жеңиши» деп атады. (“Гомосексуализм Батыш аң-сезиминде”, Нухо Аднан Катиржий). Обама 2008-жылы гомосексуализмге каршы чыккан. 2012-жылы аны колдоп-кубаттаган соң, гомосексулдар өз журналдарынын башкы бетинде анын сүрөтүн жайгаштырышты. АКШнын мурунку президенти Жимми Картердин «Эгер, Ийса бар болгондо, гомосексуализмге уруксат берет эле» деп айткан сөзү эң жаман сөздөрдүн бири.

АКШ мамлекеттик катчысы (2009-2012-ж), 2016-жылдагы президенттик шайлоодо АКШ президенттигине Демократиялык партиядан көрсөтүлгөн талапкер Хиллари Клинтон өзүнүн «Оор тандоо» деген китебинде бир бөлүмдү гомосексуализмге арнап, бул бөлүмдү «Адам укуктары – аягына чыкпаган иш» деп атады. Бул бөлүмдүн тыянагы мындай: гомосексуализм жана гомосексуалдар «Самнер Уэллис менен болгондой» жек көрүлгөн. Хилларинин министрлиги астында болсо, алар алкышталган. Ал «Гомосексуалдар эмес, тескерисинче, аларды жек көрүү – жок кылынышы керек болгон карамүртөздүк» деген түшүнүк астында гомосексуал кызматкерлер, алардын тууган жана тааныштары үчүн зыяпаттарды уюштурган. («Батыштын өлүмү» китеби, Патрик Бюккенен). О.э. ал Ак үйдү бүткүл дүйнөдөгү гомосексуалдарды алкыштоого көндүрдү. Бул үчүн бүткүл дүйнөдөгү режимдерге Америка тарабынан көрсөтүлө турган жардамдарды гомосексуализмдин кабыл алынышына байлоону о.э. 1995-жылы Пекинде болуп өткөн «Элдик конференцияда» аялдар үчүн квота бөлүнгөндөй, гомосексуалдар үчүн да квота бөлүүнү сунуштады. Бүгүнкү күндө президент Байден жана мамлекет катчы Блинкендин бүткүл дүйнө бойлоп гомомексуалдарды жана гомосексуализмди колдоп-кубатташы мына ушул саясаттын өзү.

Капиталисттик Батыштагы соттор жана мыйзамдар гомосексуализмге каршы чыккандардын оозун жабууга мажбурлап жаткан болсо да, Американын ичинде гомосексуализмди турмуш жана коом үчүн олуттуу коркунуч деп эсептеген сөздөр айтылууда. Алар

гомосексуалдар бир үйдө, асырап алган уул жана кыздарды эмне күтүп жатканын түшүнүшкөнү үчүн гомосексуалдардын бала асырап алышына уруксат бербөөгө чакырышууда. Албетте, бул добуштарга балдардын гомосексуализмге берилип кеткен чөйрөдө өсүшүнүн коркунучун сезген Батыштагы акыл жүргүзгөн кишилердин добуштары уланышы табигый. Акыры, жашы жете элек уул же кыз атасыз эки лесбий эненин колунда же энесиз эки баччабаз атанын колунда кантип чоңоёт.

БУУнун гомосексуализмди колдоп-кубаттоодогу ролу: БУУ тарабынан 1948-жылы чыгарылган бүткүл дүйнөлүк адам укуктары декларациясы бүткүл дүйнө бойлоп гомосексуалдар жана гомосексуазизмди колдоп-кубаттоо балээсинин башы болуп эсептелет. Тышкы көрүнүшү адам укуктары болгон бул декларация гомосексуализм адам укуктары деп кирип келишине кеңири жол ачты. Декларация адам укуктарын т.а. эркек, аял жана «гомосексуалдардын» укуктарын өз ичине алат. Мунун тастыгы катары, БУУ жана Дүйнөлүк Саламаттыкты Сактоо Уюмунун «демография» темасына арналган конференциялары башталып, жашыруун нерсени ачыктады. Конференцияларда гомосексуалдар, алардын коомчулук алдында ашкере чыгуу укуктары жана аларга каршылык билдирбөө жөнүндө айтылды. Кала берсе, БУУ дүйнөдөгү мамлекеттерди гомосексуализмди кылмыш деп эсептеген, гомосексалдарды жазалаган мыйзамдарын өзгөртүүгө чакырды о.э. бүткүл дүйнөгө – анын ишеним жана диндерин кымындай эсепке албай – каршы чыкты.

Дүйнөлүк Саламаттыкты Сактоо Уюмунун колдоосунда бүткүл дүйнө бойлоп өткөрүлүп жаткан демографиялык жараяндарга арналган конференциялардагы көрсөтмөлөр жана алга сүрүлүп, кабыл алынган бузгунчу идеялар кооптуу ролду ойноду. Мындай бузуку идеялар оболу Европа жана Америка мамлекеттеринде ишке ашырылды. Андан кийин бүткүл дүйнө аларды кабыл алууга мажбурланды о.э. Европа жана Америка мамлекеттерин ээрчүүгө үндөлдү. Бул нерсе акча, азык-түлүк, стипендиялар жана башка жардамдарды көрсөтүүнү өз ичине алган программалар аркылуу үгүттөлдү. Изоляция, блокада, согуш жана бийликтен кулатуу менен коркутулду. Дүйнөлүк Саламаттыкты Сактоо Уюму бүткүл дүйнөгө өзүн камкор кылып көрсөтүп, Мальтус назариясын кабыл алды. (Мальтус – «Адамдар геометриялык прогрессияда көбөйөт, ресурстар болсо, арифметикалык прогрессияга ылайык көбөйөт. Ошондуктан, адамдарга ресурстар жетишпейт» деген фикирди алга сүргөн британиялык экономист). Бул назария төрөттү көзөмөлдөөгө чакырат. Батышта калктын кыскарышына келсек,

Мальтус алга сүргөн фикир жарандарга таасир кылышынын натыйжасында алар ырахат-жыргалчылыкка умтулуп, турмуш курууну артка сүрүп калышты о.э. бала төргөн аялдар азайды. Батыш Европа жана Америкада калктын кыскарышы байкалып жатканда, дүйнөнүн калган бөлүгүндөгү калктын саны көбөйүп алардан ашып кетпеши үчүн төрөттү көзөмөлдөө жана тартипке салуу аркылуу калктын көбөйүү деңгээлин чектөө боюнча программалар ишке түшүрүлө баштады.

1994-жылы демографиялык жараяндарга багышталган Каир конференциясында «гендер» (ижтимаий жыныс) идеясы алга сүрүлдү. Бул идеянын негизги мазмуну: гомосексуалдыкты эркек менен аялдардан тышкары үчүнчү жыныс катары кабыл алуу, аларга турмуштагы табигый нерсе катары мамиледе болуу о.э. эркек менен аялдар үчүн кошумча гомосексуалдык майданын ачуу. Таң калычтуусу, 1995-жылдагы демографиялык жараяндарга арналган Пекин конференциясына «бардык жашоо тариздери барабар» ураанын астында эки жыныстагы 7000 гомосексуал катышты. Гомосексуализм жөнүндөгү документ тастыкталышы артынан алар конференцияда марш өткөрүштү.

2006-жылы БУУ Швецариянын Женева шаарында гомосексуалдар үчүн эл аралык симпозиум өткөрдү. «Гомосексуал болуу укугу» аталышында өткөн бул симпозиумда Батыштан 200 гомосексуал катышты. Симпозиумда гомосексуализмге каршы диний тоскоолдуктарды жеңип өтүү жолдору талкууланды жана диндар гомосексуалдарды табуу чечим катары сунуш кылынды. Мунун артынан 2008-жылы гомосексуалдарды колдоп-кубаттоо жана аларды кылмыш жоопкерчилигине тарткан мыйзамдарды бекер кылуу боюнча Европа демилгеси алга сүрүлдү. 2011-жылы БУУ гомосексуалдардын укуктарын тааныды. SEDAW идеясы ушул ураандан алынды. Ал эркектер менен аялдар ортосундагы кемсинтүүлөргө каршы күрөшөт. Түпкүлүгүндө, мектептерде гомосексуалдардын пайда болушу, аларга камкордук көрсөтүлүп корголушу үчүн чөйрө даярдады. Куддус шаарында гомосексуалдардын «сыймык» күнүн өткөрүү планы ийгиликсиздикке учурагандан кийин, аларды эркек жана аялдардан бөлбөө керек деген шылтоо менен коомдор аларды кабыл алууга мажбурланды.

Андан соң Батыштын башталгыч мектептерине жыныстык таалимди киргизүү аркылуу үчүнчү кадам ташталды. Мындан максат: окуучуларга сүрөт, мультфильм жана видеолорду көрсөтүү аркылуу аларды жыныстык мамиле менен тааныштыруу, алардын аракеттерин өзгөртүү жана аларга жаңы идеяларды берүү. Бул, окуучу бала жана

кыздардын аврат жайларын ачуу, класс бөлмөсүндө жыныстык мамиле кылуу аркылуу иш жүзүндө колдонот. Кош бойлуулукту алдын алуу каражаттарынан жана презервативден пайдалануу аркылуу кош бойлуулуктан сактануу үйрөтүлөт. Алар бири-биринен лаззаттанууга, турмуш курбоого же турмуш курууну картайып калганга чейин кечиктирүүгө үндөлөт. Кыздарды төрөттү кечиктирүү же аны бүтүндөй четке кагуу менен нике жана энеликке каршы тарбиялайт. Каалаган убакыт эч кандай чектөөсүз жыныстык мамиле кылышына мүмкүнчүлүк жарат. Уул балдарга эркек болуп калуу же жыныстык мүчөсүн өзгөртүп, кызтекеге айланышы жөнүндө тандоо укугун берет. Кызтеке болуп алгандан кийин эркектер менен баччабаздык кыла беришет, эркектер үй-бүлө куруп, бир үйдө табигый түрдө жашай беришет! Патрик Бюккенен «Батыштын өлүмү» китебинде ушул суроону берет: «Мамлекеттик мектептерде жыныстык бузукулуктун лаззаттары үйрөтүлсө, маданиятыбыз ууланса... мындай абалга ыраазы болушубуз керекпи? Бул – биз урматташыбыз керек болгон «түрдүүлүкпү?». Кандай болгондо да, бул өз-өзүнөн пайда болбоду. 1999-жылы Гагада мектеп окуучуларына тиешелүү мыйзамдардын алкагында жыныстык жана репродуктивдик укуктарды үйрөтүүгө чакырган конференция болуп өттү. 2013-жылы Бириккен Улуттар Уюму мектептерде жыныстык билим берүүгө о.э. жашы жете элек кыздардын кош бойлуулукту алдын алган каражаттардан пайдаланышына жана аборт кылдырышына уруксат берүүнү өз ичине алган келишимди тастыктады. 2015-жылы БУУнун «Дүйнөбүздү өзгөртүү: 2030-жылга чейин туруктуу өнүгүү долбоору» деген резолюциясы кабыл алынды. Бул резолюция бүткүл дүйнө бойлоп гомосексуализмди колдоп-кубаттоого каратылды.

**Чиркөөнүн гомосексуализм жана гососексуалдарга болгон позициясынын өзгөрүшү**

Насранийлик олуттуу ахлакый өзгөрүүлөргө күбө болду. Чиркөө баччабаздык жаратуучунун мыйзамына туура келбеген, табигый эмес, ахлаксыздык жана кылмыш деп эсептечү. Анын назарында мындай иш жийиркеничтүү, аны кабыл алган коом төмөн коом болуп, мындай коомду оңдоону өз милдети деп билген. Бул нерселерден кийин чиркөө кээ бир кызматкерлеринин наразылыктары жана мамлекеттердин басымдары артынан баччабаздыкты табигый эмес жана ахлакка тескери деп эсептөөдөн мындай табигый эмес нерселерге береке сурап дуа кылууга өттү. Андан тышкары, улуу жана кичүү жаштагы чиркөөнүн зыяратчылары менен табигый эмес жыныстык мамиледе болгон руханийлер бар эле. Мындай иштер Германиядагы 170 руханий, алардын катарында, Ватикан Папасы

Францисктин иниси тарабынан төрт чиркөөдө башталды. Андан кийин Австралия, Америка, Ирландия, Хорватия, Словения жана Италияда уланган. Алардын бул кылмыштары жаңы миң жылдыктын башында ачыкка чыккан. Ал тургай, Ватикандын штаб-квартирасында баччабаз эркектердин бар экени белгилүү болгон. 2004-жылы Ген Робинсон Американын Nyu-Xempshir епархиясынын епископу болуп дайындалган. Ал белгилүү баччабаз болгон. Швеция чиркөөсү лесбий аялды руханий кылып дайындаган. 2003-жылы Кентербери архиепископу Роун Вилямс мындай деген: "Бир жыныстуу эки адамдын ортосундагы жыныстык мамиле никеленген эки адамдын ортосунда болгондой Кудайдын да сүйүүсүн чагылдырат. («Батыштагы баччабаздык»).

Гомосексуалдардын оорулары:

Ибн Мажжа өз «Сунан»ында Абдуллах ибн Умар Расулуллах ﷺдан риваят кылган беш сыфат тууарасындагы хадисти келтирет. Бул хадисте мындай делет:

«... لَمْ تَظْهَرْ الْفَاحِشَةُ فِي قَوْمٍ قَطُّ حَتَّى يُعْلِنُوا بِهَا إِلا فَشَا فِيهِمْ الطَّاعُونُ وَالأَوْجَاعُ الَّتِي لَمْ تَكُنْ مَضَتْ فِي أَسْلافِهِمْ الَّذِينَ مَضَوْا..»

**«... Эгер, бирер коомдо зына ашкере кылынса, аны ачыктан ачык кыла турган болушса, алардын арасында өлөт жана ата-бабаларында болбогон оорулар жайылат...».**

Гомосексуалдар туугандары, бала чактагы достору жана кесиптештери арасында айыптуу жана кемситилген деп билишет. Аларда аларга карата ишеним болбойт жана гомосексуал болушканы үчүн уялышат, өздөрүн жалгыз сезип, алардын гомосексуалдыгын билген жана алардан алысташкан коомдон бөлүнүп калышат.

Тууганадарынын кайгы жана кубанычтарына шерик боло алышпаганы үчүн кайгыга түшүшөт. Алар рухий түшкүндүктөн кыйналышат жана өздөрүнөн жийиркенишет. Өздөрүнүн табигый багыттагы теңтуштарына караганда көбүрөөк өз өмүрүнө кол салуу жөнүндө ойлошот. Себеби, алардын психологиясы бузулган жана туруксуз болот. Булардын бардыгы Америка, Франция, Британия жана башка мамлекеттерде гомосексуалдар жөнүндө өткөрүлгөн бейтарап изилдөөлөрдүн тыянактары болуп эсептелет. Ал эми, гомосексуалдар тарабынан каржыланган изилдөөлөрдүн тыянактарында болсо, алар бактылуу жана өздөрүнүн гомосексуалдыгынан ыраазы болуп көрсөтүлгөн.

Гомосексуал эркектер гомосексуал болушканынын натыйжасында көптөгөн органикалык оорулардан азап чегишет. Мындай оорулардын башында гонорея, сифилис жана герпес (гомосексуалдар арасында

кеңири жайылган, өсүп көбөйө турган кызыл жаралар менен өзгөчөлөнүп турган мээде оор таасирлер менен өтө оор жыныстык оору) сыяктуу оорулар о.э. гомосексуалдардын 73-75 пайызы арасында кеңири жайылган СПИД оорусу турат. Табигый эмес жыныстык мамилелерде колдонула турган суюктук майларынан пайдалануу натыйжасында гомосексуалдар анал рак жана өнөкөт простатит оорусуна чалдыгышат. Лесбий аялдар бактериалдык вагиноз, вагинал оорулар, адам папилломавирусу (жүздөн ашык түргө ээ вирустар тобу), трихомонас (жыныстык жол менен жана суу нерселер, мисалы, сүлгү жана кийим аркылуу жуга турган паразиттер оорусу), герпес (инкубация доорунда вирусту ташыган аялдан жуга турган вирустуу ооруу), гонорея жана сифилис ооруларынан азап тартышат. Гомосексуалдар арасында дагы бир нече оорулар да кеңири жайылган, алардын эң кооптуусу ооз жана тил рагы. (Ооз жана тилде пайда боло турган ак тактар тез арада ракка айланат. Бул оору гомосексуал эместерде кездешпейт).

Гомосексуалдарга карата дүйнө кайда бара жатат?

Лут ﵇ өз коомун туура фитратка (табиятка) кайтуу жана аларды кылып жаткан иштерин таштоо аркылуу Аллахтын буйругуна жооп берүүгө чакырганда, коом ага кантип жооп берген? Аллах Таала айтат:

﴿وَمَا كَانَ جَوَابَ قَوۡمِهِۦٓ إِلَّآ أَن قَالُوٓاْ أَخۡرِجُوهُم مِّن قَرۡيَتِكُمۡۖ إِنَّهُمۡ أُنَاسٌ يَتَطَهَّرُونَ﴾

***«Коомдун «Лутту ээрчиген адамдарды шаар-кыштагыңардан чыгарып жибергиле, себеби, алар чектен артык тазасынган адамдар экен!», дештен башка жообу болбоду»»*** [7:82]

Алар Лутту кууп чыгарууну туура деп эсептешкен.

Гомосексуалдар өз жашоо тариздерин бүткүл дүйнөгө мажбурий жайылтууга аракет кылышууда. Алар дүйнөнүн ар тарабында гомосексалдарга колдонуп келген өлүм жазасын бекер кылуу о.э. ачык майданга ээ болуу үчүн дүйнөгө басым өткөрүү аркылуу өз максаттарына алып бара турган жолдун жарымын басып өттүк деп билишүүдө. Өз алдыларындагы тоскоолдуктарды жоюу үчүн Америка, Европа мамлекеттери, Канада жана Австралиядан баштап Батыш дүйнөсүнүн мамлекетерине кирип барышты. Алар алардын жолундагы жеңип болгус тосмо болгон «Ислам» тарапка барышууда. Ислам аларды кабыл албайт жана Исламдын алар туурасындагы хукму туруктуу болуп, заман жана мекен аны өзгөртө албайт. Ошондуктан, алар өз окторун Исламга каратып, мусулман мамлекеттерден гомосексуалдарды издеп таап, аларды коргоого жана алар үчүн план түзүп, аларга жол көрсөтүүгө аракет кылышууда.

Араб дүйнөсүндөгү гомосексуалдар Батыш мамлекеттери жана эл аралык уюмдар тарабынан колдоп-кубатталат. Бул уюмдар бүткүл дүйнөдөгү гомосексуалдардын укуктарын коргоону о.э. гомосексуализмди кылмыш деп эсептеген мыйзамдарын өзгөртүү үчүн мамлекеттерге басым өткөрүүнү өз мойнуларына алышкан. («Гомосексулизм Батыш аң-сезиминде»).

Британия премьер-министри Дэвид Кэмерон гомосексуалдардын укуктарын тааныбаган мамлекеттерге санкция колдонулушун айтып, Commonwealth байланышы (Британия баш болгон 53 мамлекетти өз ичине алган уюм) жетекчилигинде коркутту. Британиянын мурунку премьер-министри Тони Блэр да өз өкүмдарлыгы доорунда гомосексалдардын укуктарын кепилдөөгө жетишкенин сыймыктануу менен жарыялаган.

Өткөрүлгөн изилдөөлөргө ылайык, бир аз айырма менен гомосексуализмди макулдаган жана андан жамандыкты көрбөгөндөр жалгыз европалык жана америкалыктар. Ошол эле учурда, гомосексуализм Азия, Африка, Россия жана Латын Америкасында макулданбайт.

Бүгүн Батыш дүйнө астында адамдардын алдына өтө зийнаттанып чыккан кишиге окшойт. Ал киши адамдар арасында жүргөндө кимдир бирөөлөр ага көралбастык кылат. Көп өтпөй кийимдери арасынан анын авраттары көрүнүп калат. Адамдар анын ачылып калган авратына ишара кылышат. Ошондо ал карап, ачылып калган авратын өз көзү менен көрөт. Бирок, ал эч нерсе болбогондой, муну жөнөкөй абал деп билип, өз жолун улайт.

**Тыянак**

Капиталисттик мабдадагы динди турмуштан бөлүү акыйдасы адамдардын жашоо таризинде ахлакый бузукулуктун пайда болушунун негизги себепчи болду. Адамдардын турмушунда пайда болгон ахлакый бузукулук гомосексуал мамилелер менен ашкере алектенүүгө чейин жетти о.э. кыйроого бет алган хазараттардын эң көзгө көрүнгөн касиетине айланды. Бул болсо, мамлекет адамдардын турмушун тартипке салууда динди четтетилишинин табигый натыйжасы жана капиталисттик хазараттын мөмөсү болду. Дин турмуштан четтетилген бул абалда адам эркиндиги адамдарды жар жакасына алып келди.

Тарых кайталанат. Каерде ахлакый кыйроо болсо, адамдар каалайбы-каалабайбы, айырмасыз, акыбетте кыйроо жүз берет. Гомосексуалдардын барлыгын жана алардын аракетин алкыштаган мамлекеттер кыйроо жакасында турат. Себеби, алар Лут коомуна азап түшкөн кездеги өздөрүнүн алгачкы жашоо таризин кайталашууда. Алар өзүлөрүнүн бузукулугун караңгылыкта кылуу менен

канааттанбай, Аллахка ачык күнөөкөрдүк кылышууда. Аллах аларга Өз азабын түшүрүп, дүйнө башкаруусун жана саясатын алардан башкаларга өткөрүп беришине аз калды.

Дүйнөнү кабыл алууга мажбур кылып жаткан гомосексуализмге моюн сунгандардын ыйманы жана өздөрү алсыз болушканы үчүн ага каршы тура алышкан жок. Алар бузукулук, уятсыздык жана гомосексуализмди четке кага алышпады. Ал эми, акыйкатты айткан, акыйкатта бекем туруп батылга каршы чыккан, Аллахка жана Мухаммад ﷺдын эң акыркы пайгамбар экендигине ыйман келтирген садык момундарга келсек, алар өздөрүн жана башка адамдарды бул дүйнө шерменделигинен жана Ахырет азабынан куткарышат.

Бул – баччабаздык баткагына батууну каалабаган дүйнө үчүн жолдонгон кайрылуу. Дүйнө туура фитраттын бузулушуна каршы катъий турушу керек... Бул – Ислам түзүмүнө ылайык башкара турган саясий вужудду жаратуу үчүн олуттуу аракет кылуу маанилүү экендиги туурасында мусулмандарга жолдонгон кайрылуу. Анткени, Ислам түзүмү гомосексуализмди мусулмандардан алыстатат... Бул – кубат ээлерине, акыл жүргүзгөндөргө, активисттерге о.э. Аллахка жана Расулуллах ﷺдын эң акыркы пайгамбар экендигине ыйман келтирген момундарга жолдонгон кайрылуу... Кайрылуунун мазмуну: араңарда гомосексуалдардын болушуна сүкүт сакташыңар силер тараптан болушу мүмкүн болбогон кооптуу нерсе. Куртубий Аъраф сүрөсүнүн тафсиринде Лут коому жөнүндө мындай дейт: «Экинчисине келсек, алардын кээ бирлери (бузукулукту) кылган, кээ бирлери болсо (бузукулукка) ыраазы. Ошондуктан, бузукулукка сүкүт сактоо жалпы болгондуктан бардыгы жазаланды. Бул Аллахтын хикматы жана пенделери үчүн койгон сүннөтү. (Бузукулукту) кылгандарды жазалоо маселеси туруктуу сакталып калат». Бул силер, күнөө жана гомосексуализмди жек көргөндөр үчүн кушкабар. Ошондуктан, пайгамбарлык минхажы негизиндеги экинчи рошид Халифалыкты тикелөө аркылуу Аллахтын динине жардам бергиле. Силер үчүн Аллахтын нусраты жакын. Себеби, силердин күчтүү таянычыңар бар. Гомосексуалдарда болсо, шайтандын айла-амалынан башка таяныч жок.

﴿إِنَّ كَيۡدَ ٱلشَّيۡطَٰنِ كَانَ ضَعِيفًا﴾

***«Албетте, шайтандын айла-амалы күчсүз»*** [4:76]

Себеби, силердин каршыңардагылар – наалатталган шайтаны аларга үстөм болуп алган бир топ баччабаз жана гомосексуалдар. Силер болсо, туура фитраттуу, садык ыймандуу жана акыйкатка ээрчиген кишилерсиңер. ❑

# «ЖАҢЫ» АТЕИЗМ... ИЖТИМАИЙ ФЕНОМЕНБИ ЖЕ ЖАШЫРУУН ПЛАНБЫ?

**Наср Фаяз – Абу Ибрахим**
**Килкилия – Мубарек Фалестин жери**

Америка жана Европадагы капиталисттик Батыш мамлекеттери Исламды жок кылуу жана анын бийликке келишине жол бербөө кампаниясы алкагында мусулмандарга каршы алып барган олуттуу маддий согуштарда ийгиликсиздикке учурагандан кийин фикирлер согушун баштады. Мусулмандар менен болгон ушул карама-каршылык баскычтарынын бири атеизмди күчөтүү жана мусулман мамлекеттерде кеңири жайылган феноменге айлантуу үстүндө иш алып баруу болду. Америка кафир Батыш найзасынын башы катары ушул карама-каршылыкка түрдүү каражаттарды ишке салды. Исламды күмөн астына коюу жана жок кылуу, аны башкаруудан жана колдонуудан четтетүү үчүн Исламга каршы уюштурулган жана системалуу кампаниялар башталды. Он биринчи сентябрь окуяларынан жана терроризмге каршы согуш аталышы астында Исламга каршы согуш жарыя кылынгандан кийин Америка Ислам дүйнөсүндө атеизмди колдоп-кубаттоого көңүл бурду. Ал өз максатын ишке ашыруу үчүн колдоп-кубаттаган жана күчөткөн атеизм түшүнүгүн кеңейтти. Ошентип, «жаңы атеизм» аталышы кеңири колдонулуп, аны эң көзгө көрүнгөн феноменге айлантуу үстүндө иш алып барылды.

«Жаңы атеизм» аталышы менен алга сүрүлүп жаткан атеизм түшүнүгүнө жакшыраак айкындуулук киргизүү үчүн Аллахтан тавфик сурап, ушуларды айтабыз:

- "إلحاد" (атеизмдин) лугавий мааниси: максаттан чегинүү жана бирер нерседен жүз үйрүү. Анын өзөгү «لحد» болуп, кабыр үчүн казылган аңгы түшүндүрөт. Лугатта "إلحاد" сөзү «максаттан жана акыйкаттан жүз үйүргөндөр» дегенди билдирет.

Дин жана секталар илиминин терминалогиясында атеизм – ааламды жараткан жаратуучу бар экенин четке каккан фикирий багыт болуп, бул аталыш грек тилинин «atheos» сөзүнөн алынган жана ал «кудайсыз» деген маанини түшүндүрөт. Википедия энциклопедиясында да «атеизм» түшүндүрмөсүндө дал ушул маани камтылган. Демек, атеизм аталыш катары «динди четке кагуу жана бул четке кагуунун маңызы Кудайдын бар экенин четке кагуу» деген маанини түшүндүрөт.

Ал эми, атеизмдин учурдагы заманбап маанисине (жаңы атеизмге) келсек, анын мааниси кеңейтилди. Т.а. заманбап атеизм – алардын айтымында – гуманисттик фикирлерди кабыл алуу үчүн динден жана анын чектөөлөрүнөн баш тартууну түшүндүрөт. Бул фикир эркек жана

аялдын укугун камсыздайт, плюрализм жана түрдүүлүктү кепилдейт о.э. адамдар жана алардын фикирлеринин көз карандысыздыгын колдоп-кубаттайт. Бул маани илим-фанды ыйыкташтырган жана динди этибардан четте калтырып, динди турмуштан бөлгөн илманийликке ылайык келет. Илманийлик диндин таанылышына же четке кагылышына маани бербейт.

Илим-маърифат гүлдөп-өскөн доордон кийин Батыштагы фикирий өзгөрүүлөрдүн натыйжасында пайда болгон материалисттик атеизм «заманбап атеизм» деп аталды. Себеби, андан мурун Европа мындай атеисттик фикирлерди билбегени о.э. динге ишенүү коомдо үстөмдүк кылганы үчүн ага (атеизмге) «заманбап» деген аталыш берилди.

Жаңы пайда болуп, ага «заманбап материалисттик атеизм» аталышы берилген атеизм, биринчи кезекте, Аллахтын бар экенин инкар кылууга негизделет. Атеисттер ага илим-фан, так изилдөөлөр, тажрыйба жана үйрөнүү аркылуу жетишишкенин айтышат. Социалисттик, алардын катарында, коммунисттик фикир ушул атеизмге негизделген.

11-сентябрь окуяларынан кийин Батыштагы изилдөөчүлөр жана окумуштуулар жаңы же заманбап атеизм аталышын колдонушу атеизм түшүнүгүн кеңейишинин натыйжасы болду. Себеби, батыштык изилдөөчүлөр жана аалымдар Батыштагы атеизм феноменин о.э. атеисттердин саны көбөйүшүн үйрөнүшүп жатканда аны ар түрдүү түрлөргө жана көрүнүштөргө кеңейтишкен. Ушул түрлөр жана көрүнүштөрдү өзүнө камтышы үчүн атеизм түшүнүгү да кеңейтилди.

Ушул аталышка ылайык, алардын назарында атеизм өтө көп түр жана көрүнүштөргө ээ болуп калды. Ал батыштык аалымдар, профессорлордун динсиздик жөнүндөгү окуу куралдарынан орун алды. Жазуучулардын бири атеизмдин изилдөөчүлөр жана аалымдар тарабынан алга сүрүлгөн түр жана көрүнүштөрүнүн бир бөлүгү жөнүндө мындай дейт: «Атеист – ал динди жана Кудайдын бар экенин четке каккан адам... Динсиз, бул сөз динге ишенбеген кишини түшүндүрсө да, ага ылайык, динсиздин Кудайдын бар экенин четке кагышы зарылдык болбосо да, көпчүлүк атеисттер тарабынан бул аталыш абзел көрүлөт... Антитеист – Кудайга, динге жана динге ишенгендерге душмандык мамиледе болгон атеист... Деист – ааламды Кудай жараткан деп ишенген, бирок, Анын диндер аркылуу адамдар менен байланышын четке каккан адам... Агностик – улухият жана гаиб маселелерди далилдөө жана аларга далил келтирүү да, аларды инкар кылуу да мүмкүн эмес деп ишенген киши. Ал бул нерселерди акыл түшүнүп жете албайт деп билет... Скептик – улухият далилдерин канааттандыруу үчүн жетиштүү эмес, ошол эле учурда, аларды

этибарсыз калтыруу да мүмкүн эмес деп билген киши... Ал эми, илманий (секулярист) болсо, секуляризм маддий илимге жана акылга негизделген турмушту үйрөтүүгө о.э. кызыкчылык динден тышкарыда деп эсептөөгө чакырат. Ал адамдын диний ишенимине эч кандай байланышы болбогон саясий аталыш...».

«Атеизмдин көрүнүштөрү: атеизмдин көрүнүш жана түрлөрү ал жөнүндөгү изилдөө жана изденүүлөргө ылайык айырмаланат. Бул жерде мен ал жөнүндө өзүм билгендеримдин бир бөлүгүн айтамын жана аларды бир тартипте санап өтөм. Этибарлуусу, алардын кээ бирлери башкаларын өз ичине алат. Табигый болгондой, алардын көпчүлүгү пайда болуу себебинде жана мотивдеринде бири-бирине окшош болгондуктан өз ара бири-бири менен байланышат: 1 – Фолософиялык атеизм. 2 – Илимий атеизм. 3 – Күчтүү атеисттик фикир. 4 – Күчсүз атеисттик фикир. 5 – Мутлак атеизм. 6 – Жузъий атеизм. 7 – Фатализм жана нигилизм. 8 – Өткүнчү атеизм. 9 – Акыйкатты издөөчү атеизм. 10 – Өч алуучу атеизм. 11 – Козголоңчу атеизм. 12 – Коммунисттер. 13 – Динден качуучулар. 14 – Скептиктер.». Макаладан алынган цитата бүттү.

Жогоруда айтылгандардан, атеизм эми динди жана Кудайдын бар экенин четке кагууну түшүндүрбөшүн көрөбүз. Тескерисинче, ал бир катар көрүнүш жана формаларга ээ болуп, аларды колдоп-кубаттоо үстүндө иш алып барылууда. Бүгүнкү күндө Америка жаюуга аракет кылып жаткан атеизм – бул капитализм, либерализм жана Батышты тууроо. Ал жайылышында күчтүүлүгү жана ашкерелиги менен өзгөчөлөнүп турат. Анда дин жана баалулуктарга олуттуу каршы чыгуу бар. О.э. анда тексттер, тарых жана ыйык белгилердин четке кагылышына этибар каратылган. Ал социалдык тармактарды жайылуунун негизги майданы кылып алды о.э. гуманитардык, дүйнөлүк, укуктардык оргоо маскасы астында иш жүргүзөт жана өзүн өнүгүүнүн кепилдиги катары көрсөтөт.

Ошентип, атеизм феномени жөнүндө дүйнөлүк феномен катары айтылып калды. Дүйнөнүн көпчүлүк мамлекеттеринде ал мониторинг кылынат жана ал жөнүндө статистикалык маалыматтар берилет. Башка статистикалык маалыматтарда мусулмандар үлүшү эң төмөн көрсөткүчтө көрсөтүлгөн, мусулмандардын санын эсепке алганда атеисттердин саны дээрлик жок болгон болсо да, мусулман өлкөлөрүндөгү атеисттердин саны атайылап көбүртүп көрсөтүлөт. Изилдөөлөрдөн бирине ылайык, Жакынкы Чыгыш динге ишенгендер эң көп болгон регион болуп эсептелет. Ушул изилдөөдө көрсөтүлгөндөй, дүйнө калкынын 84%дан ашыгы самавий динди ээрчигендер, же кандайдыр бир ишеним же нерсеге ишенгендер. Ал

эми, калгандары болсо, эч бир нерсеге ишенбегендер. 2010-жылы дүйнөнүн 230 мамлектинде жана географиялык регионунда 25 000ден ашуун статистикалык маалыматтарды чогултуу кампаниясында алар өздөрүн ушундай таанытышкан. Мындан көрүнүп тургандай, «Арабийя» веб сайтынын кабарына ылайык, Жакынкы Чыгыштын калкы эң көп динге ишенгендер болуп эсептелет.

Американын диндер жана ишенимдерге адистешкен «Bio Forum for Religion and Public Life» изилдөө борбору жүргүзгөн кампаниянын натыйжасында атеизм саны боюнча дүйнөдө христиандыктан о.э. эң тез жайылып жаткан хак дин болгон Исламдан кийинки үчүнчү динге айланганы тастыкталды. Британиянын Би-Би-Си маалымат агенттиги берген изилдөөгө ылайык, атеизм белгилүү бир мамлекеттерде феномен болуп, андан бүтүндөй Батыш мамлекеттери азап тартууда. Бул коомдор динди турмуштан бөлүшөт жана динди таптакыр кадырлашпайт. Мусулмандарга келсек, алардын арасында атеизм ачык көзгө урунбайт. Британиянын Би-Би-Си маалымат агенттиги бул жөнүндө мындай маалыматты берген: «... Башка изилдөөлөргө ылайык, атеизм көрсөткүчү Европада жана Чыгыш Азияда өтө жогору. Рухтардын, Кудай жана тышкы күчтөрдүн бар экенине ишенбестигин айткандар Францияда 40 %, Британияда 39 %, Швецияда 34 %, Норвегияда 29 %, Германияда 15 %, Голландияда 25 %, Австрияда 12 %ды түзөт. Рух же кандайдыр бир күч бар экенине ишенишин айткандардын саны көбүрөөк. Алар динсиздер же агностиктер деп аталат. Чыгыш Азиядагы көрсөткүч төмөнкүдөй: Кытай 61 %, Түштүк Корея 47 %. Японияда болсо абал өтө татаал. Себеби, ал жерде бир киши бир эле учурда бир нече ишенимди кабыл алган. Түндүк Америкада болсо төмөнкүдөй: Кошмо Штаттарда өздөрүн атеист деп эсептегендер 12 %, агностиктер 17 %, кандайдыр бир рух бар экенине ишенип, бирок, динсиз болгондор 37 %, Канадада 28 %». (Би-Би-Си).

Мусулман өлкөлөрүндөгү атеизмди күзөткөн киши анын табигый болбогон абал экендигин билет. Атеизм мусулман өлкөлөрүндөгү коомдордо салмактуу пайызды түзбөйт. Анын кеңейип жатканынан коркутуудан жана аны көбүртүп көрсөтүүдөн саясий максаттар көздөлгөн. 2014-жылы Саудия маалымат каражаттары «Ueyn Gallup» эл аралык изилдөө институту тарабынан өткөрүлгөн изилдөөнү жарыялады. Анда изилдөөгө катышкан саудиялыктардын 5 %дан 9 %га чейини өзүнүн атеист экендигин билдиргени айтылат. Бул көбүртүлгөн статистика. Мисир фатва мекемесине караштуу такфирий фатвалар обсерваториясы (Ислам дүйнөсүндө болгон, Батышка кул мамлеккеттерге каршы фикир билдирген жана аларга каршы курал иштетүүгө үгүттөгөн кишилерди, иш-аракеттерди кафирге чыгарган

уюм) «Глобал» институттун «Ред Си» борбору тарабынан берилген дүйнөдөгү атеизмдин индекси тууралуу сандарга айкындык киргизген отчётту жарыялады. Отчётто «Ueyn Gallup» институту тарабынан берилген сандардан башка сандар көрсөтүлгөн. Отчётто айтылгандай , Саудияда 170, Мисирде 866, Мароккодо 225, Тунисте 320, Иракта 242, Сирияда 56 жана Ливияда 34 атеист бар... Бул статистикадан көрүнүп тургандай, Ислам өлкөлөрүндө атеисттер анда-санда кезигип турат.

Ушул орунда айтып өтүү зарыл, Мисирдин «Daily News» веб-сайты кабарлашынча, Мисир фатва мекемеси атеисттерди үч топко бөлгөн:

**Биринчи:** Ислам динине каршылык билдирбеген, бирок, диндин саясатташтырылышын четке кагып, илманий мамлекет курууга чакырган атеисттер.

**Экинчи:** Исламды дин катары бүтүндөй четке каккан атеисттер.

**Үчүнчү:** Исламдан чыгып, башка динге киргендер.

Ушул орунда Иракты жана ал жердеги атеисттердин санын мисал кылып өтөбүз. «Иракта динсиздер менен атеисттердин саны канча» деген темадагы макалада карама-каршы статистикалык маалыматтар айтылган. Анда мындай делет: «... Иракта 18 жаш жана андан чоң жаштагылардын саны 18 миллионго жакын. Атеисттердин саны жөнүндөгү ар түрдүү божомолдор бири-биринен айырмаланат. Ирак дүйнөдөгү жетинчи эң диндар мамлекет экени эсепке алынса, алардын саны нөл экени айтылат. (БУУнун статистикалык маалыматтарына ылайык, ал жерде диндарлык даражасы 88 %ды түзөт). Ал-Азхардын божомолуна ылайык, алардын саны 242 кишиден ашпайт. Болжол менен эки жыл мурун атеисттердин саны жөнүндө жарыя кылган Голланд изилдөөчүсүнүн божомолуна ылайык, алардын саны 400 менен 500 тегерегинде экендиги айтылат. Өткөн айдын башында Ирактын дээрлик бардык веб-сайттары «Иракта Кудайдын өлүмү» деген темадагы Хуан Коул деген америкалык блогер тарабынан даярдалган статистикалык маалыматтарды таратты. Андагы маалыматтарга ылайык, 32 % ирактык т.а. 6 миллион киши атеист. Бул сан өтө көбүртүлгөн жана өтө күлкүлүү. Бирок, сурамжылоо Күрдстанда өткөрүлгөн болушу мүмкүн экендигин жана бүткүл Ирак абалын чагылдырбашын этибарга алганда, бул сандар тууралуу күмөн жараткан макала жана баракчаларга күбө болдук. Андан тышкары, сурамжылоонун артында тургандар белгисиз жана алардын акыйкатын аныктоо да мүмкүн эмес. Сурамжылоонун түпкү нускасын издөө жана андагы сандарды кайра карап чыгуу менен да эч ким алектенбеген. Жаратуучу бар экендигине же жоктугуна күмөн

кылгандардын бардыгы атеисттер жана динсиздердин катарына кошуубуз да мүмкүн эмес.

Ошондуктан, биз бул жааттагы изилдөө жана статистикалык маалыматтардын аздыгын, ишеничтүү эместигин жана алар Батыш тарабынан көбүртүп көрсөтүлүп жатканын көрөбүз. Биз билгендей, мындай статистикалык маалыматтар атеисттик электрондук сайттарга жана алардын байкоочуларынын санына таянат. Бул тармактагы адистер жана байкоочуларга белгилүү болгон көптөгөн объективдүү себептерге ылайык, алар так же ишеничтүү статистикалык маалыматтар эмес.

Ушуга ылайык, Батыш атеизмди күчөтүү жана колдоп-кубаттоо аркылуу аны бир феномен катары көрсөтүү о.э. атеизмди же диндерди менсибестикти кылмыш деп эсептебөө үчүн мыйзамдарды өз пайдасына өзгөртүү үстүндө иш алып барууда деп айта алабыз. Ал балдарды коргоо мыйзамы жана SEDAW конвенциясы сыяктуу атеизмди күчөтө турган кээ бир мыйзамдарды киргизип, аларды ишке ашырууга о.э. маалымат каражаттары жана социалдык тармактар аркылуу күчөтүүгө аракет кылууда. Би-Би-Си маалымат агенттиги 2015-жылы алып барган изилдөөгө ылайык, бул жаатта англис жана араб тилинде аракет кылган жүздөгөн социалдык тармактар жана маалымат каражаттары бар. Бул болсо, атеизмге жана атеисттерге чындыгында да чоң мүмкүнчүлүк берет о.э. алардын бузгунчу тезистерин өнүктүрүү болуп эсептелет. Сауд Арабия март айында сириялык алавий тобунан болгон атеист Аданисти (Али Ахмад Саидди) тосуп алды. Ал араб өлкөлөрүндө заманбап билим берүүнүн биринчи үгүттөчүсү болуп саналат. Аданис «сенек жана өзгөрмө» темасы астында Ливандагы «Ыйык Юсуф» университетинде докторлук даражасын алуу үчүн сунуштаган диссертациясында Ислам тарыхына, динге жана ахлакка чабуул кылды о.э. Аллах Азза ва Жаллага каршы согушууга ачык чакырды. Ал алкыштар менен тосуп алынды о.э. Рияз, Таиф жана Жидда шаарларында лекция окуду. Бул Америка Батыш тарабынан Исламды бузуп жок кылуу жана атеизмди колдоп-кубаттоо үчүн иштеп чыккан саясаттын алкагында болду. Анын айткандарынан алынган үзүндү: «Ислам жамаий динге же мамлекеттик динге эмес, индивидуалдык динге айланышы керек. Ансыз өнүгүүгө жетишип болбойт»; «Бүгүнкү күндө Исламда акылдуу кишилер жок жана Исламда маданият жок. Ал эми, атеизм – ижтимаий, маданий жана инсаний өзгөрүүлөр үчүн ташталган негизги кадам».

**Американын «Исламды реформалоо» аталышы астында Исламды жок кылуу жана атеизмди жаюу стратегиясы.**

Америка стратегиясы бир нече максаттарга негизделген:

1 – Исламды реформалоо: Куръандын тексттерин о.э. диний нутку жаңылоого чакыруу аркылуу аны (диний нутку) өзгөртүү.

2 – Исламдын хукмдары, Пайгамбар ﷺдын суннаты, Ислам фикхи, Ислам тарыхы, сахабалар, улуу адамдар жана аалымдар жөнүндө күмөн жаратуу о.э. аларга карата ишеничсиздикти пайда кылуу. Динди күмөн астына коюу үчүн ихтилафты жаюу о.э. анын ыйыктыгына чекит коюу жана ага каршы чыгуу аркылуу аны мусулмандардын жүрөгүнөн өчүрүү.

3 – Исламий саясий долбоорго сокку берип, анын ийгиликсиздигин үгүттөө о.э. ийгиликсиздикти Исламга жана Исламдын башкарууга кудуреттүү эместигине байлоо.

4 – Илманийликке т.а. атеизмге чакыруу жана ортоктош инсаний баалуулуктар деп аталган баалуулуктарды жаюу, алардын катарында, ибрахимий динине о.э БУУну жаңы дин деп эсептөөгө чакыруу.

Бул стратегияны ишке ашыруу үчүн Америка таалим программаларын өзгөртүү, маалымат каражаттарына көрсөтмө берүү, ушул ойрон кылуучу фикирлерди көтөрүп чыккандарды белгилүү кылып көрсөтүү, бул чакырыктарды үгүттөө, макала жана китептерди басып чыгаруу үстүндө иш алып барды. Айрыкча, социалдык тармактардагы аккаунттар жана топтор, ютуб каналдары аркылуу кибермекенге өзгөчө көңүл бурду. Ушул орунда айта кетсек, биздин өлкөлөрдөгү атеисттердин уюмдары жана топтору эл аралык тармактарга байланган жана Батыштан жардам алат.

Бул тармакта Батыш пайдаланган эң кооптуу куралдардын бири – динде илимий даражага ээ болгондор, кызматтагылар, журналисттер (жазуучулар) жана муфаккирлер деп аталган кишилер арасындагы Батышка малай мунафыктар. Алардын ролу кооптуу, иштери кара ниет жана айлакер. Себеби, алар Ислам жөнүндө күмөн ойготууга, анын негиздерине жана өкүмдөрүнө, ага байланыштуу сакафат жана шахсияларга ишеничсиздикти пайда кылуу максатында ага чабуул кылышат. Ошондуктан, биз алар Исламга байланыштуу болгон ар бир нерсени күмөн астына коюуга... мусулмандардын жүрөгүнөн орун алган сахабалар, аалымдар жана жетекчилердин үлгү экендигин жок кылууга... исламий өздүктү жана тарыхты бузуп көрсөтүүгө... шарияттын исламий акыйда, өкүмдөр жана фикхтеги өзгөргүс негиздерин бүдөмүктөштүрүп, күмөн жаратууга... Расулуллах ﷺдын суннатын жана аны топтогон имамдардын аброюн төгүүгө аракет кылышканын көрүүдөбүз. Ушул эле учурда, акылдан пайдаланып, шаръий нусусту таштоого о.э. жалгандан жалпы инсандык деп аталган илманий фикирлерге үгүттөшөт.

АКШ өкмөтүнө караштуу Ранд корпорациясы 2003-2004-жылдар үчүн даярдаган отчётунда төмөндөгүдөй маалымат берет: «Инноваторлордон (Ранд мусулмандарынан) үлгүлүү адамдарды жаратуу... Аларды тарбиялап, заманбап исламдын жүзү катары көрсөтүү. Кафирлиги, муртаддыгы же саткындыгы үчүн камакка алынышы мүмкүн болгон RAND мусулмандарын жарандардын укугун коргоочу лидерлерге айлантуу... алардын китептерин басып чыгып таратуу жана аларды мамлекеттик деңгээлде колдоп-кубаттоо... Аларды окурмандар жана жаштар үчүн китеп жазууга үгүттөө о.э. исламий таалим программаларында алардын көз караштарын алга сүрүү... Аларга массалык платформаларды жаратуу... Ушул иштерди ишке ашыруу зарыл. Усули дин – диндин негизин жеткирүүдөгү негизги маселелерде алардын фикирлери жана өкүмдөрү бардыгы үчүн ачык-айкын болушу керек. Сайттар, басылмалар, мектептер, институттар жана башка жолдор менен өз дүйнө караштарын жаюуга мүмкүнчүлүгү бар чыныгы мусулмандардын фикирлерине каршы күрөшүүдө Ранд мусулмандарынын фикири бардыгына ачык болушу зарыл». (RAND корпорациясы – Вил Дюранд негиз салган, Америка өкмөтүнө кызмат кылган, Исламга жана мусулмандарга чыныгы душман болгон уюм).

Ушул контексттe 2022-жылы 5-сентябрда TRT веб-сайтында ушул кабар пайда болду: «Үстүбүздөгү айдын башында өлкөдөгү эң ири исламий үгүттөө жана жарандык укуктары уюму эсептелген «Америка-Ислам Мамилелери Кеңеши» (CAIR) мамлекеттик департаменти Азия жана Жакынкы Чыгыштагы мусулмандар көп жайгашкан аймактарда атеисттик иш-аракеттерди күчөтүүгө каратылган грант программасына «тынчсызданауусун» билдирди».

«Демократия, адам укуктары жана эмгек» бюросунун (DRL) маалыматтарына ылайык, каражаттар белгилүү бир өлкөлөрдөгү атеист жана гуманисттерден о.э. диний аракет менен алектенбеген жана диний тайпаларга таандык болбогондордон түзүлгөн түрдүү жамааттар үчүн «адвокаттар тармактарын түзүүгө жана бекемдөөгө сарфталат».

Ушуга байланыштуу АКШ мамлекеттик департаменти «Демократия, адам укуктары жана эмгек» бюросу (DRL) аркылуу дүйнөлүк деңгээлде диний эркиндикти колдоп-кубаттаган долбоорлорго арыз тапшырууга кызыкдар уюмдар үчүн ачык тандоо жарыяланды. Бул тандоодо, өзгөчө, Азия жана Жакынкы Чыгыштагы мусулмандар көп жашаган мамлекеттерде атеизм жана гуманизмди таратуу менен алектенген уюмдарга 500 000 доллар өлчөмүндө гранттар бөлүнөт.

Бөлүнө турган бул грант ушул иш-чаралар өткөрүлүшү үчүн тандалган 2-3 мамлекетте бердик адамдардын диний эркиндиктен, диний ишенимдерге каршылык билдирүү жана диний үрп-адаттарга амал кылбоо эркиндигинен пайдаланышын камсыздоого каратылган. О.э. арыз берүүчүлөр иш-чаралардын АКШ конституциясындагы шарттарга ылайык ишке ашышын жана жемиштүү болушун камсыздоого жооптуу болот.

**Тыянак**

Атеизмге болгон даъват «мафкуралар согушу» деп аталган Исламга каршы идеологиялык күрөш астында олуттуу жүрүп жатат. Бул даъват өкүмдар системалар менен аракеттеги Ислам ортосундагы согуштун алкагында тынымсыз алып барылууда. Илманийлик жана Батыш сакафатына болгон чакырыктар алкагында күчтүү уланууда. Батыш мусулмандар арасында атеизмди жайып, Исламдан алыстатып, аны жок кылуу үчүн Ислам жөнүндө күмөн жаратууга, ихтилафтуу маселелерди жаюуга, негиз жана үлгүлөрдү жок кылууга аракет кылып жаткандыгына карабастан, түрдүү статистикалык маалыматтар жана изилдөөлөрдөн белгилүү болгондой, исламий коомдордо атеизм аз учураган (табигый болбогон) абал болуп калууда. Ошол эле маалда, Батыш коомдорунда динди турмуштан бөлүүгө чакыруу, динге этибарсыздык кылуу, илим-фанды жана илимий назарияларды ыйыкташтырып, динди эмес, илим-фанды булак кылуу натыйжасында атеизм феномени терең тамыр жайган.

Ушул көрүнүштүн (феномендин) Батышка таасири кырсыктуу болду. Фитраттын бузулушу бул кырсыктуу таасирлердин эң маанилүүсү. Гомосексуализм, порнография жана гендердик теңдик чакырыктары... рухий түшкүндүк... турмуштун оордугу... турмуш жана барлыктын аң-сезимдүү түрдө чечмеленбестиги... гарыйзалардын тизгинсиз коё берилиши жана шахваний курмарлануу артынан кууп жүгүрүү... булардын бардыгы үй-бүлөнүн бузулушуна, коомдун талкаланышына, проблема жана кризистердин күчөшүнө алып келди. Мунун натыйжасында өз өмүрүнө кол салгандар көбөйдү.

Батыш өз башынан өткөрүп жаткан нерселерди мусулман коомуна көчүрүүгө, мусулмандарды Исламды таштап, андан баш тарттырууга канчалык урунбасын, муну мусулмандар арасында жамааттык даражада ишке ашырышы мүмкүн эмес. Себеби, акыл жана хужжатка негизделген Ислам акыйдасы адамдардын жүрөгүн ээлесе, мусулмандарды дининен кайтара ала турган эч бир күч жер жүзүндө табылбайт. Андалусиядагы инквизация соттору о.э. куугунтук жана кыргындарга карабастан Советтер Союзундагы мусулмандардын динде бекем турганы бизден алыс эмес. Кытай жана Бирмада болуп жаткан

үрөй учурган окуялар да мусулмандарды дининен кайтууга мажбур кыла албады. Мусулмандар динин өзгөртөт же андан чыгат деп байге сайган киши жеңилет. Ал тургай, муътадил исламчылардын (Батыш аларды ушинтип атоону жакшы көрөт) башкаруу тажрыйбасында ийгиликсиздикке учураганына о.э. кээ бир жамааттардын туура эмес аракеттерине карап, мусулмандар Исламды колдонуу жана аны бийликке алып келүү үчүн аракет кылууну таштайт деп үмүт кылуу куру кыял. Мусулмандар жакшы билишкендей, Ислам андан жана анын өкүмдөрүнөн четке чыгуу эсептелген бардык иш-аракеттерден о.э. анын манхажына жана шариятына каршы чыккан адамдардын бардыгынан аруу-таза. Алар мындай иштерди динине байлашпайт, душмандарынын айла-амалдарын түшүнүп жетишет. Алардын колунда Аллах Тааланын Китеби жана Расулуллах ﷺдын Суннаты бар, алар аны бекем кармашат жана эч качан адашпайт.

Мусулмандар ар кандай муртадды о.э. динди күмөн астына коюу же аны жок кылууга, анын өкүмдөрүнө, мусулмандардын тарыхына жана Ислам негиздерине зыян жеткирүүгө, сахабалардын же улуу аалым жана командачылардын чырайлуу үлгүлөрүн жок кылууга аракет кылып жаткан ар кандай Батыш малайын, деңгээли жана атына карабастан, четке кагышат. Мусулмандар кафирлерди жана алардын тарпакерлерин ачуулантып, айла-амалдарын өзүнө кайтарышат.

Алар Ислам хужжат болуп, ага каршы хужжат жок экенин билишет. Ошондуктан, динин бекем кармашат, жер жүзүндө Ислам башкаруусун орнотууга жана Халифалык мамлекетинде Анын өкүмдөрүн колдонууга аракет кылышат. Мусулмандар он үч кылымдан ашуун жер жүзүн башкарышты. Ислам мамлекети кылымдар аша дүйнөдө биринчи мамлекет болуп келди. Аларга нусрат, үстөмдүк жана пайгамбарлык минхажы негизиндеги экинчи рошид Халифалыктын кайра тикелениши убада кылынган. Келечекте Халифалык бүткүл жер жүзүн фатх кылат жана Ислам бардык диндер үстүнөн жеңишке жетет. Аллах Таала айтат:

﴿يُرِيدُونَ أَن يُطْفِـُٔواْ نُورَ ٱللَّهِ بِأَفْوَٰهِهِمْ وَيَأْبَى ٱللَّهُ إِلَّآ أَن يُتِمَّ نُورَهُۥ وَلَوْ كَرِهَ ٱلْكَٰفِرُونَ ۝ هُوَ ٱلَّذِىٓ أَرْسَلَ رَسُولَهُۥ بِٱلْهُدَىٰ وَدِينِ ٱلْحَقِّ لِيُظْهِرَهُۥ عَلَى ٱلدِّينِ كُلِّهِۦ وَلَوْ كَرِهَ ٱلْمُشْرِكُونَ﴾

***«Алар Аллахтын нурун*** *(Исламды)* ***ооздору*** *(т.а. пайдасыз сөздөрү)* ***менен өчүрмөкчү болушат, Аллах болсо,*** *(кафирлер)* ***каалашпаса да Өз нурун толук жаюуну каалайт. Ал*** *(Аллах)* ***Өз Расулун хидаят жана хак дин менен – мушриктер каалашпаса да – бардык диндерге үстөм кылуу үчүн жиберген Зат»*** [9:32-33] ❑

# БАТЫШ ХАЗАРИЙ ДОЛБООРУНУН ИЙГИЛИКСИЗДИГИ

**Мухаммад Ияс**

Фасад (бузгунчулук) – умматтар жана калктарды кыйын абалга сала турган оорулардын бири жана калктардын жок болуусунун негизги себеби. Ал ишенимге тиешелүү маселелердеги, экономика жана таалим тармагындагы, маалымат каражаттарындагы, ахлакый маселелер жана коопсуздук тармагындагы бузгунчулукту өз ичине алат. Куръани Каримде фасад сөзүнүн көп маанилери, күнөө, жок болуу, кыйроо, мункар жана ойрон болуу сыяктуу маанилери бар... Фасад (бузгунчулук) жана фасад таркатуучулардын зыяндарынын бири ушул – ал коомдор жана умматтардын жок болуусуна алып келет.

Бүгүнкү күндө дүйнөдө кеңири жайылып жаткан жана умматтардын жок болуусунан кабар берип жаткан фасаддардын катарына ушулар кирет:

Зулум: Куръани Каримдин көптөгөн аяттарында зулум умматтардын жок болуп кетүүсүнүн себептеринин бири катары айтылат. Аллах Таала айтат:

﴿وَتِلۡكَ ٱلۡقُرَىٰٓ أَهۡلَكۡنَٰهُمۡ لَمَّا ظَلَمُواْ﴾

***«Тиги шаарларды** (алардын калкын, алар) **зулумдук кылган соң, жок кылдык»*** [18:59]

﴿وَكَمۡ قَصَمۡنَا مِن قَرۡيَةٖ كَانَتۡ ظَالِمَةٗ﴾

***«Канча залим-кафир болгон шаар-кыштактардын** (калкын) **жок кылдык»*** [21:11]

Булардан башка аяттарда да зулум кырсыкка учураган мурунку умматтардын кыйроосунун себептеринин бири катары келген.

**Зулумга кошумча кылмыш жана күнөөлөрдүн көптүгү.** Бизге белгилүү болгондой, Батыш эки жүз жылдан бери дүйнөгө жетекчилик кылып келет. Биз төмөндүккө жана фикирий сенектикке учураган, жерге (өлкөбүзгө) жабышып алып, Аллахтын рисалатына кайдыгердик кылган күнүбүздө, Батыш жетекчиликти Ислам Умматынан тартып алган... Батыш бийлик тизгинин өз колуна алган соң, турмуштун бардык тармактарында фасад (бузгунчулук) баштады. Бүгүн Европа жетишкен саясий, ижтимаий жана экономикалык өнүгүү бизде суктанууну пайда кылбайт. Себеби, бул хазаратта канкордук, ак түстүүлөрдүн текебердигин камтыган жийиркеничтүү текчилдик жатат. Бүгүнкү Батыш бул текебердикти мурунку хазараттардан мурас кылып алган, Батыш калктарынын саясий жана популисттик багытын

ушул текебердик түзөт. Заманбап Батыштын жолун аң-сезимдүү түрдө күзөткөн ар бир киши Батыш андан мурунку, ага жакын ар кандай хазараттан кутулууга умтулган хазараттардын бузулган (майып) эмбриону экенин билет. Ачуу тарыхка жана түрдүү вакиъликке этибарсыз болгон кээ бир кишилер алга сүрүп жаткан «хазараттар диалогун» бул хазарат кабыл албайт. Ал өзүнөн башкасы таасирдүү жана бүтүндөй бийлик ээси болушуна да ыраазы болбойт.

Тарыхты дыкат окуган киши Батыш хазараты өзүнүн узун тарыхында эксклюзивдүү жандашуусу менен өзгөчөлөнүп турганын билет. Ал башкаларды шериктеш катары эмес, касташкан атаандаш жана ыктымалдуу душман катары көрөт. Тарых жана биз жашап жаткан вакиъلик жалган сүйлөбөйт. Батыштын тынчтык, эркиндик жана демократия жөнүндөгү жалгандарын жана башка көптөгөн жалган чакырыктарын көрсөткөн ондогон, ал тургай, жүздөгөн отчёттор бар. (Батыш коомунун жалгандарын жана бузгунчулугун оозго алып өтүүгө ушул макалада орун жетишпегендиктен, алардын бир бөлүгүн айтып өтөбүз). Батыштын аялдардын укуктары, аларды коргоо жана башка ушул сыяктуу сөздөрүнөн чачтар агарып кетти. Аялды азиз жана корголуп жашап жаткан мамлекетинен (үйүнөн) чыгаруу үчүн биз аларды коргойбуз деп чыгышты. Перзенттерин жакшы тарбиялашы үчүн алгач аялдын билим алышын талап кылып: «Эгер, энеге билим берилсе, ал жакшы кулктагы элди даярдай турган устат болот», - дешти.

Алар муну ишке ашырышкан соң, аны үйүнөн алып чыгышты. Анын балага да, жолдошуна да, өзүнө да пайдасы тийбеди. Биз ээрчиген Батыш аялдары үйгө кайтууну талап кыла башташты. Муслима аял да өзү түшүп калган оор абалдан чыгуу жолун издеп, туурап Батыш аялын ээрчиди. Ал эми, ата, эр жана бала гаюрлукту (кызганууну)ну жоготуп, аялды өз абалына таштап, анын мээнетинин мөмөсүн жегенге адаттанып калгандан кийин эненин үйгө кайтуу үчүн алып барган күрөшү үйдөн чыгуу үчүн алып барган күрөшүндөй жеңил болбойт. Мисалы, Британия адилет министри Доминик Рааб аялдарды коргоого, аларга эркиндик жана укуктарды берүүгө о.э. алардын өздөрүнө болгон ишенимдерин кайра тикелөөгө чакырды. Ал кошумчалап мындай деди: «2020-жылдын март айына чейин 12 айда 1.6 миллион аял үй-бүлөлүк зомбулуктун курманы болгон, 600 миңден ашык аял жыныстык зомбулукка, 900 миңге жакын аял тийиштикке учураган». Эгер, Батыш өкмөттөрүнүн өз калкына камкордук кылышы жөнүндө сүйлөй турган болсок, федералдык өкмөттүн статистикасына ылайык, үйсүздөрдүн саны үрөй учурарын көрөбүз. АКШ үй-жай департаментинин отчётунда көрсөтүлгөндөй, Кошмо Штаттарда ар

түндө 553 000 үйсүз адам күзөтүлөт. Тынчтык жана адам укуктарын коргоо жөнүндөгү сөздөр да жалган. Себеби, социалдык тармактардагы, спутникалык каналдардагы жана маалымат булактарындагы жалгандардан да адамдын чачы агарып кетет. Алар өздөрүн тынчтык жана сүйүү-махабатты жактаган адамдар деп көрсөтүшөт. Эгер, биз бир аз артка назар салсак, бул курулай сөздөрдүн ээлери Биринчи дүйнөлүк согушта кандай жоготууларга дуушар болгонун көрөбүз. Себеби, аскерийлер жана катардагы калк арасындагы жарадарлар жана өлгөндөрдүн саны 37 миллион кишини түздү. Муну менен бул согуш Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки эң кандуу согушка айланды. Ал эми, Экинчи дүйнөлүк согуш болсо, тарыхтагы эң кандуу аскерий согуштардын бири болду. Бул согушта курман болгондордун саны 60 миллион кишиге жетти. Бул көрсөткүч ошол убакта бүткүл дүйнө калкынын 2.5 %дан ашыгын түзгөн. Бул орунда коопсуздук тармагына, экономикалык жана ижтимаий абалга тиешелүү башка көптөгөн бузгунчулуктарды мисал кылып келтирүү мүмкүн. Алар айтып жаткан эркиндик кана?! Ырахат-бакубатчылык, тынчтык-амандык кана?! Булардын бардыгы аларга көз каранды маалымат каражаттары аркылуу таратылып жаткан жалгандар. Бирок, түпкү акыйкат мындан бүтүндөй айырмаланат. Европага көчүп баргандар жашоо өтө кымбат экенин, кеңири жайылган бузгунчулукту, жогору салыктарды жана башка көптөгөн абалдарды көрүп таң калышты. Булардан кийин жемирилип жаткан ушул хазараттан кулабаган бирер нерсе калдыбы?!

Адамдын фитратын, абийирин, ахлагын жана уятын, ал тургай, эң жөнөкөй укуктарын тебелеген бул бактысыз хазараттын жер жүзүнө өкүмдарлык кылышына ишенгендер дагы эле барбы?! Бүгүнкү күнгө чейин алар ондогон чечимдерди чыгарышты, бул токтомдор гомосексуалдыкка, тизгинсиз эркиндикке, мыйзамдуу түрдө баңгизаттарды колдонууга о.э. сойкулукка, балдар жана аялдарды зордуктоого уруксат берет. Ушул хазараттын кулап жатканы анык көрүнүп калды. Батыш аренасында толкундатуучу, этибарды тартуучу темалар менен көптөгөн китеп жана изилдөөлөр пайда болду, аларда Батыш хазаратынын кулап жок болуп кетиши жөнүндө сөз болот. Алардын кээ бирлери Батыштын кулашына тиешелүү темалар менен чыгарылган болсо, башкалары Батыш коомунун моралдык жана ахлакый кыйроосу... үй-бүлө институтунун кыйрашы... бардык түрдөгү кылмыштардын жайылышы... заманбап режимдердин зомбулук жана ички тартипсиздиктерге каршы тура албашы... өз өмүрүнө кол салгандардын көбөйүшү... заманбап философиянын адамдын аң-сезимине каршы кескин көз караш жана фикирлерге туруштук бере

албашына арналган атайын бөлүмдөр алкагында мына ушул теманы талкуулайт.

Батыш алсыздыкты жана ооруну башынан өткөрүп жатканына карабастан, башка хазараттарга каршы күрөштү улантууда жана башка мамлекеттерге каршы жаңы күрөштөрдү келтирип чыгарууда. Мисалы, Батыш менен Россия ортосундагы күрөш. Бул, баалуулуктар күрөшү эмес, таасирге ээ болуу жана материалдык пайдаларды колго алуу күрөшү. Батыштын Кытайга каршы күрөшү да баалуулуктар үчүн күрөш эмес, ал соода согушу. Батыш менен Ислам ортосунда баалуулуктар жана жашоо таризине байланыштуу күрөштүн болушу шексиз. Бүткүл Батыш хазараты, Европа, Америка жана башка мамлекеттердин хазараты жер жүзүндө адам үчүн коопсуз, таза жашоону куруудa бүтүндөй ийгиликсиздикке учурады. Өлкө ичинде же сыртында башталган согуштардын жалыны себептүү адамдар арасында коркуу жана тынчсыздануу жайылды, адамзаттын кырсыктары дагы да күчөдү. Америка же Европа расмийлери тарабынан берилген убадалар аткарылбады. Аянычтуу вакиълик кудум «ким өзүн куткара алса, куткарсын» деп айтып жаткандай.

Капитализм жана анын үрөй учурган өсүшү, демократия жана анын маалымат каражаттары адам үчүн коопсуздукту жүзөгө чыгарбады, ырахат-бакубатчылык алып келбеди, жакырчылык жана ооруларды алдын ала албады. Мындан тышкары, бүткүл жер жүзүндө уурулук, адам өлтүрүү, бузгунчу иштердин жайылышы, баңгизат, адилетсиздиктин жайылышы, коопсуздуктун жоголушу, баскынчылык жана талап-тоноо сыяктуу түрдүү көрүнүштөгү кылмыштар көбөйдү. Жер жүзүндө бузукулук (балээ-кырсыктар) жүз берди жана анын коркунучу күчөдү. Бүгүнкү адам ага коркунуч салып жаткан чыныгы коркунуч астында жашап жатат. Адам бул коркунуч алдында дээрлик шал абалга келген. Анын күчүн каалоо-нафси шал кылган. Ошондуктан, көздөр сокур, кулактар укпайт, кудум эч ким аны куткаруу жөнүндө ойлобой жаткандай! Кудум бардыгы чөгүп кеткендей! Жер жүзүндө чар тараптан аны ойготуу жана эскертүү үчүн бир добуш «Аллаху Акбар, Аллаху Акбар» деген такбир жаңырат.

Биз башыбыздан өткөрүп жаткан бул абал башында эмне менен оңдолгон болсо, ошол нерсе менен гана оңдолот. Т.а. Расулуллах ﷺдын укаб байрагынын көлөкөсү астындагы рошид Халифалык мамлекетинде Ислам менен башкаруу... Ислам рисалатын жеткирүүдө Расулуллах ﷺдын тарыйкатын ээрчүү... Исламга негизделген уюмду түзүү аркылуу оңдолот. Исламга негизделген бул уюм Умматка таасир өткөрүп, анын арасындагы күч-кубат ээлеринен нусрат сурайт. Ал Аллах Таала ага нусрат берип, Ислам мамлекети тикеленгенге чейин

ушул негизде иш алып барат. Умматтын абалынын оңдолушу ушул негизде ишке ашат, жалгыз ушул негизде Уммат ойгонот жана өзүнүн мурунку азиздигине, рошид Халифалыкка кайтат. Халифалык өлкө ичинде Исламды колдонот, даъват жана жихад аркылуу Исламды бүткүл дүйнөгө жаят. Хаким жана Азиз Аллахтын Өзү ага жардам берет.

﴿إِنَّا لَنَنصُرُ رُسُلَنَا وَٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ فِي ٱلْحَيَوٰةِ ٱلدُّنْيَا وَيَوْمَ يَقُومُ ٱلْأَشْهَـٰدُ﴾

***«Албетте, Биз пайгамбарларыбызга жана ыйман келтиргендерге бул дүйнө тирүүлүгүндө да, күбөлөр тура турган Күндө да жардам беребиз»*** [40:51]

**Эй, мусулмандар,** адамзатты бузгунчу капиталисттик түзүмдөрдөн куткаруу – силердин милдетиңер. Силер адамдар үчүн чыгарылган, жакшылыкка буйруп, жамандыктан кайтара турган эң жакшы Умматсыңар. Силер бул сыфатыңар менен бүткүл адамзатты куткарууга, аларды капитализмге ибадат кылуудан жалгыз Аллахка ибадат кылууга, капитализм зулумунан Ислам адилетине, бул дүйнө тардыгынан ахирет кеңдигине алып чыгууга кудуреттүүсүңөр. Я Робби, Өзүң убада кылган нусратыңды тездет! ❑

# БАТЫШТЫН КАТУУ ЧАБУУЛУ ИСЛАМ УММАТЫНЫН ХАЛИФАЛЫК МАМЛЕКЕТИН ТИКЕЛӨӨСҮН ТАПТАКЫР ТОКТОТО АЛБАЙТ

**Халид Мухаммад**

Ислам Умматына жана мусулмандарга каршы Америка жана Батыш башчылыгындагы капитализм жүргүзүп жаткан катуу чабуул эч кимге жаңылык эмес. Капитализмдин артынан коммунизм, иудизм жана башка диндердин мусулмандарга каршы чоң согуш баштаганы да эч кимге сыр эмес. Яхудийлер Расулуллах ﷺга жана анын улуу сахабаларына каршы эзелтен айла-амалдарды кылып келишкен. Бирок, бул айла-амалдардын бардыгы ачыкталды. Мусулмандарга каршы катуу чабуул даъват башталган күндөрдөн тартып, бүгүнкү күнгө чейин таптакыр токтободу, токтобойт дагы. Себеби, Ислам – жалгыз Аллахка жана Ал түшүргөн шарияткa ыйман келтирүүгө негизделген дин. Ислам – динге даъват кылууга, Аллахтын динин жихад жолу менен жаюуга жана адамдарды Аллахтын динине алып кирүүгө негизделген дин. Демек, бул динге башка ишеним ээлери каршы чыгышы, ал чакырып жаткан акыйкаттарга ар түрдүү жалган-жалаалар менен каршы чыгышы табигый.

Ага карабастан, Ислам аймактары кеңейип, мусулман өлкөлөрү чыгыштан Индонезиядан тартып, батышта Магриб өлкөлөрүнө, түндүктө Европа континентинин ичине, түштүктө болсо Африка континентинин борборуна чейин жетти. Мусулмандардын башка дин жана башка ишенимдер менен кагылышышы натыйжасында Ислам Умматына болгон душмандык күчөдү. Ушул душмандыктын айрым жактарына токтолуп өтөбүз:

1 – Мусулмандардын ишенимдериндеги туруктуулукту бузуу үчүн алардын этибарын исраилият жана Расулуллах ﷺга каршы ойлоп табылган хадистерге тартуу. Хадис жана фикх уламалары бул ишти өз колдоруна алып, алардын бардык айла-амалдарын жокко чыгарышты. Буга кошумча мусулмандар өздөрү да шек-күмөн жок болгон акыйдасын бекер кармашты жана анда бекем турушту.

2 – Маал-маалы менен Ислам мамлекетине каршы уюштурулган аскерий жүрүштөр. Мусулмандар өз акыйдасында күчтүү болушкандыктан, кайраттуулук, курманчылыкты жана Аллахтын жолунда жихад кылууну жакшы көрүшкөндүктөн о.э. акыйкат үстүндө бекем турушкандыктан алардын бардык чабуулдары ийгиликсиз болду. Мусулмандар бул турмуш алдоо экенин жана Ахырет болсо түбөлүк экенин түшүнүп жетишти. Ушул себептерге ылайык, мусулмандар өз чегараларын бекем кайтарышып, өлкөлөрүн коргошту жана мал-жандары менен жихад кылышты.

3 – Душмандар мусулмандардын аскерий кубатын, аларды аскерий жактан жеңе албашын түшүнүп, хижрий 625-жылы Кипрден Ливанга жашыруун коомдор аркылуу миссионердик кыймылдарды (топторду) жөнөтүү жолуна өтүштү. Жогоруда айтып өткөнүбүздөй, мусулмандар күчтүү жана өз ишенимдерине садык болгондуктан бул коомдор тез эле ийгиликсиздикке учурады.

Ислам мамлекетине каршы душмандык жана фитна түрдүү көрүнүш жана усулдарда уланды. Аллах Таала айтат:

﴿إِنَّ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ يُنفِقُونَ أَمْوَٰلَهُمْ لِيَصُدُّواْ عَن سَبِيلِ ٱللَّهِۚ فَسَيُنفِقُونَهَا ثُمَّ تَكُونُ عَلَيْهِمْ حَسْرَةً ثُمَّ يُغْلَبُونَ﴾

***«Албетте, кафир болгон кимселер байлыктарын Аллахтын жолунан тосуу үчүн иштетишет. Анан, аны сарпташат го, кийин ошол*** *(байлыктары)* ***өздөрүнө өкүнүч болот, андан соң жеңилишет»*** [8:36]

Кафир Батыш 17-кылымда өнөр жай тармагында ойгонуу күчүнө чыккан учурда Европада билим алып жаткан студенттер үчүн билим берүү борборлорун, ошол эле маалда, фитна очокторун жаратты. Берлин, Париж жана Салоникидеги мындай борборлордун Ислам мамлекетине жана мусулмандарга каршы тил бириктирүүсү ашкере алып барылган. Истамбулда да ушундай борбор түзүлдү. Бирок, анын тил бириктирүүсү жашыруун болгон. Ушул борборлор мусулман студенттерине таасирин өткөрө алган. Алардын түркийлик, арабийлик деген улуттук туйгуларын козута алган. «Биримдик жана өнүгүү партиясы», «Түркия жаштары партиясы» сыяктуу түрк улутчулдугуна негизделген партияларды түзүүгө жетишкен. Ал эми, Шамда жана башка мусулман өлкөлөрүндө араб улутчулдугу негизинде партияларды түзүшкөн. Усманий Халифалыктын акыркы доорунда «Биримдик жана өнүгүү партиясы» бийликти алууга жетишкен. Алар Биринчи дүйнөлүк согушка союздаштарга каршы Германия тарапта туруп согушка кириши о.э. кылмышккер Мустафа Кемал, Аль Сауд жана Иорданиядагы Бану Хашимдин тил бириктирүүсү натыйжасында союздаштар Усманий Халифалыкты, арийне, 1300 жыл өкүм сүргөн Халифалык мамлекетин кулатышты.

Халифалыктын кулатылышы мусулмандарга үрөй учурган зилзаладай болду. Англия жана Франция жетектеген союздаштар Сайкс-Пико келишими жана кылмышкер Мустафа Кемалдын фитнасы аркылуу Ислам дүйнөсүн 50гө жакын арзыбаган мамлекеттерге бөлүп салышты. Мусулман өлкөлөрү куфр улуту болгон Англия, Франция, Италия жана башка колонизатор баскынчылар тарабынан бүтүндөй басып алынды. Кафир Батыш мусулмандардын түшүнүктөрүн өзгөртүп,

аларды акыйдасынан чалгытуу үчүн алардын өлкөлөрүнө, сакафий, ижтимаий, саясий жана хазарий чөйрөгө өзүнүн фикирий системасы менен кирип келди. Бирок, эч канча убакыт өтпөстөн Ислам дүйнөсүндөгү мусулмандар кафирлердин соккуларына жооп кайтара башташты, жаңы колонизаторлукка каршы ыңкылаптар башталды. Бул ыңкылаптарда бир нече усулдар колдонду. Айрымдар кээ бир мамлекеттерде болуп өткөн шайлоолорду бойкот кылышты, айрымдары курал көтөрүштү, айрымдары болсо, саясий күрөштү мойнуна алышты. Ушул орунда суроо жаралат: колонизаторлук ага каршы үлкөн массалык басым астында Ислам дүйнөсүндөгү мамлекеттерден оңой эле чыгып кетеби?

Куфр башы Британия жана аны ээрчиген башка колонизатор мамлекеттер айрым мусулман перзенттерин сатып алууга жана алардын малайлыгын камсыздоо үчүн аларды мусулман өлкөлөрүнө аким кылып дайындашты. Мына бүгүн биз ошолордун зулуму астында азап тартып жатабыз. Ошентип, колонизатор мамлекеттер болжол менен бир кылым биздин мал-мүлк жана байлыктарыбызды соруп келүүдө. О.э. алар өздөрүнүн малайлары жана саткын өкүмдарлардын жардамында исламий жандашуулардан жана ишенимибизден алыс болгон, инсан колу менен жаратылган-вазъий конституцияны киргизишти. Ислам мамлекети монархия, республика жана салтанат кантондоруна бөлүнүп кетти. Бирок, колонизатор ушуну менен чектелбеди?! Аллах Таала айтат:

﴿وَلَن تَرۡضَىٰ عَنكَ ٱلۡيَهُودُ وَلَا ٱلنَّصَٰرَىٰ حَتَّىٰ تَتَّبِعَ مِلَّتَهُمۡۗ﴾

***«Яхудий жана насронийлер алардын динине кирмейинче эч качан сенден ыраазы болушпайт»*** [2:120]

Өткөн кылымда колонизатор мамлекеттер биздин өлкөлөрүбүзгө саткын өкүмдарлардын жардамында Батыштын пайдубалына негизделген жүздөгөн эл аралык уюм, органдар жана бирикмелерди киргизүүгө жетишти. Мына бүгүн пакиза муслима аялдарды чечиндирүү үчүн CEDAW конвенциясы жетип келди. Балдардын абийирин булгоо үчүн балдардын укугун коргоо уюмдары, гомосексуалдардын уюмдары арабызга кирип келди. Ла хавла ва ла куввата илла биллах.

Миладий 1924-жылы коммунизм өзүнүн түшүнүктөрүн биздин өлкөлөрүбүзгө алып кирип, айрым мусулмандардын фикирин өзгөртө алды. Кийинчерээк ал кыйрады. Америка жана Батыш да саткын мусулман өкүмдарларынын жардамында чириген капитализмди колдонду жана ал салыштырмалуу ийгиликке жетишти. Андан кийин Америка мусулмандардын түшүнүктөрүн жана ишенимдерин өзгөртүү

үчүн Ислам дүйнөсүнө өзүнүн фикирий, сакафий, саясий жана медиа системасы менен кирип келди. Ал муну менен чектелген жок. Америка Афганистанды болжол менен 20 жыл басып алууга аракет кылды, бирок, ийгиликсиздикке учурады. Иракты басып алды жана ийгиликсиздик дагы эле анын тагдыры болуп калууда.

Америка мусулмандардын жашоосундагы ар кандай чоң-кичине нерселерге аралашты. Инша Аллах, ал бул иштерде да ийгиликсиздикке учурайт. Алар Фалестиндеги яхудий вужудун болжол менен 70 жыл колдоп-кубатташты. Фалестин калкына зулум өткөрүштү. Ислам дүйнөсүнүн жүрөгүнө бул таштанды вужудду орнотуп алышкандан кийин Фалестин турмуш майданына кайтпашы үчүн эгин жана насилди ойрон кылышты.

О.э. өткөн кылыамдарда ушул ачуу жана кайгылуу вакиъликтен кутулуу үчүн диний жана улуттук партиялар пайда болду. Бирок, алар ийгиликсиздикке учурады. Себеби, алар Ислам Умматын башкарып кетүү үчүн келечектүү жана анык түшүнүккө ээ эмес эле. Ошентип, Азхар мударриси, Фалестин перзенти, улуу аалым шейх Такиюддин Набаханий рахимахуллах майданга чыкты. Ал киши өткөн кылымдын 50-жылдарынын ортолорунда Хизб-ат-Тахрирге негиз салды. Чындыгында, бул аалым Умматты кайгылуу, ачуу вакиъден куткаруу жөнүндө анык түшүнүккө ээ болгон. Ал ондогон китептерди жазды: «Мукаддиматуд дастур», «Башкаруу түзүмү», «Экономика түзүмү», «Ижтима түзүмү» жана башка көптөгөн эмгектер. Шейх Набаханий рахимахуллах колонизатор кафирге жана Ислам Умматынын жүрөгүнө канжардай сайылган саткын өкүмдарларга карыш күрөшүү үчүн Ислам акыйдасына негизделген, жоопкерчиликти атазалоочу (иш алып баруучулардан күнөөнү сакит кылуучу) жамааттын биринчи ядросун калыптандырууга жетишти. Ушул Хизб бүгүнкү күнгө келип пайгамбарлык минхажы негизиндеги Рошид Халифалыкты тикелөө аркылуу Исламий жашоону кайрадан баштоо үчүн исламий жана исламий эмес 50дөн ашык мамлекетте өз ишин алып барууда. Расулуллах ﷺ айтат:

«لَا تَزَالُ طَائِفَةٌ مِنْ أُمَّتِي يُقَاتِلُونَ عَلَى الْحَقِّ ظَاهِرِينَ إِلَى يَوْمِ الْقِيَامَةِ»

**«Умматымдан бир тайпасы акыйкат үстүндө үстөм болуп турушат. Каршы чыккандар аларга зыян жеткире албайт. Аллахтын буйругу** (Кыямат сааты) **келгенге чейин, алар үстөм болуп калышат».**

Башка бир риваятта «**... аларды жардамсыз таштап койгондор...**» деп айтылат. Демек, биз да ошол Расулуллах ﷺ мактагандардын катарында болууну жана Хизб-ат-Тахрир ошол макталган тайпадан болушун Аллахтан сурайбыз. Хизб мүчөлөрү ар кандай азап-

кыйынчылык, куугунтук, камакка алуу жана өлтүрүүлөргө карабастан, сабыр жана кайрат менен аракет кылышууда. Алар Умматты ойготуу жана пайгамбарлык минхажы негизиндеги Рошид Халифалыкты тикелөө үчүн Аллахтын жолунда эч бир жемелөөчүнүн жемесинен коркпостон иш алып барышууда.

Эй, Ислам Умматынын перзенттери! Расулуллах ﷺдын бул сөздөрүн укпагансыңарбы?!:

«مَنْ خَلَعَ يَدًا مِنْ طَاعَةٍ، لَقِيَ اللَّهَ يومَ القِيَامَةِ لاَ حُجَّةَ لَهُ، وَمَنْ مَاتَ وَلَيْسَ فِي عُنُقِهِ بَيْعَةٌ، مَاتَ مِيتَةً جَاهِلِيَّةً»

**«Ким Аллахтын итаатынан колун тартса, Аллахка хужжатсыз жолугат. Ким мойнунда байъат болбогон абалда өлсө, ал жахилият өлүмүн тааптыр».**

Силерге кордук-зардык жетиштүү болбодубу?! Расулуллах ﷺдын сөздөрүнөн насаат албайсыңарбы? Жахилият өлүмүн табууга ыраазысыңарбы? Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Рошид Халифалыкты тикелөө үчүн Хизб-ат-Тахирге таяныч болуп, нусрат берилген тайпадан болууну каалабайсыңарбы?

Аллахым! Бизди ушул тайпанынын күбөлөрүнөн жана анын аскерлеринен кылгын!

Аллахым! Сен бүткүл ааламдар Роббисисиң. Өзүң бизге Рошид Халифалыкты көрүүнү насиб кыл!

Саййидибиз Мухаммад ﷺга Аллахтын дубасы жана саламы болсун!

﴿وَٱللَّهُ غَالِبٌ عَلَىٰٓ أَمۡرِهِۦ وَلَٰكِنَّ أَكۡثَرَ ٱلنَّاسِ لَا يَعۡلَمُونَ﴾

***«Аллах Өз ишинде үстөмдүк кылуучу, бирок, адамдардын көпчүлүгү* (муну) *билишпейт»*** [12:21] ❑

# ПАКИСТАН КУРАЛДУУ КҮЧТӨРҮН КАРЖЫЛООНУ КЫСКАРТУУ – ИНДИЯНЫН ТААСИРДҮҮ РЕГИОНАЛДЫК КҮЧ КАТАРЫ БЕКЕМДЕЛИШИНЕ МҮМКҮНЧҮЛҮК БЕРҮҮ

**Мухаммад Салжук – Пакистан вилаяты**

Халифалык мамлекети жок болгондуктан мусулмандар өз күч-кубатын жана саясий көз караштарын колдон чыгарышты. Миладий 1924-жылдан кийин башына түшкөн көптөгөн кырсыктар ириминде Ислам Умматы чет мамлекеттердин кол салуусунан өзүн коргоо жөндөмүн жоготту. Мындан да жаманы, Халифалык мамлекети ыдырап кеткенден кийин түзүлгөн улуттук мамлекеттер Батыш союздарына же Советтер Союзуна сиңип кетти. Бул болсо, кафир колонизатор мамлекеттерге коргоонуу тармагын толук көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгүн берди. Пакистан, Иран, Түркия жана Мисир сыяктуу ири исламий өлкөлөр өздөрүнүн коргоонуу системасын Америка же НАТОнун үстөмдүгүнө жана принциптерине ылайык түрдө тартиптештирди. Натыйжада, исламий өлкөлөр бир тараптан Батыш коалиция системасынын Советтер Союзуна каршы ишин жеңилдеткен болсо, башка тараптан региондо бири-бири менен атаандашуу менен алек болушту. Бул атаандаштык деколонизация деп аталган нерсе менен башкарылды. Өз кезегинде, малай өкүмдарларга региондогу исламий ресурстардан пайдаланууну чектөө милдети жүктөлдү.

Британия исламий индия жарым аралын экиге бөлдү. Ушул бөлүнүүдөн Пакистан менен Индия ортосунда чыккан атаандаштык эки мамлекеттин чоң куралдуу күчтөргө ээ болушуна жана Түштүк Азияда бири-бирине каршы туруу үчүн коргонууга өлкөн каражаттарды бөлүүгө алып келди. Пакистан түзүлгөндүн алгачкы кырк жылында Батыш коалиция системасынын бир бөлүгүнө айланган болсо, Индия Советтер Союзу менен союздаштай болуп көрүнсө да, түпкүлүгүндө, ал Британия таасири астында эле. Суук согуш аяктагандан кийин дүйнөлүк стратегиялык көрүнүш өзгөргөн сайын Түштүк Азиядагы регионалдык аскерий абал да өзгөрө баштады.

Индия менен Пакистандын коргонууга бөлгөн каражаттарын талдоо жана салыштыруу өтө маанилүү. Эмне үчүн Пакистан коргонууга аз каражат сарптап жатканынын себебин жана бул нерсе кубат ээлерине коркунуч туудурушун түшүнүшүбүз зарыл. Төмөндө көрсөтүлгөн далилдер экөөсүнүн стратегиясына жана билдирүүлөрүнө негизделген жана Индия менен Пакистан ортосундагы аскерий кубатта дисбаланс күчөп бара жатканын көрсөтөт. Биз бул жагдайдан абалды жаңы модель менен кантип чечүү жөнүндө тыянак чыгаруубуз мүмкүн. Күч-кубат ээлерине байланыштуу ушул маанилүү тема жөнүндө көбүрөөк фикир жүргүзүү зарыл. Анткени, Пайгамбарлык минхажы негизиндеги

экинчи рошид Халифалык мамлекетин тикелөөдө мусулмандар ушул күч-кубат ээлеринен нусрат сурашат.

**Американын суук согуштан кийинки күн тартиби**

Американын дүйнөлүк күн тартиби Советтер Союзунан кийин Европада өз таасирин күчөтүүгө жана 1991-жылдан кийин Азияда бирер супер күчтүн пайда болушуна жол бербөөгө багытталды. Суук согуш доорунда Америка Советтер Союзун изоляция кылуу үчүн Кытай менен союз түздү. Ага карабастан, Кытайдын Азия жана Тынчтык океаны регионунда атаандаш болуп чыгуу мүмкүндүгүнөн тынчсызданып, анын өнүгүшүнө тоскоолдук кылуу жана көзөмөлдөө үчүн аны эркин базарды камсыздаган дүйнөлүк уюмдарга кошууга аракет кылды. Американын дүйнөдөгү гегемондугуна коркунуч сала турган экинчи коркунуч – бул исламий өлкөлөрдүн күчтүү Халифалык мамлекети астында биригиши, айрыкча, бүткүл дүйнөдөгү Ислам Умматы Батыштын колонизатордук баалуулуктарын четке кагып, исламий жашоо таризине кайтууга умтулушу. Америка жана Батыш разведкасы муну дыкат күзөтүп жатат. Ошондуктан, Түштүк Азия региону 90-жылдардын ортолорунда Американын көңүл борборунда болду.

Миладий 1947-жылы мусулман индия жарым аралы бөлүп жиберилгенден бери Түштүк Азиянын саясаты табигый түрдө Пакистан менен Индиянын ортосундагы атаандаштык аркылуу белгиленип келет. Суук согуш доорундагы регионалдык стратегиядан айырмаланып, эми Америка өзүнүн куралдуу күчтөрү менен Пакистанды бекемдөөгө муктаж болбой калды. Ал Кытайдын өнүгүшүнө каршы жана региондо Пакистан, Бангладеш, Афганистан жана Борбор Азияны бир күчтүү исламий мамлекетте шексиз бириктире турган Халифалыктын тикеленүү коркунучуна каршы туруу үчүн Индияны стратегиялык шериктеш катары тандады. Америка өзүнүн регионалдык максаттарына жетүү үчүн 2001-жылдан 2021-жылга чейин «Терроризмге каршы күрөшүү» деген аталышта Афганистандагы согушуп жаткан пуштун урууларына каршы жыйырма жыл согушту жана Америка башчылыгындагы НАТО Афганистандагы аскерий катышуусун жыйырма жыл сактап турду. Бирок, Америка Талибан кыймылы жетектеген пуштун урууларынын күчтүү каршылыктары астында Афганистанда тура албады.

Америка Пакистан армиясын күчсүздөнтүү жана анын ресурстарын жоготуу максатында ички коопсуздукка этибар каратып, Пакистан жетекчилигиндеги малайлары аркылуу Пакистан армиясын Дюранд сызыгы ичинде жана анын аркы тарабында пуштун урууларына каршы уруштуруп койду. Американын Исламга каршы жыйырма жылдык

согушунда Пакистандын көргөн зыяны 150 миллиард долларга жетти. Согуш акыбетинде 82 000 согушкер курман болду, 3,5 миллион киши өз жерлеринен көчүрүлдү. Пакистан жетекчилиги атайылап өзүнүн иш-аракеттерин Индиянын табигый коркунучунан алыстатты, бул болсо, Индиянын Кытайга каршы аскерий мүмкүнчүлүктөрдү өнүктүрүшүн жеңилдетти.

**Исламга каршы согуш жана Пакистан куралдуу күчтөрүнө бөлүнгөн каражаттын аздыгы**

Пакистан куралдуу күчтөрүндө, айрыкча, ички разведка (ISI) катарында Америкага ишеним билдирбөө ар дайым болуп келген. Бул Американын Пакистанда Пакистан куралдуу күчтөрүнүн санын жана алардын бюджетин кыскартуу боюнча аракеттерине тоскоолдук кылды. Бирок, Пакистан армиясы уруулар регионуна аралашкан соң, Америка аста-секин бюджетке кирип бара алды. Мында өлкө сыртында эмес, өлкө ичинде Исламга каршы күрөш амалияттарынын тараптарына ылайык, армияга бөлүнгөн каражаттарды рационализациялоону шылтоо кылды. Пакистан армияга бөлүнгөн каражаттарды кыскартып, Исламга каршы согушка этибарын күчөтүп жатканда, башка тараптан Индия аскерий каражатын көбөйттү.


Маалыматтарга ылайык, 2000-2010-жылдары Индиянын аскерий бюджети сезилээрлик даражада көбөйгөн жана бул Пакистанга караганда бюджети улам көбөйүүдө, ошол эле учурда, Пакистан уруулар регионунда Исламга каршы согуштун активдүүлүгүн күчөткөн.

**Генерал Бажванын аскерий доктринасы жана анын Пакистандын аскерий каражаттарына таасири**


Генерал Камар Жавед Бажва армия башчысы болуп турганда (2016-2022-жылдары) Пакистан Куралдуу Күчтөрүнө бөлүнгөн каражаттар эң чоң көлөмдө кыскартылды. Генерал Бажва “терроризмге каршы согуш” бүткөнүнө карабастан, кыскартууну улантуу үчүн Американын экономикалык коопсуздук же геоэкономикалык жөнүндөгү жомогун үгүттөдү. Бул, Индияда мусулмандарга каршы радикал Хиндутва партиясы бийликти кайра ээлеп, Нарендра Моди премьер-министр болуп дайындалган учурга туура келди. Индиядагы Бхаратия Жаната партиясы өкмөтү АКШ администрацияларынын жардамында Пакистанга карата активдүү жаан чабуулчул жандашууну колдоду. Моди өкмөтүнүн дипломатиялык тармактагы душмандыгы менен бирге, Пакистанга каршы аскерий душмандыгы да күчөдү. Ушул ачык-айкын көрсөткүчтөргө карабастан, генерал Бажва оор басырыктуулук саясатын алып барды жана Индия менен куралдануу жарышына умтулбаган «Өнүккөн армия» түзүүгө чакырды!

Бажва аскерий доктринасынын негизги шарты – геостратегиялык жана геосаясий экономикадан баш тартып, экономикалык коопсуздукту Пакистандын стратегиялык көз карашынын борборуна коюу. Бул жандашуу бир нече жактан Пакистанга кырсыктуу:

**Биринчиден:** Пакистан менен Индия ортосундагы аскерий каражаттардагы айырма Пакистанды Индия аскерий кубатына сапат жагынан теңдешсиз даражада көбөйдү. Бажва-Имран режими Пакистандын коргонуу бюджетин эки жыл (2019, 2021-ж) тоңдуруп койду жана башка жылдарга карата бир аз көбөйдү. Бул убакытта Индия өзүнүн аскерий каражаттарын көбөйтүп, төмөндөгү таблицада көрсөтүлгөндөй, кадам таштоо эмес, балким, секирик жасоого жетишти:



Кудум ушундай, Бажва-Имран режими ядролук жана ракета программасына бөлүнгөн каражаттарды тоңдуруп, Пакистан Индияга караганда азыраак ракета сыноолорун өткөрдү, бул, Бажва аскерий




доктринасы боюнча Индия менен келишүү жана нормалдашуу саясатынын бир бөлүгү болду.

**Экинчиден:** Индиянын курал импорту менен Пакистандын импорту ортосундагы айырма кеңейип барууда. Бул болсо, Индиянын Пакистанга каршы согуштук жөндөмү жакшырганын түшүндүрөт. Америка Кошмо Штаттары жана башка Батыш курал өндүрүшчүлөрү Индияга карата суук согуш доорундагы курал эмбаргосун токтотуп, өздөрүнүн курал-жарак соодасын жолго коюшту. Төмөндөгү таблицада Индия Пакистанга караганда орточо төрт эсе көп курал импорт кылышын көрсөтөт. Индия 2017-2021-жылдары дүйнөдө эң ири курал импорттогон мамлекет болуп калды.

| YEAR | PAKISTAN )M $( | $( INDIA )M |
|---|---|---|
| 2014 | 8,655 | 50,914 |
| 2015 | 9,483 | 51,295 |
| 2016 | 9,974 | 56,638 |
| 2017 | 11,461 | 64,550 |
| 2018 | 11,732 | 66,258 |
| 2019 | 10,388 | 71,469 |
| 2020 | 10,376 | 72,887 |
| 2021 | 11,305 | 76,598 |

**Үчүнчүдөн:** Американын Афганистандан чыгышы Пакистандагы чечим кабыл алуучуларга армиянын багытын өзгөртүү жана негизги этибарды терроризмге каршы күрөштөн салттуу аскерий доктринага каратуу мүмкүнчүлүгүн берди. Бирок, генерал Бажва башчылыгындагы АКШ тарабынан колдоп-кубатталган жетекчилик салттуу аскерий доктринага этибар бербестен, туруксуз экономикалык абалды шылтоолоп, терроризмге каршы күрөшкөн институттарды күчөттү.

Буга карама-каршы түрдө, Пакистандын өнүгүү тарыхы көрсөткөндөй, чектелген бюджетке карабастан, Пакистан күчтүү жана ядролук армия куруууга жетишкен. Ал Индияны кыйын абалга салууга жана аз каражаттарды сарфтоо менен Афганистанда Советтер Союзун жеңүүгө жетишти. Аскерий каражаттарды тоңдуруу – Пакистандын согуштук жөндөмүнө кыйратуучу таасир көрсөтөт. Чындыгында, Халифалыкты тикелөө жана регионду анын астында бириктирүү зарылдыкка айланды. Анткени, жалгыз Исламий башкаруу гана басып алынган мусулман жерлерин азат кылуу үчүн аскерий сафарбарлык (мобилизация) вазыйфасын аткара алат.

**Алга жүрүү жана жаңы көз караш**

Пакистандагы чечим кабыл алуучулар, оболу Нусрат ээлери Пакистандын согуштук кубатын азайтуу Умматка жана регионго пайдалуу эч бир геосаясий өзгөрүүгө алып келбешин түшүнүшү керек. Кала берсе, Кошмо Штаттарды же Кытайды тандоо менен эч кандай жакшы өзгөрүү болбойт. Анткени, бул эки дүйнөлүк күч тең колонизатор болгондуктан алар биздин кызыкчылыктарыбыз жана үстөмдүгүбүздүн эсебинен өз кызыкчылыктарын жана үстөмдүгүн алга сүрүүгө умтулушат. Биз бүгүн муктаж болуп жаткан нерсе – маъруфка буюра турган жана мункардан кайтара турган, дүйнөлүк масштабдагы көз караш. Исламыбыз бизге залим башкарууну түп-тамыры менен жок кылуу жана адамзатка рахмат болгон Аллахтын динин жаюу үчүн күрөш алып барууну фарз кылат.

Пакистан куралдуу күчтөрү исламий даъватты даъват жана жихад аркылуу жеткирүү үчүн жаркын көз караштагы Ислам менен, мамлекет катары Халифалык менен камсыздалышы керек. Бул, Батыш өкүмдарлык кылып жаткан учурдагы аскерий моделди жихад үчүн каражат бөлгөн исламий моделге түп-тамырынан өзгөртүү дегени. Исламдагы аскерий акыйда-доктрина согушту душмандарыбыздын майданга көчүрөт жана ушул таризде исламий өлкөлөрүбүздө чет мамлекеттер тарабынан колдоп-кубатталып жаткан согуштарга чекит коёт. Эгер, Пакистан Исламды колдоно турган болсо, биз айтып жаткан бул өзгөрүүлөрдү жөндөө үчүн керектүү каражатка да,

мүмкүнчүлүктөргө да ээ. Исламдын сүткордукту тыйган өкүмүнө моюн сунуп, ал каражаттардын чоӊ бөлүгүн (45 пайызга жакынын) түзгөн сүткордук төлөмдөрүн төлөө тезинен токтотулат жана бул каражаттар аскерий жана өнөр жай тармагын өнүктүрүүгө сарфталат. Бул биздин өнөр жай базабыздын кеңейишине, дүйнөлүк деңгээлде атаандаш аскерий жана өнөр жай секторунун калыптанышына алып келет. Пакистанга «Аскерий Бажва доктринасы» керек эмес, бул, биздин куралдуу күчтөрүбүздү каржылоону жана ушул таризде согуштук мүмкүнчүлүктөрдү кыскартууга алып келди. Тескерисинче, биз Исламдын жихадий акыйдасына муктажбыз. Мамлекетибиздин акыйдасы – Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык мамлекети. Бул, Ислам өлкөлөрүн бириктирет жана бул үчүн дүйнөдөгү эң заманбап жана үлкөн каражаттарды, ресурстарды сапарбар кылат. Бул үчүн Халид ибн Валид, Султан Мухаммад Фатих жана Султан Типу сыяктуулар жетектеген кошуунду аракетке келтирет. Ал кошуун басып алынган Сринагар жана Аксаны гана азат кылып калбастан, Вашингтон, Лондон, Париж, Москва жана ушул сыяктууларды Исламга моюн сундурат. Ошондо Укаб байрагы бийикте желбиреп, Умматыбыз мурункудай өз дини менен улуу Умматка айланат.

﴿وَيَوۡمَئِذٖ يَفۡرَحُ ٱلۡمُؤۡمِنُونَ ۞ بِنَصۡرِ ٱللَّهِۚ يَنصُرُ مَن يَشَآءُۖ وَهُوَ ٱلۡعَزِيزُ ٱلرَّحِيمُ﴾

***«Ошол күндө момундар Аллахтын нусраты себептүү шаттанышат.** (Аллах) **Өзү каалаган кишиге нусрат берет. Ал кудурет жана ырайым ээси»*** [30:4-5] ❑

## МУСУЛМАН ҮЙ-БҮЛӨ ЖАНА «ЖЕЛМОГУЗДАР БАЛКАСЫ»

**Ахмад ажы Мухаммад**

Бардык мусулман өлкөлөрү Фалестин, Сирия, Ирак, Яман, Афганистан жана башкалар сыяктуу аскерий согуштардын бутасы эмес. Бирок, бул, мамлекеттердин калган бөлүгү башка түрдөгү согуштардан аман калган дегени эмес. Эгер, куфр менен Ислам ортосундагы согуш бир көрүнүштө т.а. кылыч-курал менен болот деп ойлосоңор, этият болгула! Силер башка түрдөгү согуштун курмандыгы болушуңар да мүмкүн. Расулуллах ﷺ:

«جَاهِدُوا الْمُشْرِكِينَ بِأَمْوَالِكُمْ وَأَنْفُسِكُمْ وَأَلْسِنَتِكُمْ»

**«Мушриктерге каршы малыңар, жаныңар жана тилиңер менен жихад кылгыла»** деп буйруду. Бул хадисти Абу Давуд Анас ибн Малик رضي الله عنهдан чыгарган.

Бул, согуштун көрүнүштөрү ар түрдүү болот дегенди түшүндүрөт. Анын эң кооптуусу фикирий жана акыйдавий согуш болуп, ал өз курмандарын душмандын колундагы аскерге жана душмандын долбоорунун берилген кызматкерлерине айлантат. Ошондо наадан аскерлер туш тарапка тарап кетет жана иш душмандын фикири менен ууланган маңкурттарга тапшырылат.

Аллах Таала айтат:

﴿فَوَسْوَسَ إِلَيْهِ ٱلشَّيْطَٰنُ قَالَ يَٰٓـَٔادَمُ هَلْ أَدُلُّكَ عَلَىٰ شَجَرَةِ ٱلْخُلْدِ وَمُلْكٍ لَّا يَبْلَىٰ﴾

***«Кийин шайтан аны азгырып: «Эй, Адам, мен сага түбөлүктүүлүк дарагын жана түгөнгүс мүлк, байлыкты көрсөтөйүнбү?» - деди»*** [20:120]

﴿فَوَسْوَسَ لَهُمَا ٱلشَّيْطَٰنُ لِيُبْدِىَ لَهُمَا مَا وُۥرِىَ عَنْهُمَا مِن سَوْءَٰتِهِمَا وَقَالَ مَا نَهَىٰكُمَا رَبُّكُمَا عَنْ هَٰذِهِ ٱلشَّجَرَةِ إِلَّآ أَن تَكُونَا مَلَكَيْنِ أَوْ تَكُونَا مِنَ ٱلْخَٰلِدِينَ ۝ وَقَاسَمَهُمَآ إِنِّى لَكُمَا لَمِنَ ٱلنَّٰصِحِينَ﴾

***«Кийин шайтан алардын бекитилген авраттарын ачып жиберүү үчүн азгырды да: «Роббиңер бар болгону периштелерге айланып кетпөөңөр, же болбосо** (бейиште) **түбөлүк жашап калбооңор үчүн гана силерди бул дарактан тосту», деди. Дагы аларга: «Албетте, мен силерге калысмын» деп ант ичти»*** [7:20-21]

Ошентип, шайтан ошол даракка «дүбөлүк дарагы» деген чырайлуу, кооз, өзүнө тартуучу ысым коюп, эгер, андан жешсе, бүтпөс-түгөнгүс периштеге айланышын айтып, кайра-кайра Аллах Таала аларды бул дарактан жегенге тыюу салып койгонун да айтты:

﴿مَا نَهَىٰكُمَا رَبُّكُمَا عَنْ هَٰذِهِ ٱلشَّجَرَةِ﴾

***«Раббиңер ... силерди бул дарактан тосту»!»*** [7:20]

Бирок, Адам жана анын аялын өзүнө тартуу максатында бул тыюуга кызыктырган сөздөрдү кошту жана адам табиятынан жакшы көрүп, байланып кала турган арзуулар: периште мухаббатын жана түбөлүктүүлүк каалоосун көңүлгө салды. Акыбетте, мындай итаатсыздыкты берип, аны мына ушундай сыфаттарды менен коздодy. Ал экөөсүнө бул дарактан жештин акыбети:

﴿إِلَّآ أَن تَكُونَا مَلَكَيْنِ أَوْ تَكُونَا مِنَ ٱلْخَٰلِدِينَ﴾

***«Бар болгону периштелерге айланып кетпөөңөр, же болбосо*** *(бейиште)* ***түбөлүк жашап калбооңор үчүн»*** [20:120]

деп, бул жалганга жана коздоп көрсөтүүгө:

﴿وَقَاسَمَهُمَآ إِنِّى لَكُمَا لَمِنَ ٱلنَّٰصِحِينَ﴾

***«Дагы аларга: «Албетте, мен силерге калысмын» деп ант ичти»*** [20:120]

деген сөзүн кошот.

Бул, азгырууну жакшы билген Иблистин күнөө тузагына түшүрүү үчүн карманган биринчи жолу эле. Бул үчүн ал ыхластуу, ырайымдуу кеңешчинин кийимин кийди. Ал жакшылыкты каалаган, жакшылыкты Адам Атага же Адам Атаны жакшылыкка жеткирген жан тартуучунун кийимин кийди жана бул малъун ысымдарды айлантып, сыфаттарды өзгөртүүгө жетишти.

Мына бүгүн да кафир колонизатор Батыш ошол шайтандын калыстык кийимин кийип алган. Анын издеш уюмдары, режимдери, таалим жана маалымат каражаттары эркиндик жана кемсинтүүнүн бардык көрүнүштөрүн четке кагуу урааны аркылуу, бир катар катуу сөздөр астында кооптуу аталыштарды кайталашууда. Эгер, бул сөздөрдү мазлум адам укса, бул сылык сөздөрдүн ээсин куткаруучум деп ойлойт. Эгер, аларды аял киши укса, менин проблемаларымдын чечими албетте ушунда деп билет.

Бул талкуулар астында алар «гендер» сөзүн айтышууда, демек, бул эмнени түшүндүрөт жана кысса качан башталган?!

Миладий 1949-жылы француз жазуучусу Симоне де Бовуар «Башка жыныс» китебин жарыялады. Бул китеп дүйнөдөгү феминисттик кыймылды түзгөн программа болуп эсептелет.

Бул жерде маанилү нерсе ушул: Симоне өз китебинде аял эркектин дүйнөсүндө аялга айланышын баса белгилеп, мындай дейт: «Адам аял болуп төрөлбөйт, тескерисинче, аялга айланат. Бул ушуну түшүндүрөт: аял чоңойгондон кийин аялдык органдар эле эмес,

жашаган коом аны аялга айлантат...». Ушул таризде ал биринчи болуп «гендер» түшүнүгүн назарий негиздөөгө жол ачты.

Силер бул сөздөрдү жалган жана маанисиз деп эсептешиңер мүмкүн, бирок, аягына чейин күзөтсөңөр, бул жалгандарды ээрчигендер көбөйүп бара жатканын көрөсүңөр, Аллах сактасын. Бул аталыш биринчи ирет миладий 1994-жылы Каирде өткөрүлгөн калк боюнча конференция документинде 51 жолу айтылды, андан кийин ал 1995-жылдагы Пекин аялдар конференциясында ачык шарттар менен экинчи ирет көтөрүлдү. Ал эл аралык конференцияларда кеңири колдонулду. Белгилүү Пекин эл аралык конференциясынын англисче версиясында бул аталышка түшүндүрмө берилбей 254 ирет айтылды. Консервативдүү мамлекеттердин басымы астында түшүндүрмө берүү үчүн жумушчу топтор түзүлдү жана «Түшүндүрмөлөр комитети» бул аталышка түшүндүрмө бербөөгө чечим кылды.

Ошентип, бул бизди ушул «гендер» аталышынын чыныгы маани-маңызын билүүгө жетектейт. Бул чалгытуучу, белгисиз аталыш. Бул болсо, анын артындагы чыныгы максаттар боюнча көптөгөн талкуу-талаштарды келтирип чыгарган! Гендер аталышы: эркек да, аял да эмес, коомдун нормалары жана адамдын тандоосу менен белгилене турган үчүнчү жыныска ишара кылат жана бул жерде анын жыныстык мүчөлөрүнүн этибары жок деп айтууга болот. Себеби, адам мүчөлөрү жагынан эркек же аял болушунун ал жасай турган ар кандай жыныстык аракетти тандашына эч кандай байланышы жок. Гендер аталышы боюнча, ал өзүнүн жыныстык өздүгүн тандашы мүмкүн. Эркек киши аял болууну тандашы жана аял өз каалоосу жана жеке тандоосуна негизделип эркекке айланышы мүмкүн. Демек, аял – коом ага ошол аялдын ролун бергени үчүн гана аял, эркек да коом ага бул ролду бергени үчүн гана эркек болот. Бул Аллахтын махлукаттарды жаратышы жөнүндө айтылгандай, динде жана туура урфта келгендей, аялдык жана эркектикке карама-каршы келет. Себеби, адам эркек же аял болот. Бул илахий ирада. Себеби, Аллах адамды эркек же аял кылып жараткан. Аллах Таала айтат:

﴿وَأَنَّهُۥ خَلَقَ ٱلزَّوۡجَيۡنِ ٱلذَّكَرَ وَٱلۡأُنثَىٰ﴾

***«Жана албетте Ал эркек жана аял жуптарды жараткан»***[53:45]

Демек, аялдык илахий ирада болуп, бул фитрат (инстинкт) талабдарынын бири. Ошентип, гендер аталышынан кызтеке же өзүн аял деп ойлогон эркек же өзүн эркек деп билген эркек сымал аял келип чыгышы табигый. Ушуга ылайык, гендер түшүнүгү Батыш жетип келген айбандыктын эң анык көрүнгүшү болуп, ал үй-бүлө үчүн өтө

кооптуу болгон максаттарды ишке ашыруу каражатынан башка нерсе эмес.

Алардын терминологиясына ылайык, ар бир адам бир жыныс-гендер болуп, эркектер же аялдар арасындагы адаттан тыш тыюу салынган жыныстык алака гендердин гендер менен болгон алакасы, ушул себептен улам, эмне үчүн бул алакаларга каршылык билдирүү керек. Башка тараптан, алар бир жыныс деген нерсени шылтоолоп, эркектер менен аялдар ортосунда толук теңдикти жаюуну максат кылышат. Ошондуктан, алар турмуш майданында саясий гендердик, экономикалык гендердик, ижтимаий гендердик жана башка түрдөгү гендерликтер болушун талап кылышат. Алар ал тургай эркек менен аялдын ортосундагы сөздөрдө да теңдик болушун талап кылышты жана Инжилдин Жаңы Осуятынын оңдолгон нускасын басып чыгарышты, анда алар эркек менен аялдык ат атоочторду бекер кылышты о.э. алар 1997-жылы Яманда «Гендер тили» деген конференция өткөрүштү.

Эгер, силер гендер аталышы жана анын ыфлас мааниси жөнүндө уксаңар, мындай дейсиңер: «Мен Аллахтан бул ыфластыкты кабыл алып жаткан адамдардан баанек беришин сурайм». Таң калычтуусу, гендер, феминизм, дене эркиндиги аталышы жана үй-бүлөнү буза турган бардык аталыштар түпкүлүгүндө бир максатка барып такалат. Өкүнүчтүүсү, Умматтын көпчүлүк перзенттери муну аң-сезимсиз түрдө алып жатышат! Ко-ош, анда алар негизделген максат эмне? Эгер, биз аны талкаласак, алардын пландарына негизинен зыян жеткире турган максатыбыз эмне?... Ушул маселеге токтолуп өтөбүз:

1482-жылы Европада т.а. Германияда рахибдер Генрих Крамер жана Якоб Шпренгер тарабынан жазылган кызыктай китеп жана адаттан тыш роман пайда болду. Ушул китеп чиркөө үчүн эки кылым аялдарды кыйноо боюнча расмий маалымат катары кабыл алынган. Эки кылымда он миңдеген күнөөсүз аялдарга зулум өткөрүлдү, аларга жалган айыптар коюлуп, кыргын кылынды. Аялдар камакка алынышынан тартып өлтүрүлгөнгө чейин эң оор кыйноо жана азаптарга салынды. Аялдарды жылаңачтап, денесиндеги кал же так сыяктуу шайтан менен аялдын ортосунда кандайдыр байланыш бар экенин ачып бере турган белгилерди издешкен. Бул аялды башы менен колдору мойнун ороп турган жыгачка киргизип, кишенделген абалда алып келинген. Алып келингенге соттого ал аялдын жүзү эмес, арты каратылган. Ага өкүм чыгаруудан мурда анын айыпсыздыгы сыналган. Чөктүрүү ыкмасын колдонушкан. Кол-буттарына таш байлап, дарыяга ыргытышкан. Эгер, ал суунун үстүнө калкып чыгып калса, демек, ал шексиз желмогуз болгон же аялды отто өрттөп, тез

өлтүрүшкөн т.а. ага өкүм чыгарылышынан мурда андан кутулушкан, эгер ал калкып чыкпаса, анда да анын тагдыры ошол болгон т.а. өлтүрүлгөн.

Кинематографтар коркунучтуу фильмдерди тасмага алууда дагы эле ушул китепке таянып келишет. Айрыкча, 2006-жылы тасмага тартылган, китептин ушул атын алган «Желмогуздар балкасы» фильми фикирибиздин далили.

Ооба, батыштыктар аялдарга ушундай карашат. Бир да киши бул адаттар беш кылым мурун болгон жана байыркы дебеши үчүн, мен 1804-жылы кабыл алынган жана Наполеон мыйзамы деп таанылган жарандык мыйзамды эске салып өтмөкчүмүн. Анда мындай делет: «Аял эркекке перзент көрүү максатында берилет. Аял биздин мүлкүбүз жана биз анын мүлкү эмеспиз». Турмушка чыккан аялдын мыйзамчылыкта адам катары эч кандай катышуусу жок. Бойго жетпегендер, кылмышкерлер жана акылы кемдер үчүн абал кандай болсо, аял да кудум ушундай бардык мыйзамдуу укуктардан куру калтырылган!

Батыштын кандуу жана ырайымсыз мурасына жана аялдарга карата жаман көз карашына жооп катары өлкөбүздө көптөгөн аталыштарда угуп жаткан феминистик кыймыл деп аталган кыймыл калыптанды. Аялдардын азаттык борборлору, аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү уюмдары, CEDAW (Аялдарды кемсинтүүнүн бардык көрүнүштөрүнө чекит коюу туурасындагы конвенция) тобу жана башкалар пайда болду...

Анын келип чыгышы XVIII кылымга туура келет, феминизм аталышы биринчи ирет 1880-жылы француз аялы Хебертин Оклар тарабынан киргизилген, ал өзүнүн La Citoyenne гезити аркылуу аялдарды азат кылууну жана аларга өз укуктарын берүүнү талап кылган. Себеби, бул нерсе Франция ыңкылабында убада кылынган эле. Ал эркектердин өкүмдарлыгын сындады, себеби, ошол убактагы аялдар бул өкүмдарлыктан акаараттоо, кордоо жана кемситүүдөн башка нерсени көрбөгөн.

Мусулман өлкөлөрүнө алып кирилген көптөгөн Батыш аталыштары жана максаттары сыяктуу, оболу бул аталыш өткөн кылымдын 20-жылдардын баштарында Мисирге «Феминизм» аталышы менен киргизилген, андан кийин башка региондорго жайылтылган. Анда Батыш мурасы менен арабдар мурасы жана мусулмандардын сакафаты ортосундагы айырмалар эсепке алынбаган. Себеби, феминисттик кыймыл аялдардын тарыхына нукура Батыш көз карашынан караган. Ушул себептен улам, Батыш тарыхы, анын аялдарды куугунтукташы жана аларды карамүртөздүктүн очогу жана илдеттин булагы катары

көрсөтүшү адамзат тарыхына айланды. Адаттагыдай, Батыш өз мурасынан башка ар кандай мурасты жана анын сакафатынан башка ар кандай сакафатты четке сүрүп гана калбастан, ал тургай, бекер да кылды. Аялдарды азат кылуудан мурунку доорду аялдардын кулдук дооруна, жаңылануу доорун аялдардын азаттык дооруна байлашты. Алар бул азаттыкты адамзаттын өнүгүүсүнүн эң маанилүү белгиси жана калктардын өнүгүүсүнүн өлчөөсү катары кабыл алышты. Колонизатор Батыш жана феминисттик кыймылдар элдик жомоктордо чөөнүн адамдарга кылган ишин кылды, себеби, ал куйругуна заара ушатат, андан кийин аны өзүнүн курманына таштайт, карасаң, ал өзү билбеген абалда анын артынан ээрчийт. Батыш чыныгы чөө, ошондуктан, ал феминисттик кыймылдардын ыпластыгы менен силерди көмүп, үй-бүлөлөрүңөрдү бузуп, кызыңарды уурдап кетишинен этият болгула.

1919-жылы англистердин Мисирден чыгышын талап кылган демонстрациялар болуп өттү жана Сафия Заглул башчылыгында аялдар демонстрациясы башталды жана аялдар Каср Нил алдында баскынчылыкка каршы кыйкырып чыгышты жана бир маалда алар хижабдарын чечип, жерге ташташты да, аны өрттөштү. Бул демонстрация баскынчылыкты каралоо үчүн эмес беле? Анда хижабдын буга эмне байланышы бар эле?! Эмнеге Худа Шааравий жана Сафия Заглул сыяктуу бул адамдар күрөшүүчү, элге үлгү кылып көрсөтүлдү?! Бул иштердин артында мусулман өлкөлөрүн батышташтыруу пландары жана Гладстондун көрсөтмөлөрү турганына күмөн жок. Гладстон мындай деген: «Эгер, биз Исламды жок кылмакчы болсок, мусулман аялдардын хижабын чечип, аны менен Куръанды ороп коюшубуз керек».

Бул курмандык максатына ылайык, мусулман аялдары эле эмес, бүткүл дүйнө жүзүндөгү аялдар бизди башкарып жаткан капитализм жана демократия отунда өрттөнүүдө. Европа аялдары башынан өткөргөн кара тарыхтан кийин, өз укуктатын эркектин өкүмдарлыгынан алууну айткан феминисттик кыймылдардын козголоңунда аялдар ишке салынгандан кийин, алар бечара аялды өз денесин жана өмүрүн өзү чечкен токтом ээси болмоюнча азат боло албашына ишендиришти. Ошондо ал көз карандысыз болуп, денени каалаган адамына бере алат, каалаган адамынан, ал тургай, жолдошунан да тыя алат, эгер жолдошунун жакындашуусуна ыраазы болбосо, өмүр жолдошум мени зордуктады, деп аны камата алат. Алар бечара аялды эркиндик бул өзүн эркектердин кучагына салуу, тажрыйба майданы жана ырахаттануу бутасына айлануу деп ишендире алышты. О.э. хазарат жана мамлекет ага бардык укуктарын

берип жатат деп канааттандыра алышты. Бечара аял Исламдын мусулман аялдын бардык укуктарын сактап, кепилдеген коопсуздук жана үй-бүлөлүк туруктуулук ниъматынан куру калганын бир нече жылдар өтүп билет.

Мисалы, бүгүнкү күндө аялдардын эркиндигин порнография менен байлоодон өткөн чоң кылмыш жок. Алар аял турмуш куруу себептүү эркекке кул болуп калат, чектөөлөргө жана бактысыздыкка дуушар болот жана «өз өмүрүн никеден алыс кармашы зарыл» деп алдашты.. Көрүп турганыңардай, алар аялдын бардык эркектерге кул болушун жана бардыгы пайдаланышы үчүн арзан-күрөө матага айланышын каалап жатат. Аял кардарларды тартуу үчүн дүкөндөрдө, соодада, стюардесса, рекламада, фильм жана сериалдарда, бийлерде жана ушул сыяктууларда колдонулат. Аялдарга карата мындай көз караш капиталисттик түзүмдөн келип чыккан. Ошондуктан, Батыш муслима аялга этибар каратып, ал мазлум, артта калган, эркиндиги камсыздалбаган деп жатканын, өзүн аялдын укугун берүүчү катары көрсөтүп, муслима аял шаръий кийими менен артта калып, өз фикирин билдирүүдөн да куру калган деп жатканын көрөбүз. Таң калычтуусу, айрымдар аларга ишенип, энеси, карындашы жана кызы болгон муслима аялды ахлаксыз жана уятсыз кишинин күлкүсү жана оюнчугу кылып, муслима аялды боёнуп, жасанып, хижабын чечишин каалашууда. Себеби, капитализм түзүмү муслима аял сулуулугун көрсөтүшүн, жоолугун чечишин каалайт!

Эй, пакиза жана абийирдүү муслима карындашым, сен үчүн тынчсызданам деген адамдардан этият бол жана алардын сакафатын үйүңө киришине жол бербе, Умму Амирди үйүнө койгон кишиге окшоп каласың. Себеби, ал аңчылардан качкан чөөгө үйүнөн баанек берди, аны коргоп, баанек берип сүт ичирди. Бирок, ал уктап калганда, чөө анын курсагын жарып, ичегилерин жеди жана ага кыянаттык кылды. Чөөлөрдү үйүңөргө алып кирүүдөн этият болгула, этият болгула. Ооба, себеби, алардын планы кара ниет жана саясий, алар ага гуманитардык жана адам укуктары уюмдары деген кийимди кийинткен болушса да.

1998-жылы АКШнын мамлекеттик департаментинин Ямандагы адам укуктары амалияты жөнүндөгү отчётунда эркек менен аялдар ортосундагы мамилелерге тиешелүү шаръий өкүмдөргө таң калышты жана алар бул өкүмдөрдү сындоону башташты жана алар муслима аялдарга карата чектөөлөр адам укуктарына тескери деген шылтоо менен аларды өзгөртмөкчү болушту. Отчётто айтылгандай, аялдар мыйзам, ижтимаий үрп-адаттар жана дин тарабынан орнотулган көптөгөн чектөөлөргө дуушар болууда. Мисалы, эркектерге төрт аял

алууга урухсат берилген жана мыйзам аял жолдошуна «моюн сунууну» талап кылат, аны менен бирге, келишимде көрсөтүлгөн жайда жашашы, нике мажбурияттарын аткарышы шарт жана анын урухсатысыз үйдөн чыкпашы керек... Отчётто дагы мындай делет: «Ислам мыйзамдары эркектин христиан же яхудий аял менен турмуш куруусуна урухсат берет, бирок, мусулман аялга Исламдан тышкарыдан турмуш курууга урухсат бербейт». Бул жерде Америка мусулман аялдар үчүн эмнени каалап жатканы көрүнүп турат. Ал «эркектерге кандай болсо аялдарга да ошондой талаптарды» каалайт. Т.а. аял төрт эркекке турмушка чыгышын, кафирге турмушка чыгышын жана эркектер сыяктуу уруксатсыз же махрамсыз сапарга чыгышын каалайт. Бул иштер (эркек менен аялдын ортосундагы тең укуктуулук) негизинде жүргүзүлөт. Бул – алардын биздин аялдарга каалаган жана алар чакырып жаткан аял эркиндиги. Бул, алардын чириген цивилизациясынын негизи.

Эми, биздин Ислам хазаратыбызга келсек, ал алардын ыфлас терминологиясын бүтүндөй тааныбайт жана эч качан теңдик маселесин талкуулабайт. Анткени, Ислам адам проблемаларын адам катары чечүү үчүн келген, аял да эркек сыяктуу бир адам. Расулуллах ﷺ сахих хадисинде:

«إِنَّمَا النِّسَاءُ شَقَائِقُ الرِّجَالِ»

**«Аялдар эркектердин жарымы»,** деди. «Имам Хаттабий «Маалимус сунан»да бул хадисти баяндап: «Аялдар эркектерге окшойт, алар сыяктуу, алар эркектерден бөлүнгөн», - деди. Ислам аялдарды ыраазы кылуу үчүн эмес, аларга да эркектерден айырмасыз этибар бергени үчүн чыныгы жана жемиштүү роль берген. Биз муну Ислам тарыхында даъваттын башталышында, мамлекет курууда, жихадда, илим-фанда, саясатта, жакшылыкка буюруп, жамандыктан кайтарууда күбө болдук. Ыктымал алты сахих китепте түздөн-түз же кыйыр түрдө риваят кылган сахаба аялдардын жалпы саны бир жүз он бешке жакын экенин билбегендирсиз... Миладий 859-жылы Мароккодо түзүлгөн дүйнөдөгү эң байыркы университетке (Гиннестин рекорддор китебине ылайык) Каровиййин университетинин негиздөөчүсү Фатима бинти Мухаммад ибн Абдуллах Фихрийя Кайравания деген аял негиз салганын билбешиңер мүмкүн.

Урматтуу карындашым, урматтуу боордошум, тарых китептерин жана интернет баракчаларын карасак, Шам айымы, илим демөөрчүсү жана мектептердин куруучусу Фатима бинти Нажмиддин Айюб жөнүндө окуйбуз. Жазуучу жана Дамаск шайхасы Айша Бауния болсо көптөгөн китеп жана топтомдорду жазган, алардын эң белгилүүсү

«Фатхул Мубин фи мадхил Амин» китеби. Суютий грамматикасы жана тил таануучулар катарына киргизген математик, акын жана тилчи Лубна Куртубий айым болсо Халифа Хакам Мустансирдин катчысы болгон жана халифа ага катуу ишенген. Эгер, дагы да көбүрөөк жана кеңири сүйлөмөкчү болсок, бизге ондогон, жүздөгөн макалалар керек болот. Муслима аял бүгүнкү күнгө чейин чыныгы ролго ээ болуп келүүдө. Мына, анын ыңкылабыбызда жана бардык мусулман мамлекеттериндеги саясий кыймылдарга жана коомдук фикирге катышуусуна назар салгыла.

Корутунду: мусулман үй-бүлөнү колонизатор Батыштын фитналарынан жана үй-бүлөнү бузуу пландарынан Ислам мамлекети жана мусулмандар хазараты гана коргой алат... Ислам мамлекети тез күндөрдө тикеленишин Аллахтан сурайбыз! ❑

# МАФКУРАВИЙ КҮРӨШ, ИСЛАМГА ЧАБУУЛ КЫЛУУ ЖАНА ХАЛИФАЛЫКТЫ ТИКЕЛӨӨ АРАКЕТИНЕ СОККУ БЕРҮҮ ЖААТЫНДАГЫ КОЛОНИЗАТОР БАТЫШТЫН ЫКМАЛАРЫ

**Мухаммад Яманий**

Европа илим-фанды жана гуманизмди маска катары колдонуп, миссионерлик жол аркылуу Ислам дүйнөсүнө каршы колонизаторлук согушту баштады жана бул үчүн үлкөн каражаттарды бөлдү. Бул каражаттар саясий разведка жана сакофий колонизаторлук мусулман өлкөлөрүндө жакшылап орношуусу үчүн болду. Алар Батыш колонизаторлугунун авангардына айлануусу керек эле. Ошентип, бул колонизаторлук үчүн кеңири майдан пайда болуп, анын каршысында Ислам дүйнөсүнүн эшиктери кенен ачылды жана көпчүлүк исламий өлкөлөрдө миссионерлик коомдор жайылды. Алардын чоң бөлүгү Англия, Франция жана Америка коомдору болуп, алар аркылуу Британия, Франция жана Америка таасири кирип келди. Бул коомдор улутчулдук кыймылдарды башкарып, мусулмандар арасында таалим-тарбия багыттарына өкүмдарлык кылышты. Бул нерсе биринчиден, исламий мамлекетти кулатуу үчүн арабдарды андан бөлүү үчүн болуп, алар мында ийгиликке жана максаддарына жетишишти. Экинчиден, мусулмандарды чыныгы робита-Ислам робитасынан алыстатуу болгон.

Бул коомдор бир канча жийиркеничтүү вазыйфаларды аткарышты. Бүгүн биз азабын тартып жаткан күчсүздүк жана төмөндүк дал ошолордун изи болуп эсептелет. Алар мусулмандарды Исламды түшүнүүдөн атайлап чалгытышты. Анткени, алар мусулмандардагы күч-кубаттын булагын издеп, аны Исламдан табышты жана исламий акыйда мусулмандардын кубатынын жалгыз булагы экенин көрүштү. Ушул себебден улам, колонизатор кафир Ислам дүйнөсүнө бастырып кирүү жолу жөнүндө баш катырып, сакофий жүрүш мунун эң жакшы жолу экенин көрүштү. Алар он алтынчы кылымдын акырында Мальтада ири миссионерлик борборду түзүштү жана 1625-жылы аны Шам өлкөлөрүнө көчүрүштү. Лекин, алар адамдар тарабынан болгон куугунтук, каршылык жана кагылышуулар себебдүү чоң кыйынчылыктарга туш келишти, бирок сабырдуулук менен 1773-жылга чейин, тагырак айтканда миссионерлик жана миссионерлердин изи бүтүндөй жок кылынганга чейин турушту. 1834-жылы алар кайра кайтышты. Ушул миссияга активдүү киришген кимсе америкалык белгилүү Эли Смит болду. Ал жубайы менен бирге Байрутта кыздар мектебин ачкандан кийин анын алдында майдан кеңейди. Бул кимсе өз өмүрүн өзгөчө Байрутта, жалпысынан Шам өлкөлөрүндө аракет кылууга багыштады.

Бул жүрүштөрдү ишке ашырган колонизатор кафир бир канча жолу ийгиликсиздикке учураса да, аракетин токтотподу. Лекин, колонизатор кафир мусулман өлкөлөрүн ээлеген соң, өз фалсафасы, хазараты, түшүнүктөрү жана жашоо жөнүндөгү дүйнө карашы негизинде таалим жана сакофий окуу программаларын иштеп чыкты. Андан кийин Батыш өз шахсиятын ушундай бир негизге айлантты, бизге үйрөтүп жаткан сакофат андан алына турган болду. О.э. ал өзүнүн тарыхын, ойгонуу жолун жана мухитин биздин аң-сезимибизди толтура турган нерселердин түпкү булагына айландырды. Бул нерсе абдан жайылды, жада калса Ислам дини жана Ислам дининин тарыхы жөнүндөгү сабактарда да камтылып, булар исламий мектебдерде – дин жөнүндөгү батышча түшүнүк боюнча – ахлакий маънавий сабак катары окутулду. Расулуллах ﷺдын өмүрү перзенттерибизге пайгамбарлык жана рисалаттан алыс, эч кандай фикир же туйгуларсыз, Наполеон же Бисмарктын өмүрү сыяктуу үйрөтүлдү. Ибадат жана ахлак маселеси бардык диндердин окуу сабактарына киргизилген фанга айланды жана кызыкчылык көз карашына таянылып берилди. Ислам тарыхында кара ниет жана түшүнбөстүк натыйжасында пайда болгон илдеттер үйрөнүлүп, “тарыхый бүтүндүк жана илимий изилдөө” делип кара рамкага салынды. Ошентип, мусулман интеллигенттери Батыш сакофатынын перзенттерине жана окуучуларына айланышты жана Ислам сакофаты Батыштын сакофатына каршы келип калса, ал сынга алынды. Мындан да жаманы, алар Батыш хазаратын өздөштүрүп, жалгандан алдап бул нерселер Исламдан дешти. Ахвал ушундай бир даражага жетти, а түгүл, алар “Батыш өз хазаратын Ислам жана мусулмандардан алган” дешти жана Батыш хазаратын толук кабыл алышты. Натыйжада, мусулман коомундагы хазарат Батыш хазаратына жана түшүнүктөрүнө көз каранды болуп калды. Ошентип, жалпы мусулмандар демократиялык башкаруу жана капиталисттик экономика түзүмү куфр түзүмүнөн экендигин аңдап түшүнө албай калышты. Эгер, казы алардын ортосунда Аллах түшүрбөгөн нерсе менен өкүм кылса, каршы реакция көрсөтүшпөдү. Акыйкатта болсо, Аллах Таала айтат:

﴿وَمَن لَّمۡ يَحۡكُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡكَٰفِرُونَ﴾

***«Кимде-ким Аллах түшүргөн дин менен өкүм кылбаса, анда, алар кафирлер»*** [5:44]

﴿وَمَن لَّمۡ يَحۡكُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلظَّٰلِمُونَ﴾

***«Кимде-ким Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылбаса, анда, алар залимдер»*** [5:45]

﴿وَمَن لَّمۡ يَحۡكُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡفَٰسِقُونَ﴾

***«Кимде-ким Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылбаса, анда, алар фасыктар»*** [5:47]

Алар муну менен да чектелбестен, жалпы мусулмандарды да, жеке шахстарды да өз мабдасына эмес, чет мамлекеттерге жана алардын жашоо жөнүндөгү түшүнүктөрүнө кызыга турган кылышты. Ушул себебден улам, алар өз аракеттеринде канчалык халыс болушпасын жана канча тер төгүшпөсүн, ийгиликке жетүү мүмкүнчүлүгүн жоготушту жана бардык саясий аракеттер майнапсыз аракетке айланды. Натыйжада, Умматтагы ар кандай ойгоолук мууздалган айбандын аракети сыяктуу башаламан жана карама-каршылыктуу түс алып, сенектик, үмүтсүздүк жана моюн сунуу менен аяктады. Колонизатор мамлекеттерге келсек, алар малай мусулман өкүмдарларынан Ислам мамлекети кайра тикеленишин алдын алуу үчүн анын тикеленишине үмүт ойгото турган ар кандай нерсени жок кылууну талаб кылышты жана дале талаб кылып келишүүдө. Колонизатор Батыш буга да канааттанбастан, мусулмандарды арзыбаган нерселер менен алек кылып, исламий мамлекет жөнүндө фикирлөөдөн чалгыта баштады. Батыш исламий конференцияларды көбүрөөк өткөрүүгө үндөп, мындан Ислам Умматынын исламий жашоону кайрадан баштоого даъват кылуу аракетинен чалгытып, мына ушундай конференциялар менен алек кылып коюуну көздөдү. Бул конференциялар туйгулар эсебинен дем тартып, хабарлары гезит жана радиолордо гана ачыкталды, лекин эч бири аткарылбады. Андан соң, Батыш жаратмандарды жана баяндоочуларды исламий мамлекеттин кооп-коркунучун баян кылуу жана Исламда башкаруу түзүмү жоктугу жөнүндө сүйлөөгө үндөдү. Натыйжада, айрым жалданган мусулмандар Умматты адаштырып, мусулмандарды өз дини жана Ислам хукмдары негизинде алып барылып жаткан исламий жашоону кайрадан баштоо аракетинен кайтарууга каратылган колонизаторлук чакырыктарына толуп ташкан китеб жана рисалалар басып чыгарылды... Колонизатор Батыш мусулмандарга карата исламий мамлекет кулагандан тартып бүгүнкү күнгө чейин ушул жосунда жандашып келүүдө. Арийне, ал исламий мамлекет тикеленишине жол бербеген тосколдуктарды пайда кылып, исламий мамлекетти кулаткандан кийин анын кайра тикеленишин алдын алуу жолунда болгон күч-кубатын жумшоодо.

О.э. Батыш фикирий жана саясий изилдөө борборлорун түзүү үстүндө иштеди жана алардын жоопкерчилигине Ислам Умматын өз growth

вазыйфасын жүктөдү. Мындай борборлор Европада, өзгөчө Америкада кеңири жайылган, аларда абдан көптөгөн Батыш саясатчылары жана муфаккирлери аракет алып барат. Борборлор туруктуу түрдө өз мамлекетинин жетекчилерине Ислам Умматынын туруктуу кулдук кишенинде калышына хызмат кылган сунуштарды берип турушу үчүн абдан үлкөн каражаттар менен камсыздалды. Бул сыяктуу изилдөөлөрдө Батыш мамлекеттери Исламга чабуул кылуу жана исламий өлкөлөрдөгү колониясын туруктуу сактап туруу үчүн өздөрү ылайык көргөн ыкма-каражаттарды кабыл алышты. Бул изилдөөлөрдө Батыш фикири менен исламий фикир ортосундагы күрөш түрдүү даражада даана байкалат. О.э. аларда Исламдагы исламий фикир, башкаруу түзүмү жана турмуш мыйзамдарынан мусулмандардын көңүлүн чалгытып, капиталисттик фикир жана түзүмдүн аталыштарын мусулмандарга кызыктуу көрүнүштө кеңири үгүттөө иши кемчилдиксиз ишке ашырылууда. Мусулмандар фикирий төмөндүккө учурагандыктан, алардын аң-сезимсиздигинен улам жана өз динин туура билбегендиктен Батыш мусулмандарды Исламдан болбогон жана турмуш түзүмү катары алуу тиякта, а түгүл, аталыш катары алуу жаиз болбогон Батыш мыйзамдарын талаб кылышууда деп көрсөттү. Батыш бул нерсени ага көз каранды саясатчы жана саясий партиялар аркылуу, аларды президенттик жана парламент оюндарына киргизүү аркылуу, ага караштуу маалымат каражаттарынын жардамында аларды жасалма белгилүү адамдарга айлантказдан кийин ишке ашырды. Батыш мусулмандарга тыгыштырган жана аларды мусулмандардын фикирлери катары көрсөткөн мына ушундай аталыштардын бири – бул илманийлик. Акыйкатта болсо, илманийлик дин башкаруусунан баш тартуу жана диний чектөөлөрдөн жоюуну түшүндүрөт. Алардын дагы бири – демократия. Шайлоолор аркылуу бийликти өткөрүү оюнунун саясий негизин түзгөн демократия Батыш малайларынын бийликке келишине мүмкүнчүлүк эшиктерин ачты. Батыш мусулмандар хукм жаатында өз дининен нажат күтүшүнөн алыстатууну кепилдөө үчүн мабдаий-идеологиялык негизде аракет кылууда деп айтууга болот... Батыш бардык сакофий колонизаторлугун ага көз каранды малай режимдер аркылуу жакшы жолго койду. Чынында эле ал Ислам фикирлерин, айрыкча башкаруу-саясат жөнүндөгү фикирлерди мусулмандардын аң-сезиминен алыстата алды. Негизинен бүткүл Ислам Умматынын төмөндүккө кептелүүсүнүн артында башкарууда Батыш фикирлерин колдонулуп келе жатканы турат деп айтууга болот.

Бирок, кафир Батыш өзүнүн ушунча былык иштери менен да Ислам Умматын Исламды жашоодон жана башкаруудан бөлүү мафкурасына

канааттандыра албаганын, мусулмандар кайра Халифалык мамлекетин тикелөө ойгонуунун жалгыз жолу экенин түшүнө баштаганын сезди. Сезгени үчүн ал Исламга жана Халифалыкты жамандап көрсөтүүгө канчалык катуу чабуулга өткөнүнө күбө болуп турабыз. Ал Исламды колдонууга чакырып жаткан ар кандай кишиге “фундаменталист” жана “террорист” тамгасын жабыштырууда. Исламга амал кылып жаткан ар кандай жамаатты “террористке” чыгарып, мусулмандарды «муътадилдер» менен «террористтерге» бөлүүдө жана “муътадил” деп билгендерин колдоп-кубаттап, “террорист” делип жаткандарга каршы согуш ачууда... Ооба, бүгүн Батыш мусулмандарды “террорист” жана “муътадил” мусулмандарга бөлдү, мунун тушунда, Расулуллах ﷺ тарабынан да шаръий бөлүү бар. Ал: мунафыктыктан таза ыйман лагери менен ыймансыз куфр лагери... Бул эки лагерь Ислам менен куфр ортосундагы күрөш кызуу түс алганда жүзөгө келет. Жыйынтыктап айтканда, шаръий жаңылануу жараяны Пайгамбарлык минхажы негизиндеги рошид Халифалык мамлекетин тикелөө аркылуу гана ишке ашат.

Биз Батыш Исламга каршы кандай айла-амалдарды кылып жатканына күбө болуп турабыз, анын максады «терроризмге каршы күрөшүү» чүмбөтү астында исламий өлкөлөрдө аскерий базаларды куруу жана ал жердеги исламий мамлекетти тикелөөгө чакырып жаткан ар кандай жамаатты ачык жана жашыруун ыкмалар менен бастыруу үчүн саясий жана аскерий аралашууну ишке ашыруу. О.э. Батыштын дагы бир максады Ислам Умматы Халифалык көрүнүшүндөгү чыныгы исламий башкарууну жашоого кайтаруу жөнүндө жада калса фикирлөөгө да кудуреттүү болбошу керек. Батыш мусулмандар арасында Исламий Халифалыкты кайра тикелөө жолунда олуттуу аракет кылып жаткан кишилер бар экенин анык түшүнүүдө. Ошондуктан, Батыш анын түзүмдөрүн мусулмандар кабыл алышы жана Аллах Тааланын:

﴿وَعَدَ ٱللَّهُ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ مِنكُمۡ وَعَمِلُواْ ٱلصَّٰلِحَٰتِ لَيَسۡتَخۡلِفَنَّهُمۡ فِي ٱلۡأَرۡضِ كَمَا ٱسۡتَخۡلَفَ ٱلَّذِينَ مِن قَبۡلِهِمۡ وَلَيُمَكِّنَنَّ لَهُمۡ دِينَهُمُ ٱلَّذِي ٱرۡتَضَىٰ لَهُمۡ وَلَيُبَدِّلَنَّهُم مِّنۢ بَعۡدِ خَوۡفِهِمۡ أَمۡنٗاۚ يَعۡبُدُونَنِي لَا يُشۡرِكُونَ بِي شَيۡـٔٗاۚ وَمَن كَفَرَ بَعۡدَ ذَٰلِكَ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡفَٰسِقُونَ﴾

***«Аллах силерден ыйман келтиргендерге жана жакшы амалдар кылгандарга, кудум мурунку өткөн** (итикаддуу) **заттарды халифа кылгандай, аларды да жер жүзүндө халифа кылууну убада кылды жана алар үчүн Өзү ыраазы болгон** (Ислам) **динин үстөм кылууну о.э. аларды көргөн коош-коркунучтарынан кийин бейпилдикке бөлөп коюуну убада кылды. «Алар Мага гана ибадат кылышат***

***жана Мага бир да нерсени шерик кылышпайт. Ким мына ушул*** *(убада)****дан кийин куфрону*** *(ниъмат)* ***кылса, анда, алар фасыктар»*** [24:55]

деген убадасын унутушу үчүн тынымсыз иш алып барууда.

О.э. Батыш мусулмандарды улуу Пайгамбары ﷺ айткан кушхабарды унуттурууга аракет кылууда. Хузайфадан риваят кылынган хадисте Расулуллах ﷺ айтат:

«تَكُونُ النُّبُوَّةُ فِيكُمْ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ خِلاَفَةٌ عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ اللهُ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ مُلْكًا عَاضًّا، فَيَكُونُ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ يَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ مُلْكًا جَبْرِيَّةً، فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ خِلاَفَةً عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ. ثُمَّ سَكَتَ».

**«Силердин араңарда Аллах каалаганча пайгамбарлык уланат. Кийин Аллах каалаганда аны көтөрөт. Кийин пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот жана ал Аллах каалаганча турат. Кийин Аллах Өзү каалаганда аны көтөрөт. Кийин зордукчул падышалык болот жана ал Аллах каалаганча турат. Кийин Аллах Өзү каалаганда аны көтөрөт. Кийин жабыр көрсөтүүчү залим падышалык болот жана ал Аллах каалаганча турат. Кийин Аллах Өзү каалаганда аны көтөрөт. Кийин пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот.** Андан соң Пайгамбар ﷺ сүкүт кылды». (Ахмад риваяты).

Чынында, Роббибиздин убадасын жүзөгө чыгаруубуздун жана Исламдын даңкын кайра тикелөөбүздүн учуру келди... Аллах Тааланын ыраазылыгына жетүү үчүн кафир Батышка каршы хакты ачык айтуубуздун жана Батышты жеңүүбүздүн убагы келди... Аллах Өзүнүн ушул сөзүндө айткан жардамын бере турган кишилерден болуубуздун убагы келди.

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ إِن تَنصُرُواْ ٱللَّهَ يَنصُرۡكُمۡ وَيُثَبِّتۡ أَقۡدَامَكُمۡ﴾

***«Эй, момундар, эгер силер Аллахка жардам берсеңер, Ал да силерге жардам берет жана согуш майданында кадамыңарды бекем кылат»*** [47:7]

Качанга чейин Батышка моюн сунуп жашайбыз?! Уммат бүгүнкү күндө айланасында болуп жаткан Исламга каршы фитна жана согуштарды аңдап жетиши жана экинчи Рошид Халифалык тикелөө аркылуу исламий жашоону кайрадан баштоо үчүн Хизб ут-Тахрир менен бирге аракет кылышы же аны колдоп-кубатташы важиб... Негизи, экинчи Рошид Халифалыкты тикелөө үчүн аракет кылуу фарз.

Бул жолдо халыс жана аң-сезимдүү түрдө аракет кылып жаткандарга берилчү нусрат-жеңиш жалгыз Аллахтын Өзүндө. Аллах Тааладан нусрат жана үстөмдүктү бизге батыраак беришин сурап дуа кылабыз. ❑

﴿وَإِذۡ قَالَ رَبُّكَ لِلۡمَلَٰٓئِكَةِ إِنِّي جَاعِلٞ فِي ٱلۡأَرۡضِ خَلِيفَةٗۖ قَالُوٓاْ أَتَجۡعَلُ فِيهَا مَن يُفۡسِدُ فِيهَا وَيَسۡفِكُ ٱلدِّمَآءَ وَنَحۡنُ نُسَبِّحُ بِحَمۡدِكَ وَنُقَدِّسُ لَكَۖ قَالَ إِنِّيٓ أَعۡلَمُ مَا لَا تَعۡلَمُونَ﴾

***«Эстегин,** Роббиң периштелерге: “Мен Жер үстүнө* (адамды) ***халифа*** (орун басар) ***кылып жаратамын” дегенде, алар айтышты: “Ал жерде бузукулук жасай турган жана кан төгө турган затты*** (халифа) ***кыласыңбы? Биз болсо алкоо-мактоо айтуу менен Сени улуулайбыз жана Сенин атыңды ар дайым аруу-пакиза тутабыз” дешти.*** (Аллах) ***айтты: “Акыйкатта, Мен силер билбеген нерселерди билемин”»*** [Бакара: 30]

**Шаъровий бул аяттын тафсиринде мындай дейт:**

Аллах Субханаху ва Таала ааламдагы бардык нерсени Өзү жаратканын билдиргенден кийин бул барлыкты абад кылуу үчүн кимди халифа кылганы жөнүндө бизге хабар берүүнү каалады. Аллах Таала адамзаттын эң биринчиси болгон Адам кыссасын Куръан кыссаларынын киришүүсү кылып баштагандай. Бул кысса Куръани Каримде көп орунда келген, алар Аллах Таала бул кысса аркылуу бизге эмнени хабар бермекчи экенин жана бизге Аллах тарабынан болгон хабардын тууралыгын көрсөтөт. Ал Заттын бул сөзүн окугула:

﴿نَّحۡنُ نَقُصُّ عَلَيۡكَ نَبَأَهُم بِٱلۡحَقِّۚ﴾

*«(Эй, Мухаммад)**, Биз сага алардын кабарын чындык менен баян кылабыз »*** [Кахф: 13]

“قصة” (кысса) калимасы قص الاثر т.а. «изинен баруу» сөзүнөн алынган. Аллах Таала хакты гана айтат деп билебиз, Куръани Каримдин кыссаларына да чынында болгон окуялар катары итикад кылабыз. Куръан кыссаларынын ар биринде ибрат же Аллах Таала этибарыбызды тартмакчы болуп жаткан маанилүү бир нерсе бар. Кысса кээде Пайгамбар ﷺ жана муминдерди бекемдикке чакырып, аларды бекемдөө үчүн келет. Бул аятты окугула:

﴿وَكُلّٗا نَّقُصُّ عَلَيۡكَ مِنۡ أَنۢبَآءِ ٱلرُّسُلِ مَا نُثَبِّتُ بِهِۦ فُؤَادَكَۚ﴾

*«(Эй, Мухаммад)**, сага пайпамбарлардын бул кабарларынан дилиңди бекемдеп, кубаттандыра турган кыссаларды баян кылабыз»*** [Худ: 120]

Демек, ар бир кысса Расул ﷺ жана муминдердин жүрөгүн алар түрдүү окуялар себептүү силкинген учурда бекемдейт. Куръандын кыссаларынан көздөлгөн жогорку максад убакытты өткөрүү эмес, ыйманий жашоонун аракетин турукташтырып, аны пайдалуу жашоого айлантуудан турат. Куръани Каримдин кыссалары боюнча этибардан качырбоо зарыл болгон негизги тарап – алар бизге замандардын

өтүшүнө карабастан, дагы кайталанып келе турган тарыхий окуяларды накл кылып жатканы. Маселен, Фиръавнды алалы, ал – ага кулдук кылынышын каалаган ар бир өкүмдар. Үңкүр ээлери болсо – куфр зулумунан качып, Аллахка ибадат кылуу үчүн өзүн четке алган ар кандай ыймандуу топтун кыссасы. Юсуф ﷵдын кыссасы болсо, шайтан ортодогу мамилени бузган, натыйжада бир-бирин жек көрө турган кылып койгон ага-инилердин кыссасы. Зулкарнайн кыссасы – Аллах Таала бул дуняда себеб-мүмкүнчүлүктөрдү берип, жерде бекем кылган, андан кийин ал Аллахтын манхажы менен иш кылып, Аны ыраазы кыла турган амалдарды аткарган ар кандай өкүмдардын кыссасы. Салих ﷵ кыссасы – муъжиза сурашканда Аллах муъжиза көрсөткөн, лекин алар ага кафир болгон коомдордун кыссасы. Шуайб ﷵ кыссасы – тараза жана өлчөөдөуурулук кылган ар кандай коомдун кыссасы жана башка. Ошентип, Куръандын ар кандай кыссасы түрдүү замандарда кайталынып турган кыссалар. Биз жашап жаткан азыркы заманыбызда да, көптөгөн Фиръавндарды, дини себебдүү хижрат кылып, качып чыккан үңкүр ээлерин, мал-дуня жана алтындарга ибадат кылып, алар Аллахка муктаж кылбаган нерселер деп көргөн бир канча Карундарды көрөбүз. Ошондуктан, Ийса ибн Марям жана Марям бинти Имран кыссасынан тышкары бардык Куръан кыссалары адамдары мажхул-белгисиз абалда келген. Эмне үчүн? Анткени, алар – кайталангыс муъжиза. Аллах Таала аларды бизге ачыктап, эгер эркекке кошулбастан боюнда болуп калган ар кандай аял Марям сыяктуу деп айтылса, жок, таптакыр андай эмес, Марям муъжизасы кайталангыс дешибиз жана бул жаатта эч кандай чаташтыкка барбашыбыз үчүн «Марям бинти Имран» жана «Ийса ибн Марям» деп айтты... Бирок, Куръандын башка кыссаларындагы шахстар белгисиз абалда келген. Анткени, Аллах Таала бизге Фиръавн ким, Муса ким, Кахф ээлери ким, Зулкарнайн ким, эки бак ээлери ким, алар жөнүндө айтпады. Куръани Каримдеги башка кыссалар да кудум ушундай, аларда негизги этибар белгилүү бир шахска каратылбаган. Марям бинти Имрон жана Ийса ибн Марям кыссасы башкалар сыяктуу кайталанып келе бербейт. Айрым кимселер Мусанын Фиръавны ким болгондугу же Зулкарнайн ким экендиги жана башкалар жөнүндө баш катырышат. Биз аларга: «Эч нерсеге жетишпейсиңер, анткени Аллах Таала бул кыссаларды шахстар жөнүндө түшүндүрмө бербестен риваят кылган, алардан көздөлгөн түпкү максад – хикмат», дейбиз.

Куръан кыссалары бирдей кайталанбайт, айрым аяттарда андан бир үзүндү келген болсо, дагы башка аяттарда калган бөлүктөрү баян кылынган. Көрүнүштөр ар түрдүү болуп, алар бизге ар кандай аятта жаңы маалыматтарды берет. Ошентип, эгер сиз Куръани Каримде зикр

кылынган бардык аяттарды жамдасаңыз, алдыңызда ар кандай аят аркылуу жаңы маалыматтар менен байытылган, толукталган бүтүн бир кыссаны көрөсүз. Маселен, Куръандагы эң чоң кысса болгон Муса ﵇дын кыссасын алсак, Куръани Карим аны бизге бат-бат эске салат, анткени андагы окуялар тарыхтагы эң жаман адамдын кыссасын кайра жандантат. Аллах Таала бизге түрдүү мамилелер фонунда алардын жашоосунан кандайдыр бир көрүнүштү эске салат.

Адамдын кыссасы да бир канча аяттарда келген, алар мажмуи бизге толук бир кыссанын сүрөтүн көрсөтөт. Ошону менен бирге, аяттардын ар бири өзү назил болгон доор үчүн зарыл хикматтарды өз ичине алат... Аллах Таала Адамды жаратуу, Иблистин Адамга жана анын урпагына болгон душмандыгы кыссасын зикр кылат... Аллах Таала бизге Адамды жаратышын, Иблистин Адамга жана анын урпагына душмандыгын риваят кылып, Ал Зат адамзаттын биринчиси жөнүндө айтат... Биз анын ысымын билдик, ал – Адам алайхиссалам. Аны кандай маддадан жаратканы, Адамга кандай жол көрсөткөнү жана периштелер менен кандай талкуу болуп өткөнүн айтат. О.э. албетте Адам жер жүзүндө халифа болорун, өз жашоосун башкаруу үчүн Аллах ага бардык нерселердин аталышын үйрөткөнүн хабар кылды. Бизге нерселердин аты жана аларды кандай атоо илимин үйрөттү. Аллах Таала Иблис сажда кылуудан баш тартканда аны менен Роббиси ортосунда болуп өткөн маекти жана Иблистин сажда кылуудан баш тартуудагы шылтоосун, анын пландары, муминдердин жүрөгүнө васваса салып, башка нерселер аркылуу кантип кирип кириши мүмкүндүгүн айтып берет. Демек, бул орунда Адамдын кыссасы карала турган абдан көп көрүнүштөр бар, Хак Субханаху ва Таала кыссанын ар бир көрүнүшүн жүрөктөрдү бекемдөөгө кызмат кыла турган таризде келтирди.

Биз талкуу кылып жаткан аяти каримадагы Аллах Тааланын бул сөзүн алалы:

﴿وَإِذْ قَالَ رَبُّكَ لِلْمَلَٰٓئِكَةِ﴾

***«Эстегин, Раббиң периштелерге дегенде».***

Т.а. Аллах Таала саййидибиз Мухаммад ﷺдан Аллах адамды жаратканда аны жер жүзүнө халифа кылуу үчүн жараткандыгын айтууну талаб кылат. Бул орунда Аллах Таала:

﴿إِنِّى جَاعِلٌ﴾

***«Мен Жер үстүнө*** *(адамды)* ***халифа*** *(орун басар)* ***кылып жаратамын»,*** дегени жаратууда кимдир бирөө менен кеңешет дегени эмес. Демек, бул, чечилген маселе болуп, бул жерде периштелерди хабардар кылуу гана жүз берүүдө. Аллах Таала периштелерге бул

жөнүндө айтты, демек, алардын алдында Адамга байланыштуу маанилүү бир вазыйфа бар. Мисалы, бул жерде иштердин тадбирин түзгөн, улуу, жазып турган периштелер жана алардан башка Аллах Таала аларга ушул жаңы жанзаттын жашоосуна тиешелүү түрдүү вазыйфаларды тапшырган периштелер бар. Ошондуктан, «билдирүү» жүз берди, себеби периштелердин ал халифа менен бирге кыла турган иштери бар.

Лекин, бул халифа кимге орун басар болот?... Аллах Таала Адамды жаратканда эле периштелерди ага сажда кылдырды жана ал Аллахтын жердеги орун басарындай ааламды ага моюн сундурду жана себебдер тартуусу менен кубаттады. Натыйжада, аалам ага инсаний ирада менен эмес, Аллахтын ирадасы менен моюн сунат. Аллах Таала хадиси кудсийде айтат:

**«يَا ابْنَ آدَمَ تَفَرَّغْ لِعِبَادَتِي أَمْلَأْ صَدْرَكَ غِنىً، وَأَسُدَّ فَقْرَكَ، وَإِلَّا تَفْعَلْ مَلَأْتُ يَدَيْكَ شُغْلًا وَلَمْ أَسُدَّ فَقْرَكَ»**

**«Эй, адам баласы, бир гана Мага ибадат кылуу менен алек бол, жүрөгүңдү байлык** (тагдырга ыраазылык) **менен толтурамын, жакырлыгыңды тосомун** (малың аз болсо да береке беремин)**. Антпесең колуңду бүтүндөй алек кылып коёмун жана жакырлыгыңды тоспоймун** (т.а. малыңа береке бербеймин)**».** Демек «халифа» сөзүнүн бир канча маанилери бар. Периштелер айтышты:

﴿قَالُوٓاْ أَتَجۡعَلُ فِيهَا مَن يُفۡسِدُ فِيهَا وَيَسۡفِكُ ٱلدِّمَآءَ وَنَحۡنُ نُسَبِّحُ بِحَمۡدِكَ وَنُقَدِّسُ لَكَۖ قَالَ إِنِّيٓ أَعۡلَمُ مَا لَا تَعۡلَمُونَ﴾

***«Алар айтышты: “Ал жерде бузукулук жасай турган жана кан төгө турган затты*** *(халифа)* ***кыласыңбы? Биз болсо алкоо-мактоо айтуу менен Сени улуулайбыз жана Сенин атыңды ар дайым аруу-пакиза тутабыз”, - дешти.*** *(Аллах)* ***айтты: “Акыйкатта, Мен силер билбеген нерселерди билемин”».*** Периштелер муну кайдан билишкен? Демек, ал жерде андан мурун алар ага салыштырып жаткан бир абал жүз берген, же алар Адам жерде бузгунчулук кылат деп ойлошкон. Лекин, периштелер кан жана кан төгүү деген сөздөрдү кантип билишкен, акыйкатта болсо, мындай иш али жүз бербеген эле. Периштелер муну мурунку жашоодон билген болушу анык. Аллах Таала айтат:

﴿وَٱلۡجَآنَّ خَلَقۡنَٰهُ مِن قَبۡلُ مِن نَّارِ ٱلسَّمُومِ﴾

***«Жин-шайтанды*** *(т.а. Иблисти)* ***болсо*** *(Адамдан)* ***мурун от-жалындан жараткан элек»*** [Хижр: 27]

﴿إِنِّيٓ أَعۡلَمُ مَا لَا تَعۡلَمُونَ﴾

***«Мен силер билбеген нерселерди билемин»,*** деген каламынын мааниси: эй, жаратылган, сенин илимиң махлуктугуңа жараша, дегени. Ал эми, Аллах Тааланын илимине келсек, ал түбү жок, азалий. Лекин, Аллах Таала Адам عليه السلام дын жаратылышы жөнүндө хабар бергенде периштелер муну ашкере айтыштыбы же ичинде сакташтыбы, айырмасыз, негизи Аллах муну билген. Анткени, Аллах алардын ичинде жашырып жатышкан нерселерди да, ашкере кылып жатышкан нерселерди да билет. Ал сырды да, андан да жашыруун нерселерди да билет. Сиз сыр жана сырдан да жашыруун нерсе эмне экенин билесизби? Сыр – бул өзүңдөн башкага айтпай жашырып жаткан нерсе. Т.а. мен бир нерсени бирөөгө айтпаган болсом сыр болот, бирок бир нерсени ичиме жашырсам жана анын барлыгынан эч ким хабардар болбосо, бул сырдан да жашыруун нерсе болот. Т.а. бирөөдөн жашырган нерсе сыр. Ал эми, бир нерсени жүрөгүмдө сактасам, аны Аллах гана билсе, бул сырдан да жашыруун нерсе болот.

Аллах Таала:

﴿إِنِّيٓ أَعۡلَمُ مَا لَا تَعۡلَمُونَ﴾

***«Мен силер билбеген нерселерди билемин»,*** деп маселенин чыныгы көлөмүн берүүнү ирада кылды. Куръани Карим периштелердин:

﴿وَنَحۡنُ نُسَبِّحُ بِحَمۡدِكَ وَنُقَدِّسُ لَكَۖ﴾

***«Биз болсо алкоо-мактоо айтуу менен Сени улуулайбыз жана Сенин атыңды ар дайым аруу-пакиза тутабыз»,*** деген каламындагы тасбих – бул пакиза жана кемчиликсиз Затты бардык татыксыз нерселерден аруу тутууну түшүндүрөт. Такдис – бул пакиза кармоо болуп, ал قدس (кадаса) калимасынан алынган, ал тазалануудa иштетиле турган челек маанисин билдирет. Ошондуктан, سبوح قدوس (суббухун куддусун) дейбиз. سبوح т.а. Ал Зат Анын улуулугуна татыктуу эмес бардык нерселерден аруу жана قدوس т.а. мутаххар-тахир болгон дегени. Себеби, аруу тутуу үчүн пакиза тутуп жаткан жана пакиза тутулуп жаткан тарап болушу керек. Периштелердин:

﴿سُبۡحَٰنَكَ لَا عِلۡمَ لَنَآ إِلَّا مَا عَلَّمۡتَنَآۖ﴾

***«Оо, пакиза Роббибиз! Биз жалаң гана Сен бизге үйрөткөн нерселерди гана билебиз»,*** деген сөзү, Аллах Таалага тасбих айтуу жана Аны аруу тутуу... Пакиза тутуу жана улуулоо ар кандай кемчиликтен тыш камали мутлак үчүн болот. Мутлак камилдик жалгыз

Аллах Таалага хос. Ошондуктан, Аллах Таала Өз калкы тилдерин سبحانك калимасын Аллахтан башкасына айтуудан тыйды. Чынында, жашооңузда бирер инсан адам перзентине тасбих айтканын т.а. سبحانك (сени аруулаймын) деп жатканын көрбөйсүң. Ошентип, пенделер Аллах Субханаху ва Тааладан башкасына тасбих айтуудан кайтарылды.

Периштелердин:

﴿وَنَحْنُ نُسَبِّحُ بِحَمْدِكَ وَنُقَدِّسُ لَكَ﴾

***«Биз болсо алкоо-мактоо айтуу менен Сени улуулайбыз жана Сенин атыңды ар дайым аруу-пакиза тутабыз»,*** деген каламы да биз «субханаллохи ва бихамдихи» (Аллахты аруу тутабыз жана хамд айтабыз) дегенибиз сыяктуу. Ушул аяттын мааниси Аллахты аруу тутуп, Аны эч бир затка окшотпоо, Аллахтын сыфаттарын аруу тутуп, аларды башка сыфаттарга окшотпоо жана Аллахтын иштерин аруу тутуп, Анын иштерин башка иштерге окшотпоо. Ал эми, وبحمده калимасынын мааниси, биз сени аруулайбыз жана Сага хамд айтабыз, дегени. Башкача айтканда, оо, Рооби, Сени аруулашыбыз – бул неъмат, албетте мен Сени аруулоо үчүн күч-кубат бергениңе хамд айтамын, дегени. Такдис – бул Аллахты ар кандай гайр (башка нерселерден) аруулоо. Анткени, Сен, оо, Роббим, Куддуссуң, аруусуң, Сага аруу (нерсе жана иштер гана) көтөрүлүүгө ылайыктуу. Сен Өз колуң менен жараткандардан аруулук гана жүз бериши керек. Албетте, Ал Зат бизге:

﴿وَنَحْنُ نُسَبِّحُ بِحَمْدِكَ وَنُقَدِّسُ لَكَ﴾

***«Биз болсо алкоо-мактоо айтуу менен Сени улуулайбыз жана Сенин атыңды ар дайым аруу-пакиза тутабыз»,*** деген маанини билдирди. Андан соң, Аллах Таала Өз хикматы менен периштелерге рад берүүнү ирада кылып:

﴿إِنِّيٓ أَعۡلَمُ مَا لَا تَعۡلَمُونَ﴾

***«Акыйкатта, Мен силер билбеген нерселерди билемин»,*** деди жана аларды ушул абалда таштап койбоду. Лекин, Аллах Таала вакиънин акыйкаттыгын баса белгилеген маселени келтирди. ❑

«لاَ تَرْجِعُوا بَعْدِي كُفَّارًا يَضْرِبُ بَعْضُكُمْ رِقَابَ بَعْضٍ»

## «МЕНДЕН КИЙИН БИР-БИРИҢЕРДИ ӨЛТҮРҮП, КАФИР БОЛУП КЕТПЕГИЛЕ»

Набий ﷺ өз хадиси шарифтеринде – Куръани Каримдей – мусулмандарды бир-биринин канын жазыксыз төгүүдөн катуу эскертти. Жада калса, катылдыктан (адам өлтүрүүдөн) анча кичине болгон сөгүүнү фасыктык деп атады. Азапка салуу максады болбосо да, мусулманга курал багыттоону алгылыктуу санабады. Ислам шариятынын улуулугу ушунда: ал кан төгүүнүн харамдыгын мусулмандарга гана чектебеди, балким, бул мусулмандар менен сулх түзгөн, Ислам хукму астындагы зиммийлерге жана амандык сурап келген кайрымусулмандарга да тиешелүү. Ислам аларга кол салууну харам кылды. Бул, Расулуллах ﷺдын көптөгөн хадистеринде баса белгиленген, бүгүнкү күндө аларга амал кылууга чоң мухтаждык бар. Төмөндө андай хадистердин айрымдарын тартуулайбыз:

- Абдуллах ибн Умардан риваят кылынат. Ал киши айтат: Мен Расулуллах ﷺ Каъбаны мындай деп таваф кылып жатканын уктум:

«مَا أَطْيَبَكِ وَأَطْيَبَ رِيحَكِ، مَا أَعْظَمَكِ وَأَعْظَمَ حُرْمَتَكِ. وَالَّذِي نَفْسُ مُحَمَّدٍ بِيَدِهِ، لَحُرْمَةُ الْمُؤْمِنِ أَعْظَمُ عِنْدَ اللَّهِ حُرْمَةً مِنْكِ، مَالِهِ وَدَمِهِ، وَأَنْ نَظُنَّ بِهِ إِلَّا خَيْرًا»

«(Эй, Каъба) **кандай гана жакшысың жана кандай гана жыттуусуң, кандай гана улуусуң жана сенин кол тийгистигиң да абдан улуу. Мухаммаддын жаны колунда болгон Затка ант болсун, Аллахтын назарында муминдин, анын малынын жана канынын кол тийгистиги сенин кол тийгистигиңден да улуу. О.э. мумин жөнүндө жакшылыкты гана күмөн кылуубуз да сенин кол тийгистигиңден улуу»**. Бул хадисти Табарий өзүнүн тафсиринде келтирди.

- Язид Раккашийден риваят кылынат: Абул Хакам Бажлий айтат: Абу Саид Худрий жана Абу Хурайра رضي الله عنهماдар Расулуллах ﷺдан ушул хадисти риваят кылып жатышканын уктум: Расулуллах ﷺ айтты:

«لَوْ أَنَّ أَهْلَ السَّمَاءِ وَالْأَرْضِ اشْتَرَكُوا فِي دَمِ مُؤْمِنٍ؛ لَأَكَبَّهُمْ اللهُ فِي النَّارِ»

**«Эгер, асман жана жер калкы бир муминдин канын төгүүгө катышса, албетте Аллах алардын баарын тозокко таштайт».** Тирмизий риваяты.

- Абу Бакрдан риваят кылынат: Расулуллах ﷺ адамдарга кайрылып:

«**أَلَا تَدْرُونَ أَيَّ يَوْمٍ هَذَا؟** قَالُوا: اللهُ وَرَسُولُهُ أَعْلَمُ. قَالَ: حَتَّى ظَنَنَّا أَنَّهُ سَيُسَمِّيهِ بِغَيْرِ اسْمِهِ. فَقَالَ: **أَلَيْسَ بِيَوْمِ النَّحْرِ؟** قُلْنَا: بَلَى يَا رَسُولَ اللهِ. قَالَ: **أَيُّ بَلَدٍ هَذَا؟ أَلَيْسَتْ بِالْبَلْدَةِ الْحَرَامِ؟** قُلْنَا: بَلَى يَا رَسُولَ اللهِ. قَالَ: **فَإِنَّ دِمَاءَكُمْ وَأَمْوَالَكُمْ وَأَعْرَاضَكُمْ وَأَبْشَارَكُمْ عَلَيْكُمْ حَرَامٌ كَحُرْمَةِ يَوْمِكُمْ هَذَا، فِي شَهْرِكُمْ هَذَا، فِي بَلَدِكُمْ هَذَا، أَلَا هَلْ بَلَّغْتُ؟** قُلْنَا: نَعَمْ. قَالَ: **اللَّهُمَّ اشْهَدْ، فَلْيُبَلِّغِ الشَّاهِدُ الْغَائِبَ؛ فَإِنَّهُ رُبَّ مُبَلِّغٍ يُبَلِّغُهُ لِمَنْ هُوَ أَوْعَى لَهُ فَكَانَ كَذَلِكَ**». قَالَ: **لَا تَرْجِعُوا بَعْدِي كُفَّارًا يَضْرِبُ بَعْضُكُمْ رِقَابَ بَعْضٍ**»

**«Бул күн кайсы күн экенин билесиңерби?», -** деди. "Аллах жана Расулу билүүчү", - дешти. Биз жада калса ал бул күндү өз ысымынан башка ысым менен атайт, деп ойлой баштадык. Ал: "**Курбандыктар союла турган нахр күнү эмеспи?", -** деди. Биз: "Ооба, ошондой, я Расулуллах", дедик. Ал: **"Бул кайсы шаар? Согуш харам кылынган шаар эмеспи?", -** деди**.** Биз: "Ооба, ошондой, я Расулуллах", - дедик. Расулуллах: **"Шек-күмөнсүз, силердин каныңар, малыңар, намысыңар жана денеңер силерге ушул** (мубарак) **күнүңөр, айыңар жана шаарыңарда** (согуш харам кылынгандай) **харам кылынды. Силерге жеткирдимби?", -** деди**.** Биз: "Ооба, албетте, жеткирдиң", - дедик. Ошондо айтты: **"Аллахым! Өзүң күбө болгун. Бул жерде шахид болгондор** (күбө болгондор) **башкаларга жеткирсин. Анткени, көбүнчө жеткирүүчү муну өзүнөн дагы да аң-сезимдүү кишиге жеткирет".** Натыйжада, ошондой болду. Дагы айтты: **"Менден кийин бир-бириңерди өлтүрүп, кафир болуп кетпегиле».** Бухарий риваяты.

- Ибн Масъуддан риваят кылынат: Расулуллах ﷺ айтты:

**«لاَ يَحِلُّ دَمُ امْرِئٍ مُسْلِمٍ، يَشْهَدُ أَنْ لاَ إِلَهَ إِلَّا اللَّهُ وأَنِّي رَسولُ اللَّهِ، إلَّا بإحْدَى ثَلاثٍ: النَّفْسُ بالنَّفْسِ، والثَّيِّبُ الزَّانِي، والمارِقُ مِنَ الدِّينِ التَّارِكُ لِلْجَماعَةِ»**

**«Аллахтан башка илах жок жана мени Аллахтын Расулу деп күбөлүк берген мусулман кишинин канын төгүү халал болбойт, магар үч абалдын бири болсо, алар андан тышкары: жанга жандын** (т.а. жазыксыз адам өлтүргөн катылдын)**, турмуш курган зынакердин, жамаатты таштап, динден чыккандын** (муртаддын) **каны халал».** Муттафакун алайх.

Ибн Касир Аллах Тааланын:

﴿وَمَن يَقْتُلْ مُؤْمِنًا مُّتَعَمِّدًا فَجَزَآؤُهُۥ جَهَنَّمُ خَٰلِدًا فِيهَا وَغَضِبَ ٱللَّهُ عَلَيْهِ وَلَعَنَهُۥ وَأَعَدَّ لَهُۥ عَذَابًا عَظِيمًا﴾

***«Ким атайылап бир момунду өлтүрсө, анын жазасы тозок, ошол жайда түбөлүк калат. Дагы ал Аллахтын азабына жана каргышына дуушар болот. Аллах ал үчүн чоң азапты даярдап койгон»*** [Ниса: 93]

аяти каримасынын тафсиринде мындай дейт: «Эгер, кимдир бирөө ушул үч абалдын бирине түшүп калса, аны өлтүрүү укугу элдин эч бирине берилбейт. Бул укук Имамга же анын наибине гана берилет».

- Ибн Масъуд ﵁дан риваят кылынат: Расулуллах ﷺ айтты:

«أَوَّلُ مَا يُحَاسَبُ بِهِ الْعَبْدُ الصَّلاَةُ، وَأَوَّلُ مَا يُقْضَى بَيْنَ النَّاسِ الدِّمَاءُ»

**«Кыямат күнү пенде эсеп кылына турган эң биринчи нерсе – намаз. Инсандар ортосундагы соту көрүлө турган биринчи нерсе болсо – төгүлгөн кан».** Муттафакун алайх*.* Мунун себеби ушул: Кыямат күнү бул экөөсүнүн кооп-коркунучу абдан чоң. Ар кандай күнөө афв этилиши, кечирилиши мүмкүн. Магар Аллахка келтирилген ширк жана пенделерге кылынган зулум кечирилбейт.

- Укба ибн Амир ﵁дан риваят кылынат: Расулуллах ﷺ айтты:

«لَيْسَ مِنْ عَبْدٍ يَلْقَى اللهَ لَا يُشْرِكُ بِهِ شَيْئًا، لَمْ يَتَنَدّ بِدَمٍ حَرَامٍ، إِلَّا دَخَلَ مِنْ أَيِّ أَبْوَابِ الْجَنَّةِ شَاءَ»

**«Бирер пенде Аллахтын алдына Ага эч нерсени шерик кылбаган жана харам кан менен булганбаган абалда барса, ал жаннаттын каалаган эшигинен кирет».** Ахмад жана Ибн Мажжа риваяты*.* وَلَمْ يَتَنَدَّ т.а. бул катылдыкта эч кандай көрүнүштө катышуусу болбогон, аралашпаган, дегени. Бул хадис мусулмандардын канын төгүү, намысына кол салуу пенделер жөнүндөгү эң чоң зулумдардан экенине күбө.

- Ибн Аббастан риваят кылынган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

«أَبْغَضُ النَّاسِ إِلَى اللّهِ ثَلاَثَةٌ : مُلْحِدٌ فِي الحَرَمِ، ومُبْتَغٍ فِي الْإِسْلاَمِ سُنَّةَ الْجَاهِلِيَّةِ، وَمُطَّلِبٌ دَمَ امرِئٍ بِغَيرِ حَقٍّ لِيُهرِيقَ دَمَهُ»

**«Инсандардан Аллахтын каарына эң көп учурагандары үчөө: Харамда туруп динсиз болгон, Исламда болуп жахилият жолун арзуу кылган, жазыксыз бирөөнү өлтүрүүнү каалаган киши».** Бухарий риваяты.

- Жундуб ﵁ Набий ﷺдан риваят кылат:

«مَنْ سَمَّعَ سَمَّعَ اللَّهُ بِهِ يَوْمَ الْقِيَامَةِ، قَالَ: وَمَنْ يُشَاقِقْ يَشْقُقِ اللَّهُ عَلَيْهِ يَوْمَ القِيَامَةِ، فَقَالُوا: أَوْصِنَا، فَقَالَ: إِنَّ أَوَّلَ مَا يُنْتِنُ مِنْ الْإِنْسَانِ بَطْنُهُ، فَمَنِ اسْتَطَاعَ أَنْ لاَ يَأْكُلَ إِلَّا طَيِّبًا فَلْيَفْعَلْ، ومَنِ اسْتَطَاعَ أَنْ لاَ يُحَالَ بَيْنَهُ وَبَيْنَ الْجَنَّةِ بِمِلْءِ كَفِّهِ مِنْ دَمٍ أَهْرَاقَهُ فَلْيَفْعَلْ»

**«Ким** (өзүн) **ашкере кылса, Аллах да аны Кыямат күнүндө** (жаман амалы) **менен ашкере кылып шерменде кылат. Ким инсандарды кыйынчылыкка салса, Кыямат күнү Аллах да аны кыйынчылыкка салат.** Алар айтышты: “Бизге васият кыл”. Ал айтты: **“Инсандын эң биринчи сасый турган мүчөсү – карды. Ким жалаң гана халал-таза нерселерди жегенге курбу жетсе, ошондой кылсын. Ким өзү менен жаннаттын ортосун бир ууч кан төгүү менен тосуп койбоого кудуреттүү болсо, ошондой кылсын».** Бухарий риваяты.

- Убада ибн Самит ﵁ Набий ﷺдан риваят кылат: Расулуллах ﷺ айтты:

«مَنْ قَتَلَ مُؤْمِنًا فَاغْتَبَطَ بِقَتْلِهِ, لَمْ يَقْبَلِ اللَّهُ مِنْهُ صَرْفًا وَلَا عَدْلًا»

**«Ким бир муминди жазыксыз өлтүрсө жана буга сүйүнсө, Аллах анын төлөмүн да, фидясын да кабыл албайт».** Абу Давуд риваяты.

- Абдуллах ибн Умардан риваят кылынат: Набий ﷺ айтты:

«لَا يَزَالُ الْمُؤْمِنُ فِي فُسْحَةٍ مِن دِينِهِ، ما لَمْ يُصِبْ دَمًا حَرَامًا»

**«Ырас, мумин жазыксыз кан төкпөсө, кайсы күнөөнү кылган болсо да динде андан чыгуу жолу бор».** Бухарий риваяты.

- Абу Айюб Ансорийден риваят кылынат: Набий ﷺ айтты:

«مَنْ جَاءَ يَعْبُدُ اللهَ وَلاَ يُشْرِكُ بهِ شيئًا، ويُقِيمُ الصَّلاةَ، ويُؤْتِي الزَّكَاةَ، وَيَصُومُ رَمَضَانَ، ويَجْتَنِبُ الْكَبائِرَ إِلَّا دَخَلَ الْجَنَّةَ»

**«Ким кыяматта Аллахка ибадат кылган, Ага эч нерсени шерик кылбаган, намазды аткарган, зекетти берген, рамазан орозосун кармаган жана чоң күнөөлөрдөн алыс жүргөн абалда келсе, албетте жаннатка кирет».** Ошондо сахабалар ал кишиден чоң күнөөлөр жөнүндө сурашты. Ал айтты:

«اَلْإِشْرَاكُ بِاللَّهِ، وَقَتْلُ النّفسِ الْمُسْلِمَةِ، وَالْفِرَارُ يَوْمَ الزّحْفِ»

**«Аллахка ширк келтирүү, мусулман жанды өлтүрүү жана чабуул учурунда кармаштан качуу».** Насаий риваяты.

- Бухарий жана Муслим өз «Сахих»теринде риваят кылышат:

«اِجْتَنِبُوا السَّبْعَ الْمُوبِقاتِ: الشِّرْكُ بِاللهِ، وَالسِّحْرُ، وَقَتْلُ النَّفْسِ الَّتِي حَرَّمَ اللهُ إِلَّا بِالْحَقِّ، وَأَكْلُ الرِّبَا، وَأَكْلُ مَالِ الْيَتِيمِ، وَالتَّوَلِّي يَوْمَ الزَّحْفِ، وَقَذْفُ الْمُحْصَنَاتِ الغَافِلاَتِ الْمُؤْمِنَاتِ»

**«Жети кыйратуучу** (күнөөлөрдөн) **алыс болгула: Аллахка ширк келтирүү, сыйкыр, Аллах харам кылган жанды жазыксыз өлтүрүү, риба жеш, жетимдин малын жеш, чабуул учурунда**

**согуштан качуу жана абийирдүү, фахштан хабарсыз пакиза аялдарды бузукулукта айыптоо».** Дагы айтты:

**«أَكْبَرُ الكَبَائِرِ: اَلْإِشْرَاكُ بِاللَّهِ، وَقَتْلُ النَّفْسِ، وَعُقُوقُ الْوَالِدَيْنِ، وَقَوْلُ الزُّورِ»**

**«Кабира күнөөлөрдүн эң чоңдору: Аллахка ширк келтирүү, адам өлтүрүү, ата-энеге ак болуу жана жалган күбөлүк берүү».** Муттафакун алайх.

- Ибн Аббастан риваят кылынат: Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деп жатканын уккам:

**«يَجِيءُ الْمَقْتُولُ مُتَعَلِّقًا بِالْقَاتِلِ تَشْخَبُ أَوْدَاجُهُ دَمًا فَيَقُولُ: أَيْ رَبِّ، سَلْ هَذَا فِيمَ قَتَلَنِي»**

**«Кыямат күнү жазыксыз өлтүрүлгөн кимсе мойнунан каны аккан абалда катылына асылып келет жана: «Оо, Роббим, мындан сурачы, эмнеге мени өлтүрдү», дейт».** Насаий риваяты. Ибн Мажа жана Тирмизийде ибн Аббастан риваят кылынат: Расулуллах ﷺ айтты:

**«يَجِيءُ الْمَقْتُولُ بِالْقَاتِلِ يَوْمَ الْقِيَامَةِ نَاصِيَتُهُ وَرَأْسُهُ بِيَدِهِ وَأَوْدَاجُهُ تَشْخَبُ دَمًا، فَيَقُولُ : يَا رَبِّ سَلْ هَذَا فِيمَ قَتَلَنِي؟ حَتَّى يُدْنِيَهُ مِنْ الْعَرْشِ»**

**«Кыямат күнүндө жазыксыз өлтүрүлгөн адам катылдын төбө чачынан жана башынан кармап алып келет, анын мойнунан кан агып турат жана: «Я Роббий, мындан мени эмнеге өлтүргөнүн сура», дейт жана жада калса аны Арштын жанына чейин алып барат».**

- Абу Дарда رضي الله عنهдан риваят кылынат: Расулуллах ﷺ айтты:

**«لاَ يَزالُ الْمُؤْمِنُ مُعْنِقًا مَا لَمْ يُصِبْ دَمًا حَرَامًا»**

**«Мумин киши харам кылынган канды төкпөсө, муъник болуп кала берет».** Абу Давуд риваяты. (Муъник – өтмүштө жакшылыктары болгондуктан бою узун, кадыры жогору адам).

- Абдуллах ибн Умардан риваят кылынат: Расулуллах ﷺ айтты:

**«إِنَّ مِنْ وَرَطَاتِ الأُمُورِ، الَّتِي لاَ مَخْرَجَ لِمَنْ أَوْقَعَ نَفْسَهُ فِيهَا سَفْكَ الدَّمِ الْحَرَامِ بِغَيْرِ حِلِّهِ»**

**«Жазыксыз кан төгүү албетте кырсыктуу иштерден. Өзүн бул кырсыкка таштаган киши үчүн чыгар жол жок».** Бухарий риваяты.

- Абу Хурайра رضي الله عنهдан риваят кылынат. Расулуллах ﷺ айтты:

**«لاَ يُشِرْ أَحَدُكُمْ عَلَى أَخِيهِ بِالسِّلاَحِ، فَإِنَّهُ لاَ يَدْرِي لَعَلَّ الشَّيْطَانَ يَنْزِعُ فِي يَدِهِ فَيَقَعُ فِي حُفْرَةٍ مِنْ النَّارِ»**

**«Силерден эч кимиңер өз бурадарына курал менен ишара кылбасын. Анткени, ал билбейт, шайтан анын колунан куралын тартып алат жана ал шайтандын азгыруусу менен бурадарын**

**өлтүрөт. Натыйжада, тозокко түшөт».** Бухарий жана Муслим риваяты. Бул – мусулмандын мусулманга урматы бийик болгондуктан этияттык чарасы.

- О.э. Абу Хурайрадан риваят кылынат: Набий ﷺ айтты:

«مَنْ أَشَارَ إِلَى أَخِيهِ بِحَدِيدَةٍ فَإِنَّ الْمَلَائِكَةَ تَلْعَنُهُ، وَإِنْ كَانَ أَخَاهُ لأَبِيهِ وأُمِّهِ»

**«Ким өз бурадарына темир менен** (бычак, канжар, кылыч…) **менен ишара кылса, албетте периштелер аны наалаттайт. А түгүл, ал ата-энеси бир туушкан ага-иниси болсо да».** Муслим риваяты.

- Савбан ؓдан риваят кылынат: Набий ﷺ айтты:

«إِذَا وُضِعَ السَّيْفُ فِي أُمَّتِي لَمْ يُرْفَعْ عَنْهَا إِلَى يَوْمِ الْقِيَامَةِ»

**«Эгер, Умматымдын арасында кылыч көтөрүлсө** (согуш башталса), (бул согуш) **Кыяматка чейин токтобойт».** Тирмизий риваяты.

- Абу Хурайрадан Набий ﷺдын мындай дегени риваят кылынат:

«لَا تَقُومُ السَّاعَةُ حَتَّى يَمُرَّ الرَّجُلُ بِالْقَبْرِ فَيَقُولُ: يَا لَيْتَنِي مَكَانَهُ»

**«Киши кабырдын жанынан өтүп бара жатып, кана, мен анын жайында болсом эле, демейинче Кыямат кайым болбойт».** Бухарий жана Муслим риваяты.

- Абу Хурайра ؓдан риваят кылынат: Набий ﷺ айтты:

«وَالَّذِي نَفْسِي بِيَدِهِ، لاَ تَذْهَبُ الدُّنْيا حَتَّى يَأْتِيَ عَلَى النَّاسِ يَوْمٌ، لاَ يَدْرِي الْقَاتِلُ فِيمَ قَتَلَ، وَلاَ الْمَقْتُولُ فِيمَ قُتِلَ، فَقِيلَ: كَيْفَ يَكُونُ ذَلِكَ؟ قَالَ: الهَرْجُ، اَلْقَاتِلُ وَالْمَقْتُولُ فِي النَّارِ»

**«Жаным колунда болгон Затка ант болсун,** (акыр заманда) **адамдарга бир күн келет. Ал күндө катыл эмне үчүн өлтүргөнүн, мактул болсо, эмне үчүн өлтүрүлгөнүн билбейт.** "Ал кандай болот?", - деп сурашты. Ал айтты: **«Харж** (катылдык) **болот, анан катыл да, мактул да тозокто болот».** Муслим риваяты.

- Абу Хурайрадан риваят кылынат: Набий ﷺ айтты:

«يَتَقَارَبُ الزَّمَانُ، ويُقْبَضُ العِلْمُ، وَيُلْقَى الشُّحُّ، وَيَكْثُرُ الهَرْجُ، فَقِيلَ: وما الهَرْجُ؟ قالَ: القَتْلُ»

**«Замандар жакындашат** (убакыттан береке кетет)**, илимге тыюу салынат, сараңдык жайылат, харж көбөйөт.** "Харж эмне, я Расулуллах?", - деп суралганда, ал: **"Катыл",** деди». Муттафакун алайх. Дагы айтты:

«إِنَّ بَيْنَ يَدَيْ السَّاعَةِ لَهَرْجًا، قَالَ: قُلْتُ: يَا رَسُولَ اللَّهِ، مَا الْهَرْجُ؟ قَالَ الْقَتْلُ»

**«Албетте, Кыямат сааты алдында харж болот.** Сахабалар: Я Расулуллах, харж эмне?", - деп сурашты. Пайгамбарыбыз ﷺ: **"Ал**

**катыл",** деп жооп берди**».** Айрым мусулмандар: "Я Расулуллах, биз бир жыл ичинде мушриктердин бир канчасын өлтүрөбүз", - дешти. Расулуллах:

**«لَيْسَ بِقَتْلِ الْمُشْرِكِينَ؛ وَلَكِنْ يَقْتُلُ بَعْضُكُمْ بَعْضًا، حَتَّى يَقْتُلَ الرَّجُلُ جَارَهُ وَابْنَ عَمِّهِ وَذَا قَرَابَتِهِ.** فَقَالَ بَعْضُ الْقَوْمِ: يَا رَسُولَ اللَّهِ، وَمَعَنَا عُقُولُنَا ذَلِكَ الْيَوْمَ؟ فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ: **لَا، تُنْزَعُ عُقُولُ أَكْثَرِ ذَلِكَ الزَّمَانِ، وَيَخْلُفُ لَهُ هَبَاءٌ مِنَ النَّاسِ لَا عُقُولَ لَهُمْ»**

**«Харж – мушриктерди катыл кылуу эмес, лекин** (акыр заманда) **бир-бириңерди өлтүрөсүңөр, жада калса киши өз кошунасын, абасынын баласын жана тууганын өлтүрөт, мына ушул – харж",** деди. Коомдун айрымдары: "Я Расулуллах, ал күн акылыбыз жайында болобу?", - дешти. Расулуллах ﷺ айтты: **«Жок, ал замандагы көпчүлүк кишилердин акылы алып коюлат, акылдуулардын ордун акылы жок, жеңил ойлуу кимселер ээлеп алышат».** Ибн Мажа риваяты. ❑

## Тель-Авив коомдук фикирге таасир өткөрүү үчүн ички маселелерге кийлигишип жатат деп Москваны айыптады

(израиль) разведкасы Россия разведкасы тарабынан (израилдин) ичиндеги коомдук фикирге таасир өткөрүүгө аракеттер болуп жатканын аныктады. (израилдик) разведкачылар Россия разведкасы онлайн таасир кылуу операцияларын өткөрүп жатканын баса белгилеп, россиялык кесиптештеринен өлкө ичиндеги бөлүнүүлөрдүн күчөшүнө себеп болгон мындай интернет кампаниясын токтотууну талап кылышты. Чындыгында, акыркы кездерде социалдык тармактарда робот программасы ибраний тилде Россияны колдогон үгүттөрдү таратып жатканы белгилүү болду. Адатта бул үгүттөр (израиль) коомчулугун, айрыкча, түбү Советтер Союзуна – Уркаинага – барып такалган яхудийлерди Россиянын Украинага каршы баштаган согушу ач көздүк эмес, мыйзамдуу жана адилеттүү согуш деп ишендирүүгө каратылган. Яхудийлердин «Едиот ахронот» гезитинин эл аралык алакалар боюнча кабарчысы Надав Эяль айтат: «Россия разведкасы көрсөтмөлөрдү түздөн-түз Кремлден алган жана орус разведкасынын ушул интернет кампаниясынын максаты (израиль) коомуна таасир кылуу үчүн көптөгөн иш-чараларды көрүү. Бул болсо, өз кезегинде, (израиль) разведка кызматын ушул кампания ободу (израилдин) ички бөлүнүшүнүн күчөшүнө каратылганын баса белгилөөгө жана орус  разведкасын мындай интернет операцияларды кеңейтүүдөн эскертүүгө үндөдү». Кабарчы кошумчалап айтат: «(израиль) разведкасынын расмийлери жакында Россия разведкасынын расмийлерине (израилдиктерге) каршы онлайн таасир кылуу операцияларын токтотууну сурап чечкиндүү катъий талап жөнөткөн. Бул сыяктуу иштер россиялык жана (израилдик) коопсуздук кызматкерлери ортосунда экинчи ирет күзөтүлүп жатат. Бул болсо, бүгүнкү күндө (израилде) көптөгөн ыйык нерселер бузулуп жатканын, (израилдиктерди) бөлүүгө урунуп жатышканын түшүндүрөт». Тель-Авив университетинин тушундагы Улуттук коопсуздук изилдөөлөрү институту «Амон» аскердий разведка кызматынын мурунку жетекчиси генерал Тамир Хайман тарабынан даярдалган документте шайлоолордогу тышкы аралашуу сценарийлеринен эскерткен. Анын айтымында, бул аралашуу эки негизги лагерь ортосундагы тең салмактуулук абалынан пайдалануу жана бир нече тышкы аракеттер аркылуу бир тарапты башкасынан үстөм коюу менен болот. Өз кезегинде бул «стратегиялык күрөш» деп аталган сценарий».

**Ал-Ваъй:** (израиль) дүйнөдөгү эң күчсүз мамлекет. Ал региондогу ар кандай түптөн өзгөрүү учурунда бүтүндөй жок болуп кетет. Ага тынымсыз жардам көрсөтүлүп, Батыш аны ар кандай өзгөрүүдөн коргошуна ишендирип келе жатканына карабастан, анын кыйроого учуроо факторлору ичинде да, айланасында да күтүп турат... Т.а. (израиль) тамырсыз жасалма мамлекет.

## Аялдардын камагынан чыккан кат Мисир режимин шерменде кылууда

Адам укуктарына тиешелүү бир социалдык тармак Мисирдеги «Ашир мин Рамазан» деген камактын аймагындагы жаңы аялдар лагериндеги туткун аялдар тарабынан жазылган катты жарыялады. Андан белгилүү болгондой, ушул жаңы лагерде саясий туткун аялдардын бөлмөлөрүнүн ичине да күзөтүү камералары орнотулган жана мындай абалга таң калган туткун аялдар бул чараларга өз наарazылыктарын билдиришкен. Бирок, алар камак администрациясынын "бул камераларды аялдардын кыймыл-аракетин күнү-түнү күзөтүү үчүн ички иштер министрлигинин тапшырыгы менен орнотконбуз" деген жообуна андан да таң калышты. Бул болсо, аялдар камерага түшүп калуудан жана сүрөттөр аларга каршы иштетилишинен коркуп, күнү-түнү хижаб кийип жүрүүгө мажбур кылууда. Туткун Абдулфаттах газдалган суу ичип жатканы камерага түшүп калып, бул тасма ага каршы ал ачкачылык жарыя кылбаганын далилдөөгө колдонулгандай. Укук коргоо уюму баса белгилегендей, бул камераларды он экиден ашуун мекеме кызматкерлери күзөтүп турат, абактын өзүндө төрт тарап: камак администрациясы, камак үчүн жооптуу коопсуздук кызматкерлери, камак кызматкерлери жана камак башчысы, андан кийин ички иштер министрлери, ички иштер министри, улуттук коопсуздук секторунун кызматкерлери, улуттук коопсуздук төрагасы, ал тургай, Республика президенти...

Камактан чыккан катта туткундар күнү-түнү күзөтүлүп жатышканы үчүн түндө уктап жатканда аялдардын денесинин бирер жери ачылып көрүнүп калса жаап туруу үчүн кезекчилерди коюп жатышканын баса белгилешкен. Туткун аялдар жеке кол тийгистикке болгон минималдуу укуктарды да бузуп, туткун аялдарга карата фитна жана анык куугунтук каражаты болгон мындай маскарапоздукка чекит коюуну талап кылышты. О.э. туткун аялдар Мисир ички иштер министрлигинин саясий туткун аялдарга каршы жүргүзүп жаткан мындай ахлаксыздыкты токтотуу жөнүндөгү арыздарын аялдардын

укуктары боюнча улуттук кеңешке жана бүткүл дүйнөдөгү аялдардын укуктарын коргоочуларга жиберишти.

**Ал-Ваъй:** Мисир камактарында да башка исламий өлкөлөрдөгү камактарда болгондой зулум жана коррупция кеңири жайылган жана ашкере кылынбаганы мындан да жаман! Ал эми, бул кабар бүткүл Уммат өз өкүмдарларына каршы чыгышына түрткү болушу керек. Биз Аллах Субханахудан бул режимдерди түп-тамыры менен жок кылышыбызга жеткиришин сурайбыз. Умматтын камактын сыртындагы абалы ичкеридеги абалынан айырмаланбайт.

## Сауд Арабиянын окуу программаларынан баскынчы яхудийлерге каршы материалдардын алып салынганын бүткүл ибраний маалымат каражаттары алкышташты

Бүгүн баскынчы яхудийлер менен мамилелерди нормалдаштыруу баскычына жетип турганда ибраний маалымат каражаттары Саудиядагы окуу программаларына киргизилип жаткан өзгөртүүлөрдү күзөтүүнү улантууда. Акса мечитинин өрттөлүшүн айыптабоо жана 1967-жылдагы согуш Жакынкы Чыгыштын тынчтыгын көзөмөлдөө максатында башталган деп билүү сыяктуулар ушул өзгөртүүлөрдүн маанилүүлөрү болуп эсептелет. «Едиот ахронот» гезитинин кабарчысы Итамар Айхнер мындай дейт: «Мухаммад ибн Салман ишке ашырган ыңкылап ал бийликке келгенден бери мектеп адабияттарын реформалоодо жана мазмунун өзгөртүүдө өз тастыгын тапты. Мисалы, яхудийлер «шайтанга сыйынган маймыл жана доңуздар», «табиятынан кыянатчыл калк», «Исламдын касташкан душмандары» деген сыяктуу сөздөр алып салынды. Муну менен бирге, (израилге) каршы жазылган материалдар да жок кылынды, (израиль) өз аймагын Мисирдеги Нил дарыясынан Ирактагы Фурат дарыясына чейин кеңейтүү кара ниет пландары, тил бириктирүүлөрү жана максаттары бар экендиги, буларды ишке ашыруу үчүн аялдардан, баңгизаттардан жана маалымат каражаттарынан пайдаланууда» деген сөздөрдүн баары алып салынды».

«Арабий 21» тарабынан которулган бул макалада кабарчы ушуларды кошумчалады: «(израилдин) жаңы изилдөөлөрүнө ылайык, Сауд Арабия акыркы беш жыл ичинде окуу программаларында көптөгөн өзгөрүүлөрдү жасады, окуу куралдарынан (израиль) жана антисемитизм жаатында оң кадамдарды таштады. Хизбуллах жана Хусийлер, Ихванул Муслимин сыяктуу Иран тарабынан колдоп-кубатталган уюмдарга каршы маселелерде о.э. гендердик теңдик маселесинде да өлкө көптөгөн ийгиликтерге жетишти. Ушул

изилдөөдө акыркы беш жыл ичинде 301 окуу китеби каралып чыкты. Эң маанилүү өзгөрүүлөр, яхудийлерге карата терс мамилени өзгөртүү, китептерден дээрлик бардык антисемитизм материалдарын алып салуу, яхудийлердин Фалестинде жайгашышына каршы ырларды алып салуу жана сионисттедин Фалестин жериндеги айтымдарын четке кагууга тиешелүү окуу программаларын жок кылуу болду. Ал тургай, орто билим үчүн тарых сабагындагы фалестиндиктерге тиешелүү биринчи козголоңдун оң натыйжалары жөнүндөгү сабак о.э. (израиль) жасалма демократиялык вужуд катары айтылган сөздөр, китептердин биринде (израиль) 1969-жылы Акса мечитин өрттөп жиберишине тиешелүү айыптоолор да китептерден алынды».

Кабарчы дагы айтат: «Саудия билим берүү министрлиги окуучулардын китептериндеги (израилге) тиешелүү бир нече аталыштарды өзгөрттү о.э. сионист душман же яхудий душман аталыштары чабуулчу (израиль) аталышына алмаштырылды». «IMPACT-se» (Мектептерде тынчтык жана маданий боорукеңдикти мониторинг кылуу институтунун) аткаруучу директору Маркус Шифф: "Мектеп китептериндеги ар кандай реформа маанилүү болсо да, бирок, бул мусулман өлкөлөрүндөгү сунний мазхабдын жетекчиси болгон Саудия үчүн өзгөчө маанилүү", - деди. Анын орун басары Эрик Агасси ушуларды баса белгиледи: «Ибн Салман ишке ашырып жаткан бул өзгөрүүлөр болуп көрбөгөн эрдик, келечектүү иштерден кабар берүүдө. Себеби, бул жөнөкөй бир мамлекет эмес, анын китептери бүткүл дүйнө мусулман жамааттарына таратылат, аларды мечиттер жана башка билим берүү мекемелеринде он миллиондогон окуучулар үйрөнүшөт».

**Ал-Ваъй:** биз яхудийлерге мындай дейбиз: исламий өлкөлөрдөгү бул өкүмдарларга болгон үмүтүң – бир закым, мамилелерди нормалдаштыруу аракетиң да – куру кыял. Акыры, көрбөдүңбү, Уммат силер жөнүндөгү өкүмдөрүн таптакыр өзгөрткөн жок... Эл аралык абалдын шамалы силерге каршы согуп жатат, эртеңки күн күтүп жаткан киши үчүн өтө жакын.

## Тунистин жаңы премьер-министри Ахмад Хашаний ким? Саясий Исламга душманбы?!

Капыстан Тунис президентинин администрациясы премьер-министр Нажла Будинди кызматынан бошотуп, ордуна Ахмад Хашанийди дайындоо жөнүндө токтом чыгарды. Бул өзгөрүү Тунис экономикалык жана финансылык кризиске күбө болуп, кээ бир негизги товарларды жеткирип берүүдө үзгүлтүктөр болуп жатканда болду… Кийинчерээк

Тунис президентинин Фейсбуктагы расмий сайтында Хашаний президент Кайс Саиддин алдында конституциялык ант берип жатканы тартылган видео тарады. Бул жаңы премьер-министрдин инаугурациясы тартылган видеодо Кайс мамлекет жана коомдо жарандардын тынчтыгын сактоо үчүн жеңип өтүү зарыл болгон чоң проблемалар бар экенин баса белгиледи.

Бул Хашаний дегени укук коргоочу болуп, борбор Тунистеги укук жана экономика илимдеринин факультетин 1983-жылы аяктаган. Премьер-министрлик кызматына дайындалышынан мурун Тунис борбордук банкынын юридикалык маселелер боюнча башкы менеджери болуп иштеген, андан кийин ушул банктын мурунку директору Шазли Аярий доорунда отставкага чыгарылган. Хашаний социалдык тармактарда ага таандык аккаунттар аркылуу мамлекеттин илманий болушунун, демократия жана эркек-аялдын тең укуктуулугунун тарапкери катары таанылган. О.э. ал Фейсбуктагы өз аты жана сүрөтү коюлган аккаунтунда көптөгөн посттору аркылуу саясий исламий хизбдерге душмандыгын көрсөткөн, мунун тушунда, президент Саидди 2019-жылы Картож сарайына келишинен мурунку шайлоо кампаниясында колдоп-кубаттаган.

**Ал-Ваъй:** ошентип, өкүмдарлар Исламга ачык душмандык кылууда бири-биринен калышпай жатат. Батыш Тунис калкын ушул абалга салгандан кийин бул өкүмдарлар аларды куткарууну жана туура саясат менен башкарууну, нормалдуу жашоо таризи менен камсыздоону ишке ашыра албаганы аздык кылып, дагы ушул Батышты дос тутуп жатышат, анын саясатын жана көрсөтмөлөрүн аткарып жатышат... Анын үстүнө ал тургай Исламга душмандык кылууда катуу турушат. Т.а. илдетти илдет менен дарылоого урунуп жатышат.

## Азербайжандын (израилдеги) элчиси яхудийлердин эң көзгө көрүнгөн жетекчилери менен жолугушуп, яхудийлер менен боордоштук мамилелери жолго коюлушун жарыялады

Азербайжан эки тараптын ортосундагы 30 жылдык дипломатиялык мамилелерден кийин март айында Тель-Авивде элчилигин ачты. Баса белгилеп айтсак, баскынчы вужуд Азербайжан менен мамилелерди дагы да өнүктүрүүгө умтулууда. Белгилүү болгондой, Азербайжан Азия континентинде стратегиялык деңгээлге ээ мамлекет болуп, аны Иран менен узун чегаралар байлап турат. Иран баскынчы вужуд кошуна мамлекеттердин жерлери аркылуу агрессивдүү операцияларды ишке ашырышына ыңгайлуулук жаратып жатат деп Азербайжанды айыптап келет. Азербайжан менен (израиль) ортосундагы мамилелердин

акыркысы Азербайжан элчиси Мухтар Мамедовдун АКШдагы ири яхудий уюмдарынын жетекчилеринин ассоциациясынын башкы директору Уильям Дарофф менен жолугушуусу болду. Жолугушуунун аягында Мамедов яхудий уюмдары менен уланып жаткан кызматташтыкты өнүктүрүү жана бекемдөө о.э. алар менен шериктештик мамилелерин кеңейтүүгө үмүт кылышын айтты. Ал Азербайжан жетекчилиги яхудий калкы менен көп кылымдык өзгөчө туугандык мамилелердин салты алкагында бүткүл дүйнөдөгү яхудий жетекчилери менен өз ара кызматташтык саясатын ишке ашырып жатканын баса белгилеп, Азербайжан жетекчилигинин түпкү жүзүн ачып таштады. Андан мурун Азербайжан президенти Илхам Алиев Мюнхендеги коопсуздук саммитинде Европа раввиндери ассоциациясынын президенти Пинхас Гольдшмидт менен жолугушкан. Мындан тышкары, ноябрь айынын акырында ар эки жылда бир ирет өткөрүлгөн ири конференция астында Европа раввиндери ассоциациясынын жүздөгөн мүчөлөрү Бакуга барышы о.э. жергиликтүү синагогдорду зыярат кылып, бүткүл Азербайжан бойлоп яхудий жамааттар менен жолугушуусу күтүлүүдө. Айта кетсек, баскынчы мамлекет менен Азербайжан ортосундагы мындай саясий келишүүнүн, коопсуздук мамилелерин жана аскерий келишимдерди активдештирүүнүн артында (израилдин) Борбор Азия жана Кавказ регионунда өз таасирин күчөтүү жана жаңы ролдорду издөө каалоосу турат. Бул мамилелер расмий даражадагы көптөгөн жолугушуулар, эки тараптуу мамилелерди өнүктүрүү жана бекемдөө келечегин талкуулоо, аларды жөнөкөй экономикалык мамилелерден стратегиялык мамилелер даражасына көтөрүү маселелерине толо.

**Ал-Ваъй:** бул – өкүмдарлардын өз динине, Умматына жана маселелерине болгон кезектеги кыянаттар.

## Саудия менен (израиль) ортосундагы күн энергиясы тармагындагы келишим «өзгөчө кызматташуу»

Ибраний маалымат каражаттары Рияз менен Тель-Авив ортосунда расмий алакалар жоктугуна карабастан, Сауд Арабиянын борборунда (израиль) компаниялары, энергия тармагында яхудийлердин жаңы инвестициясы бар экенин ачыктады. «I24NEWS» веб-сайтынын кабарында айтылгандай, (израилдин) «SolarEdge» деген күн энергиясы компаниясы менен Саудиянын «Ajlan & Bros Holding (ABH)» деген компаниясы ортосунда саудиялыктарды кайра жандануу жана акылдуу энергия менен камсыздоого каратылган биргелешкен шериктештик алкагында ашкере көрүнүштө кызматташтык баштаган.

Сайтта айтылгандай, бул биргелешкен иш «саудиялык компанияга ушул он жылдыктын аягына чейин саудиялыктардын нефтке көз карандылыгын азайтууга жардам берүү үчүн ишке ашырылууда жана бул эки мамлекет ортосунда дипломатиялык мамилелер жок экендигин этибарга алганда, бул шериктештик өзгөчө болуп эсептелет». «SolarEdge» күн энергиясы компаниясы «Саудия жеринде, борбор Рияздa жергиликтүү компания түзүүнү о.э. өлкөдөгү компаниялар жана мекемелерди күн энергиясын иштеп чыгаруу, сактоо, башкаруу системалары о.э. күн энергиясы иштелип чыкчу жайларды пландаштыруу жана ушул энергияны өткөрүү боюнча кеңеш берүүнү жарыялады». Бул яхудий компаниясынын башкы директору Цви Ландо ушул долбоорду мындай түшүндүрдү: «Биз шериктештикти улантуудан жана Саудиянын «Vision 2030»га карай жүрүшүн колдоп-кубаттоодон сыймыктанабыз. Компаниябыз таза энергияга өтүү жараянын дүйнөлүк деңгээлде өткөрүүгө умтулууда. Биз Саудиядагы жергиликтүү заводдорго казып алынуучу көмүрлөрдөн таза күн энергиясына батыраак өтүү үчүн зарыл жардам сунуштап жатабыз».

**Ал-Ваъй:** Саудия режими «Vision 2030» деген нерсени маска кылып алып, эч бир күнөөнү калтырбай аткарып жатат... Инша Аллах, бул Сауддардын үй-бүлөсү да, башка жамандык өкүмдарлары да бүтүндөй жок боло турган күн албетте келет.

## Саудия менен (Израиль) ортосунда уланып жаткан мамилелерди нормалдаштыруу сүйлөшүүлөрү

(Израилдин) «12-каналы» Саудия канзадасы Мухаммад ибн Салман менен (Израиль) премьер-министри Бинямин Нетаняху ортосунда телефон сүйлөшүүсү болуп өткөнүн жарыялады. Эки тараптын ортосундагы сүйлөшүү Бахрайн ортомчулугу менен ишке ашырылган. Кийинки баскычтарда да мамилелерди нормалдаштыруу боюнча сүйлөшүүлөрдү улантууда Бахрайн ортомчулук кылышын Саудия талаб кылгандыгы айтылды. Кошмо Штаттар Риязга сүйлөшүүлөргө киришүү боюнча басым өткөрүүдө. Рияз болсо сүйлөшүү Бахрайн ортомчулугу астында өтүшүн талаб кылган. Америка улуттук коопсуздук кеңешчиси Жек Салливан Вашингтон Саудия менен (Израиль) ортосунда «толук нормалдашуу болушуна умтулуп жатканын» айткан. Сауд Арабиянын Жидда шаарында болуп өткөн 32-араб саммити бүткөндөн бир нече күн өтүп пайда болгон бул хабарга Сауд Арабия түшүндүрмө бербеди. Сауд Арабиянын «Абрахам» союзуна кошулуу ыктымалы жөнүндөгү кеп-сөздөр биринчи жолу айтылып жаткан жок. Бул жөнүндө Нитаняху өзү өткөн жылы 20-апрелде Американын CNBC телеканалына берген

интервюсунда: «Саудиянын Сирия режимине карата аракеттери (Израиль) менен мамилелерди нормалдаштырууга салым кошууда», - деген. Ошондо ал Саудия жетекчилери (Израилди) «коопсуздук, тынчтык жана бакубатчылыкка жеткирүү» үчүн араб дүйнөсүнүн ажырагыс шериктеши деп билишин баса белгилеп: «Рияз биз менен кызматташуунун пайдасын абдан жакшы билет», - деген. 2020-жылы Сауд Арабия тышкы иштер министри Файсал ибн Фархан: «(Израиль) менен мамилелерди нормалдаштыруу ишке ашат», - деген. Ал: «Тынчтык регион үчүн стратегиялык зарылдык жана (Израиль) менен нормалдашуу мунун бир бөлүгү», - деп кошумчалаган. Саудия канзадасы 2018-жылы Американын «Атлантика» журналына берген интервьюсунда: «(Израиль) калкы өз жеринде тынч жашоо укугуна ээ», - деген.

**Ал-Ваъй:** бул, Саудиянын көптөн бери карманып келе жаткан позициясы. Бирок, бүгүнкү күнгө келип ал дагы да ачык-айкын түс алды. Анткени, кожоюну Америка өз стратегиясын жашырбастан ачык жарыя кылып калган, өзгөчө, мусулмандар жана алардын Фалестин маселесине карата, хазарат жана жашоо мыйзамы болгон Исламга каршы күрөш маселесинде.

## Амирликтердин адамдарды жана телефондорду күзөтүү боюнча алгачкы моюнга алуусу...
## Халфан Тамим: Биз аларды чет элде да күзөтүп турабыз...

Бириккен Араб Амирликтери адамдарды айрым учурларда күзөтүп, телефондорун тыңшап жатканын жана сүйлөшүүлөрүн жазып алып жатканын биринчи жолу моюндады. WAM расмий маалымат агенттиги тараткан мамлекет башкы прокурору, кеңешчи Хамад Шамсинин билдирүүсүндө: «Мамлекеттин аймагындагы бардык мекемелер жарандардын, өлкөдө туруктуу жана убактылуу жашаган адамдардын конституциялык жана мыйзамдуу укуктарын сактоого өзгөчө көңүл буруп, бул нерсеге бекем турат», - делди. Шамси: «Мамлекеттик мекемелер жана коопсуздук органдары тарабынан көрүлгөн бардык чаралар мыйзамдын алкагында жана ижтимаий агенттиктин өкүлү болгон прокуратуранын көзөмөлү астында ишке ашырылат. Бул чаралар жаран мамлекеттин мыйзамына каршы чыккандыгы тастыкталганда телефонун күзөтүү, сүйлөшүү жана жазууларын каттоодон турат», - деди. Шамси баса белгилешинче, бул чаралар «прокурордун урухсаты менен гана ишке ашырылат». Дубай полициясынын жетекчисинин орун басары Дахи Халфан бул билдирүүгө түшүндүрмө берип: «Эч ким мыйзамдан тышкары

ААЛАМ МУСУЛМАНДАРЫНЫН КАБАРЛАРЫ

көзөмөлгө алынбастыгы табигый... Ким өзүн өзү көзөмөлдөбөсө, албетте ал мыйзамдуу жол менен тыйылат», - деди. Активисттер болсо Халфандын Бириккен Араб Амирликтеринин расмийлери чет өлкөдө жүргөн жарандарды да күзөтүп жатканын жарыя кылган видеосун таратышты. Анын сөздөрүнө ылайык, баңгизат соодасына урухсат берилген мамлекеттерге барган жаштарды күзөтүү үчүн Амирликтердин офицерлери ал жерлерге жөнөтүлөт. Ал кошумчалашынча: «баары билиши керек, биз аларды бардык жайда күзөтөбүз жана кайтып келишкенде толук текшерүүдөн өткөрөбүз». Амирликтердин прокурорунун бул билдирүүсү менен Дахи Халфандын түшүндүрмөсү Абу Даби расмийлери Булуң туристтери жашаган мейманканаларда камераларды орноткондукта айыпталгандан кийин жарыяланды.

**Ал-Ваъй:** бул – рувайбиза өкүмдарлар тозокко жол алган, (Израилдин) эң чоң союздашына, Исламдын биринчи душманына айланган Амирликтер. Ал өзүнүн туруктуу принцибин карманып, бардык нерседе, жада калса тозокко жол алууда да биринчи болууну каалайт. Аллах Өзү сактасын.

## «Жаңы динден» эскертүү... Жасалма интеллекттин кандай тиешеси бар?

Тарыхчы Ювал Ной Харари баса белгилешинче, дүйнө Chat GBT сыяктуу жасалма интеллект программасы менен түзүлгөн «жаңы дин» алдында турат. Ал бул программа «тилдерди «өздөштүрүү» аркылуу жаңы чектерди ашып өткөнүн, инсаният маданиятын түзүүдө ушул тилдерден пайдаланууга кудуреттүү болгонун» баса белгиледи. Эң көп сатылган “Sapienc” китеби менен таанылган академик айтышынча, «Chat GBT» сыяктуу программалар ыйык тексттерди жазуу аркылуу адамдар көңүлүн тартышы мүмкүн. Академик жасалма интеллект программаларын түзүү ишин тездетүүгө чакырган жана бул программалар кооптуу куралдануу жарышына киргенин айткан. Ал дагы: «Биз жакынкы келечекте чоң ыхтымалда тексттерди бейинсаний интеллект менен жазылган тарыхтагы эң биринчи секта жана диндерди көрөбүз», - деп кошумчалаган. О.э. ал жасалма интеллект адамдарды башкаруу, манипуляция кылуу жана коомду кайра түзүү баскычына кирди, деп көрүүдө. Ал кошумчалашынча: «Айрым фитна назариялар божомол кылгандан айырмаланып, адамдарды башкаруу же манипуляция кылуу үчүн алардын мээсине чиптерди орнотуу шарт эмес. Анткени, миң жылдар бою акын жана саясатчылар адамдарды манипуляция кылуу, башкаруу жана коомду куруу үчүн тил жана

икаядан көп пайдаланышкан». Ал жасалма интеллект көзөмөлдөн чыгып кетишинен мурун батыраак аракет кылуу зарылдыгын баса белгилейт. О.э. ал мамлекеттер ар кандай ыңкылаптык жасалма интеллект каражаттарына толук ишеним артпастан туруп, аларды дароо адамдарга ачык жарыяланышына жол бербеши керектигин баса белгилеген. Жасалма интеллект стартабы жасалма интеллект тармагында ахлакий баалуулуктар топтомун жаратканын жана «Claude» деп аталган маекке багытталган атайын «чат» модели аркылуу анын коопсуздугун камсыздаганын айтты. «Anthropic» деп аталган бул компания «Google» компаниясына ээлик кылган «Alphabet» тарабынан колдоп-кубатталат. Ушул маалыматтар түрдүү булактардан, БУУнун адам укуктары декларациясы жана Apple компаниясына караштуу жашыруун маалыматтар базасынан алынган.

**Ал-Ваъй:** бүгүн бүткүл дүйнө ушундай болуп көрбөгөн илимий ыңкылаптарга күбө болууда, ошол ыңкылапчылар жашоону каалагандай башкарууга кудуреттүүбүз, деп ойлоп калышты... Биздин аларга айтар сөзүбүз: бул топ дүйнөнү мурун таптакыр болбогон бир кырсыкка алып бара жатат. Бирок, Ислам жана мусулмандар болсо дүйнөнү сиротул мустаким тарапка алып бара жатышат. Инша Аллах, эртең дүйнөнүн башкаруусун жана жетекчилигин колго алган соң, аны бүткүл инсаният үчүн бул дүйнө жана Ахырет жакшылыгына алып барышат.

## Үрөй учурган көрсөткүчтөр... Америкадагы кандуу чабуулдарда 14 000ден ашуун адам, анын ичинен 93 бала набыт болгон

Америка Кошмо Штаттарындагы куралдуу зомбулуктарды архивдештирүү менен шугулданган «Зомбулук куралы архиви» фонду ушул жылдын башынан бери куралдуу чабуулдар себептүү набыт болгондордун санын жарыя кылды. Фонд билдиришинче, акыркы төрт айда мамлекет бойлоп куралдуу амалияттарда 14 600 киши каза болгон. Ушул жылдын башынан бери Кошмо Штаттарда 199 массалык куралдуу чабуул жүз берген. Ошол эле учурда, Анадолу агенттиги, каза болгондордун арасында 521 өспүрүм жана 93 жаш бала Америкада куралдуу зомбулуктун курбаны болгонун хабар кылды. Британиянын Би-Би-Си радиосунун отчётуна ылайык, акыркы үч жылда Америкада 600 – күнүнө орточо эки жолудан – массалык куралдуу чабуул болгон. Веб Сайт Кошмо Штаттарда «массалык ок атышуунун» бир аныктамасы жоктугун баса белгилеген. Маалыматтар базасы архиви массалык ок атышууну «Төрттөн ашык адам жараланган же набыт болгон окуя» деп аныктама берет. Маалыматтар

турак-жайларда жана коомдук жайларда жүз берген ок атышууларды өз ичине алат. 2017-жылы Лас-Вегаста болгон эң кандуу чабуул 50дөн ашуун адамдын көз жумушуна жана 500дөн ашуун киши жараат алышына себеб болгон. Бирок, ок атышуулардын көпчүлүгүндө өлтүрүлгөндөрдүн саны 10дон кем болгон. Дүйнөдө катардагы калктын колундагы куралдардын санын эсептөө кыйын болсо да, Швецарияда жайгашкан «Survey Arms Small» изилдөө долбоорунун акыркы маалыматтарына ылайык, 2018-жылы Кошмо Штаттарда 390 миллион даана курал элдин колунда болгон. Кошмо Штаттарда ар бир 100 адамга 120.5 курал туура келген болсо, 2011-жылы ар бир 100 адамга 88 курал туура келген. Ушул көрсөткүч дүнянын башка мамлекеттеринде катталгандан кыйла жогору.

**Ал-Ваъй:** кандуу чабуулдардагы бул жагдай Батыштын бузгунчу хазаратына тыгыз байланышкан. Мындай иштерди рухий, инсаний жана ахлакий баалуулуктарга негизделген жогорку турмуш түшүнүктөрү жок адамдар ишке ашырышат... Бул Батыш хазаратынын чеби ичинен да, тышынан да кулаганына далил. ❑

بسم الله الرحمن الرحيم

# КУРЪАНИ КАРИМ САБАГЫНДА

Аллах Таала айтат:

﴿وَعَلَّمَ ءَادَمَ ٱلۡأَسۡمَآءَ كُلَّهَا ثُمَّ عَرَضَهُمۡ عَلَى ٱلۡمَلَٰٓئِكَةِ فَقَالَ أَنۢبِـُٔونِي بِأَسۡمَآءِ هَٰٓؤُلَآءِ إِن كُنتُمۡ صَٰدِقِينَ﴾

***«Анан Ал Адамга бардык нерселердин ысымдарын үйрөттү. Кийин аларды периштелерге бетме-бет кылып** (мындай) **деди: «Эгер халифалыкка биз** (акылуу) **ылайыкпыз, деген сөзүңөр ырас болсо, мына бул нерселердин ысымдарын Мага билдиргиле!»»*** [Бакара: 2-31]

**Шаъравий бул аятты тафсир кылып айтат:**

Хак Субханаху ва Таала бул аят карима менен периштелерге раддия билдирди. Себеби, Ал Адам عليه السلام га бардык нерселердин ысымдарын үйрөттү. «كل» сөзү ихатаны түшүндүрөт. Ихатанын мааниси – ушул ысымдар жөнүндө бардык нерселерди билүү. Бул жерде бир суроо пайда болот: Аллах Субханаху ва Таала «бардык аталыштарды», бардык ысымдарды деп, жаратуудан баштап Кыяматка чейин боло турган нерселердин ысымдарын да Адам عليه السلام га үйрөттүбү? Анда, Адам عليه السلام жаратылгандан тартып кылымдардан өтүп келе турган ачылыштардын ысымдарынын хукму кандай болот?

Биз мындай дейбиз, Аллах Таала Адам عليه السلام га бардык ысымдарды үйрөтүп, аны периштелерден үстөм кылып, төмөн мартабалуу махлугуна жогорку мартабалуу махлугунан бөлүп турган артыкчылык берген болот. Мисалы, Адам عليه السلام ылайдан жаралган махлук. Периштелер болсо нурдан жаралган. Инсандын кудурети төмөн мартабалуууга жогору мартабалуунукуна караганда көбүрөөк нерсе бере албайт. Бирок, бул ишти жалгыз Аллах Таала гана кыла алат. Муну менен бизге эстетип, биз жетишип жаткан нерселерге өз күчүбүз менен эмес, Аллахтын кудурети менен жетишүүдөбүз. Ошондуктан, Аллах Таала падыша жана пайгамбар болгон Сулайманга өзүнөн кийин эч кимге керек болбогон салтанатты бергенин жана башка махлуктардан ажыратканын көрөбүз. Худхуд Сабаъ өлкөсүнөн келген Сулайманга:

﴿أَحَطتُ بِمَا لَمۡ تُحِطۡ بِهِۦ وَجِئۡتُكَ مِن سَبَإِۭ بِنَبَإٖ يَقِينٍ﴾

***«Мен сен кабардар болбогон нерседен кабардар болдум жана сага Саба** (шаары)**нан анык бир кабар алып келдим»*** [Намл: 22]

деди.

Кантип алсыз жана кудуретсиз бир куш Сулайман ﷺ билбеген нерселерди билет. Акыйкатта болсо, Сулайман адамдарга жана жиндерге өкүмдарлык кылган падыша жана пайгамбар эле. Себеби, Аллах Таала өз махлугунун текеберленишин жаман көрөт. Ошондуктан, эң төмөнкүнү эң жогорудан ажыратып турган белгини келтирет. Тааки, алардын бардыгы өздөрүндөгү жөндөмдөр Аллахтан экенин билишсин. Ошондуктан, Муса ﷺ элчи жана пайгамбар болуп туруп, Хизрдан үйрөндү, акыйкатта болсо, ал бир салих пенде болуп, Мусага үйрөтө турган киши эмес эле. Чындыгында, Аллах Таала биз барлыгын билбеген нерселерди жаратты. Периштелер болсо, бул нерселердин ысымдарын Адам ﷺдан үйрөнүштү. Айрымдар улуу жаратуучунун Адам ﷺга кандай услубда таалим бергенин сурашат. Халыктын таалим бериши махлуктардыкынан айырмаланат, себеби, Халык илхам берүү аркылуу үйрөтөт. Адам ﷺдын жүрөгүнө ааламдагы бардык нерселердин ысымдарын салып коёт.

Демек, биринчи көрүнүш т.а. Адам ﷺдын периштелер менен болгон учурунда Аллах бардык нерселерди жаратты жана алардын ысымдарын Адам ﷺга илхамдантты, анын жүрөгүнө салды. Ушул далил менен, бул нерселердин ысымдарын Адам ﷺ билген убакта периштелер билбеген эле. Ушул жерде токтоп өтүү зарыл болгон нерсе: нутк угуунун жыйынтыгы, тил шарттын (мухиттин) натыйжасы. Аллах Субханаху ва Таала Адам ﷺга ысымдарды үйрөттү, бул илим Адам ﷺ Аллах Тааладан укпаса пайда болбойт. Адам ﷺ Аллах Тааладан укканы үчүн сүйлөйт. Мисалы, Лондондо калган бир араб баланы алып келсек, ал англис тилинде беймарал сүйлөп жатканын жана араб тилинен бир да сөздү да түшүнбөй жатканын көрөбүз. Мунун тескериси катары, араб өлкөлөрүндө калган англис бала арабча сүйлөп, англисчеден эч нерсени түшүнбөй жатканын көрөбүз. Демек, тил ирсият да, жыныс да, мухит да эмес, балким, адам угуп, сүйлөй турган таклид. Эгер, адам эч бир нерсени укпаса, дудук болот, ал бир тамганы да айта албайт.

Адам ﷺ ушул ысымдарды сүйлөп жаткан соң, ал Аллахтан уккан болушу анык. Таң калычтуусу, Аллах Таала Адам ﷺга үйрөткөн усул адамзат ушул күнгө чейин амал кылып келе жаткан усулдун өзү. Себеби, балага иштерди айтып үйрөтпөйбүз, балким, ишти ысымдарды жана нерселерди үйрөтүүдөн баштайбыз. Биз ага: бул аалам, бул тоо, бул деңиз, бул күн жана бул ай деп үйрөтөбүз. Бала нерселердин ысымдарын үйрөнгөндөн кийин иштерди үйрөнөт, ошондон кийин таалимде алдыга жылат... Ошентип, биз сөздүн биринчи пайда болушу жөнүндө билип алабыз. Адам ﷺга ысымдарды үйрөтүшү Аллах Тааланын кудуретинин улуулугунан. Бул жерде биз эки суроого жооп

берүү үчүн токтолобуз. Биринчиси: эгер Аллах Таала Адам عليه السلامга бардык нерселердин ысымдарын үйрөткөндө алардын арасында дүйнөдөгү жаңы ачылыштардын аталыштары да болгонбу?

Биз мындай дейбиз, Адам عليه السلام башында өзүнө керектүү ысымдарды үйрөнүп, жердеги турмуш муктаждыктарында алардан пайдаланган болсо, заман жаңыланган сайын Адам عليه السلامдын балдары ошол мурунку ысымдардан жана өздөрү үйрөнгөн ысымдардан пайдаланышкан. Барлыктагы тил түркүмүнө кирген бардык аталыштар өзүнөн өзү пайда болбогон, балким, алар адамдар сүйлөө жана жазууда пайдаланып жаткан тилден келген. Дүйнөдөгү башка нерселер да кудум ушундай. Эгер, аларды аслине кайтарсак, аны Аллахтан экенин билебиз. Мисалы, адамзатты аслине кайтарсак, эң биринчи адамды Аллах Субханаху ва Таала жаратканын билебиз. Эгер, илимди өз аслине кайтарсак, ар бир илим мугалимге муктаж. Биз силерге айта турган нерсе – биринчи мугалимге ким таалим берген. Илим Аллах Таала таалим берген мугалимден башталганы өз-өзүнөн белгилүү эмеспи? Ошол зат биринчи мугалим болгон. Демек, Адам عليه السلامга ысымдары үйрөткөн – Аллах Субханаху ва Таала. Адам عليه السلام болсо, өз балдарына үйрөттү, алар да балдарына үйрөтүштү ж.б.у.с.

Экинчи суроо: эгер Аллах Таала сүйлөөнү үйрөткөн мугалим болсо, анда эмне үчүн жер жүзүндө тилдер бири-биринен айырмаланат жана эмне үчүн тилдердин ар түрдүү түрлөрү бар? Биз мындай дейбиз, тарых доорлорунун ар түрдүүлүгү жана адамдын жер жүзүндө жайылышы ар бир топ жана адамдарды бир тилге ээ болушу үчүн өзүнүн тобуна жакындашууга мажбур кылган. Ар бир тил байыркы тилден алынган. Мисалы, француз, англис жана италия тилдери латын тилинен алынган. Ибраний жана суряний тилдеринин болсо, араб тилине байланышы бар. Бир тил ээси болгон араб дүйнөсү сүйлөшкөн диалекттер бири-биринен айырмаланат. Ал тургай, Алжир же Марокко калктары диалектиси Мисир же Судандыкынан айырмаланат. Бирок, арабча сүйлөшкөндө, бири-бирибизди түшүнөбүз. Бул тилдердин бардыгынын асли Куръан тили т.а. араб тили. Бирок, арабдар башынан өткөргөн тарыхий алсыздык доорлорунда араб өлкөлөрү бири-биринен бөлүнүп кетти жана ар бир коом тилди ижтимаий жак катары кабыл алды. Ошондуктан, түрдүү диалекттер ортосундагы бири-бирин түшүнүү жоголуп баруучда.

Аллах Таала Адам عليه السلامга бардык нерселердин ысымдарын ушундай үйрөттү, андан кийин аларды периштелерге туш кылып айтты:

﴿أَنۢبِـُٔونِى بِأَسۡمَآءِ هَٰٓؤُلَآءِ إِن كُنتُمۡ صَٰدِقِينَ﴾

***“Эгер Халифалыкка биз** (акылуу) **ылайыкпыз, деген сөзүңөр ырас болсо, мына бул нерселердин аттарын Мага билдиргиле!”***. Башкача айтканда, Аллах Таала Адам ﷺды илимде үстөм кылды жана ага периштелерге бербеген илимди берди. Андан кийин Адам ﷺ аларга алар билбеген нерселердин ысымдарын үйрөттү. Бул Аллах Тааланын кудурети канчалык чексиздигине жана Ал ааламда каалаган нерсесин кылышына далил. Жогоруда айтканыбыздай, эң төмөндү эң жогорудан үстөм кылып коюу Аллахтын гана колунан келет. Дагы да түшүнүктүү болушу үчүн мисал келтиребиз: ойлоп көрөлү, алсыз бир киши оор жүктү көтөрмөкчү болот, бирок, көтөрө албайт. Эгер, ага жардам бере турган күчтүү адам болсо, ал бул жүктү көтөрүү үчүн ага өзүнүн күчүн бере албайт. Бирок, жүктү көтөрүүгө жардам берет. Ушул алсызды күчтүү кыла турган жана аны ушул жүктү көтөрүүгө кудуреттүү кыла турган зат Аллах Таала. Себеби, адам башка бир адамга өз күчүн бере албайт. Бирок, жалгыз Аллах Таала алсызды күчтүү жана күчтүүнү алсыз кылып коюуга кудуреттүү.

Аллах Тааланын:

﴿إِن كُنتُمْ صَـٰدِقِينَ﴾

***“Эгер халифалыкка биз** (акылуу) **ылайыкпыз, деген сөзүңөр ырас болсо”***, деген сөзүнө келсек, нурдан жаратылган жана буйрулган ишти гана аткара турган периштелер жалган сүйлөшү мүмкүнбү? Биз айтабыз, Аллах Тааланын:

﴿أَنۢبِـُٔونِى بِأَسْمَآءِ هَـٰٓؤُلَآءِ إِن كُنتُمْ صَـٰدِقِينَ﴾

***“Эгер халифалыкка биз** (акылуу) **ылайыкпыз, деген сөзүңөр ырас болсо, мына бул нерселердин аттарын Мага билдиргиле!”***, деген сөзүнүн мааниси ушул – силер окуяларды салыштырып жатасыңар т.а. гайыбды айтып жатасыңар демекчи. Периштелер адамды жер жүзүндө андан мурун жаратылган жиндерге салыштырышты... Аллах Таала болсо силер бул салыштырууңар менен адаштыңар, эгер өзүңөр кабар тапкан гайб жөнүндө чынчыл болсоңор, гайыбды Аллах гана билет, деп айтууда. Салыштырып жаткан эки тарап бири-бирине ылайык келиши керек. Бул периштелерди акаарат кылуу эмес, балким, аларды оңдоо. Дагы бул бизге периштелердин гайбды билбеши жөнүндө кабар берүү эле. Алар салыштырышканда же гайбга өкүм чыгарышканда тавфиктен четтеп кетишти. Себеби, жалгыз Аллах Таала гана гайбды билүүчү. Периштелерди ушул сөздү айтууга үндөгөн нерсе алар Аллахты катуу жакшы көрүшү жана Анын барлыгында бузукулук таратылышын жаман көрүшү болгон. ❑

## ИСЛАМ ШАРИЯТЫНДА КАЙРЫМУСУЛМАНДАРДЫН КАНЫН ТӨГҮҮНҮН ХАРАМДЫГЫ

Абдуллах ибн Амрдан риваят кылынган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

«مَنْ قَتَلَ مُعَاهَدًا لَمْ يَرَحْ رَائِحَةَ الْجَنّةِ، وَإِنّ رِيحَهَا لَيُوجَد مِنْ مَسِيرَةِ أَرْبَعِينَ عَامًا»

**«Ким муахидди** (келишим түзүлгөн кафир мамлекеттин жаранын) **жазыксыз өлтүрсө, бейиштин жытын жыттабайт. Бейиштин жыты кырк жылдык аралыктан тарап турат».** Бухарий риваяты.

Абу Хурайра риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтат:

«أَلاَ مَنْ قَتَلَ نَفْسًا مُعَاهِدًا لَهُ ذِمَّةُ اللهِ وذِمَّةُ رَسُولِهِ؛ فَقَدْ أَخْفَرَ بِذِمَّةِ اللهِ؛ فَلاَ يُرَحْ رَائِحَةَ الْجَنَّةِ، وَإِنَّ رِيحَهَا لَيُوجَدُ مِنْ مَسِيرَةِ سَبْعِينَ خَرِيفًا»

**«Билип койгула, ким Аллахтын жана Анын пайгамбарынын коргоосунда болгон муахидди өлтүрсө, ал Аллахтын коргоосуна кыянаттык кылган болот жана бейиштин жытын жыттабайт. Бейиштин жыты жетимиш күздүк аралыктан келет».** Тирмизий риваяты.

Абу Хурайра риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

«مَنْ قَتَلَ نَفْسًا مُعاهَدَةً بِغَيْرِ حَقِّهَا لَمْ يَرَحْ رَائِحَةَ الْجَنَّةِ وَإِنَّ رِيحَ الْجَنَّةِ لَيُوجَدُ مِنْ مَسِيرَةِ مِئَةِ عَامٍ»

**«Ким муахидди жазыксыз өлтүрсө, бейиштин жытын жыттабайт. Бейиштин жыты жүз жылдык аралыктан келип турат».** Табароний «Авсат»та чыгарган.

Абу Бакра риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

«مَنْ قَتَلَ نَفْسًا مُعَاهَدَةً بِغَيْرِ حَقِّهَا، فَقَدْ حَرَّمَ اللهُ عَلَيْهِ الْجَنَّةَ أَنْ يَشُمَّ رِيحَهَا»

**«Кимде-ким муахидди жазыксыз өлтүрсө, Аллах Таала ага бейиштин жытын жыттоону харам кылат».**

«مَنْ قَتَلَ نَفْسًا مُعَاهِدَةً بِغَيْرِ حَقِّهَا لَمْ يُرُحْ رَائِحَةَ الْجَنَّةِ، فَإِنَّ رِيحَ الْجَنَّةِ لَيُوجَدُ مِنْ مَسِيرَةِ مِائَةِ عَامٍ»

**«Кимде-ким муахидди жазыксыз өлтүрсө, бейиштин жытын жыттабайт. Бейиштин жыты элүү жылдык аралыктан тарап турат».** Имам Ахмад өз «Муснад»ында чыгарган.

Сафван ибн Сулайм сахабалар уулдарынын бир канчасынан, алар болсо аталары Динядан риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтат:

**«أَلَا مَنْ ظَلَمَ مُعَاهِدًا، أَوِ انْتَقَصَهُ، أَوْ كَلَّفَهُ فَوْقَ طَاقَتِهِ، أَوْ أَخَذَ مِنْهُ شَيْئًا بِغَيْرِ طِيبِ نَفْسٍ، فَأَنَا حَجِيجُهُ يَوْمَ الْقِيَامَةِ»**

**«Билип койгула, кимде-ким муахидге зулум кылса, же аброюн төксө, же чыдамынан ашыгын жүктөсө, же ыраазы кылбастан бир нерсесин алса, Кыямат күнү мен анын душманымын».** Абу Давуд риваяты.

Абдуллах ибн Жаррад риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтат:

**«مَنْ ظَلَمَ مُعَاهَداً مُقِرًّا بِذِمَّتِهِ، مُودِياً لِجِزْيَتِهِ، كُنْتُ خَصْمُهُ يَوْمَ الْقِيَامَةِ»**

**«Ким өз жоопкерчилигине ынанган жана жизяны берип жаткан муахидге зулум кылса, мен аны Кыямат күнүндөгү душманы болом».** Абу Нуайм «Маърифатус Сахаба»да чыгарган.

Фирдавстын Муснадында Умардан ушул марфуъ хадис риваят кылынган:

**«أَنَا خَصْمٌ يَوْمَ الْقِيَامَةِ عَنْ الْيَتِيمِ وَالْمُعَاهِدِ، وَمَنْ أُخَاصِمُهُ أَخْصِمُهُ»**

**«Албетте, мен Кыямат күнү жетим жана муахидди коргоп эсептешем. Мен ким менен эсептешсем, аны жеңем».** Сахавий «Макасид»де келтирген.

Абу Бакрдын кызы Асмаъ айтат: "Пайгамбарыбыз ﷺдын доорунда энем мага жакын болууну каалап келди. Ошондо мен Расулуллах ﷺдан: "Силаи рахм кыла берейинби?", - деп сурадым, ал киши: «Ооба» деп жооп берди". Ибн Уяйна айтат: Бул окуя жөнүндө Аллах Тааланын:

﴿لَّا يَنْهَىٰكُمُ ٱللَّهُ عَنِ ٱلَّذِينَ لَمْ يُقَٰتِلُوكُمْ فِى ٱلدِّينِ﴾

***«Аллах силерди диниңер туурасында силер менен урушпаган кишилерден** (аларга жакшылык кылууңардан жана аларга адилеттүү болууңардан) **кайтарбас»*** [60:8]

аяты түштү.

Умму Салама риваят кылгып айтат: Расулуллах ﷺ каза болордон мурун мага мындай деп осуят кылды:

«اللّٰهَ اللّٰهَ فِي قِبْطِ مِصْرَ، فَإِنَّكُمْ سَتَظْهَرُونَ عَلَيْهِمْ، وَيَكُونُونَ لَكُمْ عِدَّةً، وَأَعْوَانًا فِي سَبِيلِ اللّٰهِ»

**«Мисир кибтийлерине жакшылык кылгыла. Силер жакында алардын үстүнөн жеңишке жетесиңер. Ошондо алар силерге Аллах жолунда жардамчы болушат».** Табароний «Ал Кабир»де чыгарган.

Абу Зар Расулуллах ﷺдан мындай риваят кылат:

«إِنَّكُمْ سَتَفْتَحُونَ مِصْرَ، وَهِيَ أَرْضٌ يُسَمَّى فِيهَا الْقِيرَاطُ، فَإِذَا فَتَحْتُمُوهَا فَأَحْسِنُوا إِلَى أَهْلِهَا، فَإِنَّ لَهُمْ ذِمَّةً وَرَحِمًا»

**«Силер жакында Мисирди фатх кыласыңар. Ал ушундай бир жай, ал жерде кийротту көп сүйлөшөт. Эгер, ал жерди фатх кылсаңар, калкына жакшылык кылгыла. Себеби, алардын акысы бар жана алар менен биздин ортобузда туугандык бар».** Себеби, Хажар энебиз ошолордон болгон. Башка риваятта «Алардын акысы жана сихри бар» деген. (Себеби, Мария энебиз алардан болгон). Имам Муслим өз «Сахих» топтомунда чыгарган. ❑

# АФГАНИСТАНДА ЭКИ ЖЫЛДЫК ӨКҮМДАРЛЫКТАН КИЙИН ТАЛИБАН КЫЙМЫЛЫ... ТАЖРЫЙБА ИЙГИЛИКТҮҮ ӨТТҮБҮ?

Талибан кыймылы 2021-жылдын 15-июлунда Афганистан бийлигин ээледи. Бүгүн анын бийликке келгенине эки жыл болду. Талибан кыймылы мамлекеттик иштерди башкарууда, түрдүү диний, саясий, экономикалык платформаларда о.э. регионалдык жана эл аралык мамилелерде олуттуу проблемаларга туш келип жатканы жөнүндө көптөгөн макалалар, изилдөөлөр жана отчёттор жарыяланды... Андан кийин аларга баа берүү сунуш кылынды. Өткөн март айында «Эмираттар саясат борбору» жарыялаган отчётто мындай делет: «Өлкө жардамдарга көз каранды экендигин, ал жердеги жашоо минимумуна негизделген экономиканы о.э. өнөр жай базасы жоктугун этибарга алганда Афганистанда гуманитардык кризис тереңдешет. Социалдык-экономикалык башаламандыктар социалдык келишимдин кыйрашына о.э. кошуна мамлекеттерге жана кошуна болбогон башка мамлекеттерге башбаанек издеп чыгып кетүүчүлөрдүн толкуну күчөшүнө алып келет».

Отчётто «Талибан кыймылы өкүлдүк өкмөттү түзүүдөн баш тартышы Афганистанда саясий зомбулуктун күчөшүнө алып келиши мүмкүн жана кыймыл ага каршы козголоңдорду бастыруу үчүн репрессивдүү чараларды көрүшү мүмкүн. О.э. кыймыл өз зомбулуктарынын көп бөлүгүн этникалык азчылыктарга каратышы мүмкүн...». «Талибан кыймылынын Афганистандагы чет элдик террорчу топторду, өзгөчө, Ал-Каида жана ИШИМди тизгиндей албашы региондун тынчтыгы жана коопсуздугу үчүн чоң проблема болуп, Түштүк жана Орто Азия регионлорунда туруксуздук алып келиши мүмкүн». Отчётто дагы мындай делет: “Афганистанга кошуна мамлекеттер, өзгөчө, Борбор Азия, Иран жана Түркия бейтараптык абалынан чыгып, Талибанга каршы болгон топторго жашыруун жана ашкере жардам көрсөтүүнү башташы мүмкүн. Бул болсо, өлкөдө регионалдык атаандаштыкты күчөтөт жана жарандык согуштун кайтышына жол ачат».

**Ал-Ваъй:** мындай отчёттор мамлекеттердин саясатына жашыруун аралашууну билдирет. Себеби, алар кеңешчи катары көрүнөт. Бирок, айрыкча, Эмираттар мамлекети айтып жаткан нерсесинин тескерисин максат кылат жана ушуга аракет кылат. Ал Исламга каршы күрөшүп жаткан мамлекеттер тизмесинде биринчи орунда турат жана антиыңкылаптык мамлекеттердин бири. Ошондуктан, бул мамлекет жана анын «Эмираттар саясат борбору» деген институту ушул отчёттун ээлери болуп, Талибан үчүн жакшылыкты каалашпайт жана аларга туура кеңеш беришпейт. О.э. Афганистандагы Талибан башкаруусу жөнүндө эл аралык изилдөөлөр да бар, алар Талибандын иш-аракетин баалайт о.э. анын ийгилик жана ийгиликсиздиктерин айтат... Алар кафир Батыш түшүнүктөрүн жана стандарттарын өлчөө кылып алган. Мисалы, Талибанды аялдарга зулум кылуу жана диний өкүмдөрдү мамлекеттин кылычы менен колдонгон катъий диний саясат жүргүзүүдө деп айыптайт. О.э. Талибанды афган калкынын түрдүү бөлүктөрүнө мунасалык жана кең фикирлик менен мамиле кылбоодо о.э. Афганистандагы маалымат каражаттарын куугунтуктоодо айыптайт ж.б.у.с...

Биз Талибандагы боордошторубузга мындай кеңеш беребиз: биринчиден, алардын башкаруусу шаръий түшүнүктөргө гана негизделиши, алардын мамлекети Кыямат күнү Аллахтын алдында өз милдетин актаган исламий мамлекет болушу... козголоңдорго каршы мамлекеттерден, Булуң мамлекеттеринен этият болушу, Батыштын эч кандай жакшылык алып келбеген бузгунчу изилдөөлөрүнүн насааттарын албашы керек. О.э. ал тургай башында Исламий мамлекетти жарыя кылышпаса да, өзүн ушуга даярдашы, Исламий мамлекет тикеленген күндө ага кошулушу зарыл. Аллахтын урухсаты менен ал албетте тикеленет. Себеби, бул жөнүндө Расулуллах ﷺдын кушкабары бар:

«ثُمَّ تَكُونُ خِلاَفَةً عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ»

**«Кийин пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот».** ❑

## (ИЗРАИЛЬ) АМЕРИКАНЫН КУЛАШЫНАН КИЙИНКИ КҮНДҮ ЭСЕПКЕ АЛЫП, КЫТАЙГА ЭШИКТИ АЧУУГА ЧАКЫРУУДА

Баскынчы өкмөттүн премьер-министри Бинямин Нетаняху Кытайга келмекчи. Күтүлүп жаткан бул сапардын алкагында (израилде) каршы да, колдогон да позициялар байкалды. Биринчи топтун айтымында, бул сапар Кошмо Штаттар менен орнотулган мамилелерге зыян жеткирет о.э. эң чоң жана жалгыз досту алмаштыруу болуп эсептелет. Экинчи топ болсо, мындай кабатырланууларды орундуу эмес деп эсептеди. Алардын айтымында, (израилдин) Кытай менен жакындашуусу Иран коркунучун нейтралдаштырууга алып келиши мүмкүн. Алар: «Ошол эле учурда, америкалыктардын дайым артыбызда турушуна эч ким кепилдик бербейт. Токсонунчу жылдары Советтер Союзу кулашынын натыйжасында Кошмо Штаттар Жакынкы Чыгыштагы нефть жана газды көзөмөлдөөчү, бирок, ийгиликсиз жана алдан тайдыруучу согуштарга кирген бир уюлдуу түзүлүш катары өнүгүшү артынан АКШнын кулашы жөнүндө айтуу мыйзамдуу (жүйөлүү) көрүнөт...». Бул топ дагы ушуларды кошумчалайт: «Жакынкы Чыгышка багытталган үлкөн коргоо экспортундагы экономикалык пайданы эсепке албаганда, эми Кошмо Штаттар үчүн (израилге) эне жана сөзсүз тарапкер болушунда эч кандай пайда калбады... Тель-Авивди түбү жок жарга түшүрүп коё турган мыйзамдуу төңкөрүш америкалыктар үчүн акыркы тормоз болушу, бир күн келип алар бизге “болду, жетишет” деп айтышы мүмкүн. Эгер, бизде жалпы кызыкчылыктар жана баалуулуктар болбосо, Тель-Авивдин каталары себептүү Америка яхудийлери анын артында турбаса, ал жалгыз калышы жана америкалыктар кетиши мүмкүн». Байден жана Нетаняху ортосундагы азыркы кескин мамилелердин алкагында, Нетаняху Вашингтонго сапар кылууга чакырылбаганда «Едиот Ахронот» гезитинин аскерий кабарчысы Йоси Иегошуа «Арабий21» маалымат агенттиги которгон отчётто мындай дейт: «Нетаняхунун Кытайга сапары анын Ак үйгө чакырылышына себеп болбойт, тескерисинче, ачууланууну пайда кылат. Ошондуктан, муну тактикалык жактан жаман учур деп эсептөө мүмкүн. Эгер, бул жерде АКШ администрациясын тынчсыздантып жаткан бир нерсе болсо, бул (израилдин) «таянычтарга карата түрлөнүшүнө» тиешелүү риторикасы т.а. Кошмо Штаттарды атаандаштары, айрыкча, Кытай менен жараштырууга урунушу болот. Себеби, бул аны менен болгон өзгөчө мамилелерди коркунуч астына коёт... Биз, албетте, зыян көрүшүбүз мүмкүн жана бул аракет өзүнө мүнөздүү терс шашкалактык болуп эсептелет». Ал өз сөзүн минтип жыйынтыктады: «Америка-(израиль) коопсуздук мамилелерине зыян жетет. Т.а. бул нерсе төрт миллиард долларга жакын жылдык жардамга, биз пайдаланып келе жаткан Америка аскерий өнөр жайынын технологияларына терс таасирин тийгизет. Айрыкча, Иранга чабуул кылуу жөнүндө сөз болгондо бул зыян чоң болот. Чындыгында, Бириккен Улуттар Уюмунда (израилге) толук саясий жардам берип жаткан Кошмо Штаттарсыз буга жетишип болбойт». Мындан тышкары, Вашингтон менен күчөп жаткан кескиндик (израилдин) азыркы өзгөрүүчү стратегиялык абалын дагы да начарлатат. О.э. аскерий самолёттор, бутага таамай тийүүчү куралдар туурасындагы маанилүү келишимдерге тоскоолдук кылат. Ыктымал, яхудий баскынчылары америкалыктардын (израиль) коопсуздук жана аскерий түзүлүштөрүнө каршы кошумча чараларды көрөрүн күтүп жатышкандыр. Мындан тышкары, Нетаняхунун Америка кулагандан кийинки күндү күтүп, Кытайга эшикти ачууга үндөгөн (израилче) чакыруусуна жооп катары Америка тарабынан ага карата жеке чаралар көрүлүшү да ажеп эмес.

**Ал-Ваъй:** бул кабар яхудийлер арасында коркуу, коркоктук жана башкаларды жактырбоо элементтери тереңдешип жатканын көрсөтөт. Ошондуктан, алар кооп-коркунучту башкаларга караганда батыраак сезишет. О.э. бул кабар Американын кулашын күтүү саясий мамлекеттердин сахна артындагы талкуу темасы болуп калганын баса белгилейт. ❑